Скырг
О-96

# Ош кайрыктары



Скырп
О-96

# ОШ КАЙРЫКТАРЫ

*Ырлар*

Токтогул Сатылганов
Ош облустук китепкана
ИНВ № 486724

БИШКЕК – 2023

Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана

УДК 821.51-1
ББК 84 (5Кир) – 5
О – 96

О – 96 **Ош кайрыктары:** *Ырлар жыйнагы.* – Б.: «MirAs print», 2023. – 272 б.

ISBN 978-9967-9436-8-1

ISBN 978-9967-9436-8-1

УДК 821.51-1
ББК 84 (5Кир)- 5



## БАШ СӨЗ

Москва шаарында 2010 - жылы «Москва кайрыктары» адабий чыгармачылык клубу түзүлгөн. Клубга көр тиричиликтин айынан көчмөн болуп, жан дүйнө табиятынын үнүн басып, жашоо менен алпурушуп, күн кечирүүгө мажбур болгон чыгармачыл мекендештердин башын бириктирген элек. Жашоо - күндүк кара курсактын камын көрүү менен эле чектелбесин, руханий дүйнөсүз көкүрөк жетим, келечек бүдөмүк болоорун түшүнгөн мекендештер багытын түздөшкөн.

Өзүбүзгө өзүбүз дем, күч берүүчү булак болгон адабий чыгармачылык уюмубуз - бул күндөрү арышын кергени - утук жеңишибиз - жалпы мүчөлөрүбүздүн ынтымактуу аракеттеринин жемиши, жыйынтыгы. Кайрыгыбыз казынага айланып «КАЙРЫКТАР КАЗЫНАСЫ» коомдук адабий бирикме уюму деп аталып, Россиянын Москвадан башка Санк Петербург, Екатеринбург, Новосибирск шаарларында жана Кыргызстандын ар бир облус аймагында бирикме өкүлчүлүгүнүн жергиликтүү баштапкы уюмдары жигердүү иштеп, үзүрлүү жеңиштери менен кубантып келет. Он үч жылдык эмгек жолубузда миңдеген таланттар катарыбызда такшалып, эл алдында жеке автордук китептерин чыгаруу менен акындык дареметин тартуулап, ийгиликтерге жетише алган таланттууларыбыз да арбын. Кыргызстан Улуттук Жазуучулар Союзуна жыйырма мүчөбүз кабыл алынды жана Россия Жазуучулар Союзу курамына алты мүчөбүз мүчө болушуп, акын жазуучу даражасына ээ болушту.

Бүгүнкү күнгө дейре, таланттууларды таптаган, алардын ким экенин элге тааныштырып, калем өнөрүн курчуткан жети жыйнак (7 томдук) жалпысынан жарык көрдү, учурда 7 томдук китебибиз «Московские напевы» деген

аталышта орусчага которулууда. «Бишкек кайрыктарынын» (2 том) эки жыйнак китеби чыкты. «Алайкуу кайрыктары бир» жыйнагын чыгарды.

Бүгүн «Ош кайрыктары «да тушоосун кескен турушат.

Кундуу сөз карыбасын билген мекендеш калемгер мүчөлөрүбүз, эне тилибиздин тазалыгын сактоо, келечекте тилибизди өнүктүрүү өстүрүү үчүн, улуттук кыртышта ой жүгүртө, кыргыз тилибиздин көркөмдүгүн, улуттук маданиятыбызды чет жерде даңазалап жайылтып эле чектелбестен, Кыргызстандагы мамлекеттик китепканалар менен тыгыз байланышта болуп, Кыргызстан Улуттук Жазуучулар Союзу, Мамлекеттик Кыргыз тили комиссиясы, Маданият министрлиги, Республикалык «Кыргыз тил» коому, Миграция кызматы сыяктуу бараандуу уюм ишканалар менен биргеликте түркүн маданий иш чараларды өткөрүп турушат. «Жандоочу кийик аттырат» - дейт элибиз. Жакшы тилек жарым ырыс эмеспи «КАЙРЫКТАР КАЗЫНАСЫ» коомдук бирикменин түпкү максаты мигранттар арасынан жана жалпы эле кыргыз элибиздин талантуу акын-жазуучуларын таап, сүрөп, колдоп, дүйнөлүк аренага алып чыгуу! Дүйнөлүк дөө-шаа калемгерлер арасынан аты чыккан кыргыз атуулу биздин уюмдун арасынан чыгып калуусу ажеп эмес!

Бул жыйнак китепти чыгарууда эмгеги өткөн «Ош кайрыктарынын» жетекчиси Машаева Бактыгүлгө ыраазычылык билдиремин!

Ниетибиз түз, максатыбыз кең! Бар боолоу, бирге боолу замандаштар!

***Багыт Бапанов**. «Кайрыктар казынасы» коомдук адабий бирикменин төрагасы. «Москва Кайрыктары» адабий клубунун негиздөөчүсү. Кыргызстан Улуттук Жазуучулар Союзунун ардактуу мүчөсү. Маданияттын мыкты кызматкери.*







**Машаева Бактыгүл Турдумаматовна** – 1968-жылы 4-декабрда Кара-Кулжа районунун Сары-Камыш айылында төрөлгөн. Кесиби экономист, мугалим. 1 уул, 2 кыздын энеси, 4 неберенин чоң энеси. Түштүк аймак боюнча кайрыктардын төрайымы.

## КЫРГЫЗ ТИЛИМ АЛГАЧКЫ ТИЛ ААЛАМДА

Кыргыз тил мен, кыргыз тил сен билгенге,
Тилибиз бар, ошон үчүн пирмин де.
Бул жөн тил эмес, тереңдерде тамыры,
Олуттуураак абал сүйлөйт бил өз тилинде.

Чабал болбо, түп тамырың ким болгон,
Кыргыз болгон, анан башка эл болгон .
Жоочан болгон аялы да эркеги,
КЫРГЫЗ атын уккан элдер сес болгон.

Тарыхта бар изилденген бардыгы,
Аска-зоолор айтат бардык сырларды.
Найза-кылыч чабышышкан баатырлар,
Давердестер окшошушкан Гунндарды.

Жер кезишип илимпоздор топтолгон,
Эң биринчи жазууларга токтолгон.

Енисей, Алтай жерлеринде жашаган,
Таш чегишип, Кыргыз атам эн койгон.

Ал чегимдер тарыхыбыз далили,
«РУН»дар дейт түшүрүлгөн белгини.
Дагы канча ачылбаган сыр жатат,
Тарыхчылар жазып чыксын- «биздики».

Бул не деген кереметтүү баалуулук,
Болгон тура бардык жактан каруулук.
Өз тилиңди чанып өтсөң башкага,
Анда эле шорлопсуң сен арбак уруп.

Кыргыз тили бабалардан калган тил,
«МАНАС» өзү айгинелейт түшүнгүн.
Не бир укмуш токтоно албай күнү-түн,
Каралаев айтып бүтпөйт дүбүртүн.

Бул тил менен дүңгүрөткөн Кыргызды,
Аалам тааныйт эмгегинен Чыңгызды.
Кылымдарды кылымдарга карытаар,
Алп жазуучу түбөлүккө айтылаар.

Кыргыз тилде жазган шедевр акындар,
Үлгүрбөгүн Алыкул айтып сырларын.
Тең келүүгө мындай ырчы жок чыгаар,
Ушул тилде Ырысбай төккөн көп ырлар.

Айта берсем тилдин баркын токтобойт,
Мекениме көлөкө да жолотпойт.
Колду коюп көкүрөккө ырдачуу,
ГИМНим бар сыймыктанган, ардактуу.





## МАНАС КЫРГЫЗ ЭНЦИКЛОПЕДИЯСЫ

Миң-миңдеген эпизодду камтыган,
Эпос өзү -поэмадан океан.
Орто Азия элдеринен байыркы,
Этнография түзүмүдүр чындыктан.

Үч миллион ашык саптан жазылган,
Элүү аша вариантта айтылган.
Залкар «Манас»- улуттук энциклопедия,
Кыргызымдын-кыргыздыгын батырган.

Түптөндүргөн, түрк элине Баш Ата,
Биздин элден жайылгандай салттар да.
Тарых таасын мааниси бир сөздөр көп,
Окшош мүнөз, кийим, тамак-аштарда.

Ак каранын айыгышкан тиреши,
Алсыз менен алдуулардын күрөшү.
Адилеттик сайран куруп, жол улап,
Жашоо таймаш билинбеген түгөшү.

Бул керемет ооздон-оозго агылган,
Деңиз эмес, океандыр жайылган.
Чындыгыдыр духу бийик Кыргыздын,
Бул жөн эмес, дүйнө элин арбаган.

Ала-Тоодой кебелбеген баатырлар,
Тоскоолдукту таман алды калтыраар.
Таза кандуу улут улап энелер,
Душмандар да тең келбеген басынтаар.

Салт-санаалар, тиричилик, үй-бүлөө,
Оюн-зооктор, аш-тойлору күрдөнө.
Маданий да, ички-тышкы саясий,
Баатыр элди айгинелейт күрөштө.

Сыймык менен жаза берем даңктана,
Эч ким түтпөйт, түбү терең казганга.
Өйдө-ылдыйды кенебестен жол баскан,
Кылымдардан кербен сымал кыр ашкан.

Манас өзү-жердегиден асманга,
Эмне болсо бардыгы бар камтыла.
Илимпоздор бүтө албаган изилдеп,
Сырларына акыл жетпей таң кала.

## УЛУУЛУК БАР ТҮЗҮЛГӨНДӨЙ ТҮБӨЛҮККӨ

Кыргызды-кыргызсың деп түптөп кеткен,
Кыргызды-кыргызсың деп тактап кеткен.
Кыргызды түбөлүккө журт болдуң деп,
Кыргызга бата берип алкап кеткен.
Кыргызды башка элге басынба деп,
Кыргыз элин туура жолго саптап кеткен.

Эл-жеринин, кымбаттыгын, асылдыгын,
Сактоо үчүн эр сакчыга үндөп кеткен.
Ынтымактуу, бирдиктүү эл беделин,
Жаратkandан уланышын тилеп кеткен.
Улуттун нарк-насилин, салт-санаасын,
Урпактарга адат кылып баштап кеткен.
Санжыралап айкөлдүгүн, баатырдыгын,
Элине сабак кылып таштап кеткен.





Манасчы көп, көч башы-Саякбайдай,
Албууттанып айтканда токтоно албай.
Ооз ачканда сөздөр келет куюлушуп,
Бул баатырдын касиети табышмактай.
Колдор кетет шилтенип, малдаш куруп,
Көз жумулуп, ооздон көбүк чубуруп.
Баатыр Манас жоону артка сүрдүрүп,
Бара жатат катуу сүрөөн ат дүбүрт.

Кыргыз үчүн эпос өзү бир дүйнө,
Уютулган өнүгүүгө көрөңгө.
Маданият, адеп-ахлак бийиги,
Ошондо эле түзүлгөндөй бир өңгө.
Айбаты бар, колдоочусу колдогон,
Баалап, барктап түйөлүчү жүрөккө.
Улуулук бар, аруулук бар, сөөлөт бар,
Даңазалап, карманалы түбөлүккө.

## ЖООМАРТ БОЛГУН ӨМҮР СЕНДЕН СУРАНАМ

Мен өмүрдү барктоо менен сүйүп келем,
Урматтоого татыктуусуң, сыйың белен.
Билүүгө канча аракет кылсам дагы,
Чечүү кыйын, билемин сырың терең.

*Кайырма:*
Өмүр, өмүр кенен болгун,
Шыдыр болсун алга жолуң.
Тоскоолдукту кенебестен,
Узактарга жайгын торуң.

Тирүү жандын баары сага байланган,
Күңүрт эмес ачык болсун айланаң.

Аманаттыр адамдарды аячы,
Үмүт бергин, бир өмүргө карманган.

Тартуулагын пенделерге өзүңдү,
Ток жашасын, өкүнтпөстөн көңүлдү.
Бактылуулук эң биринчи сендендир,
Жоомарттана шыр бергиниң сөзүңдү.

## УЛАЙЛЫЧЫ ИЗ КАЛТЫРЫП ТАРЫХКА

Биз Манастын урпагы деп жар салып,
Даңктанабыз, мактанабыз чарчабай.
Бабалардын дүбүртүнө тең келип,
Кете алдыкбы алга карай «чаңдабай».

Убагында Улуу журтка калкалап,
Кээ бир элдер кошулган дейт пааналап.
Суранышып душмандардан басынып:
«Кошкун Баатыр бооруңа ал, эл кылып».

Мына ошондо айкөл Манас жок дебей,
Тегиз ойлоп, бир боорундай кенебей,
Башын ийген бөтөн журтту бөлбөстөн,
Аман сактап калган дешет кебелбей.

Ушундайча таасын болгон тарыхта,
Кыргыз десе апкаарыган касы да.
Кыргыз деген улуулукту аныктап,
Кайра кайтсак баягыдай калыпка.

Бизден кийин баш көтөргөн коңшулар,
Өкүндүрөт өнүккөнү алдыга.





Келгилечи бир муштумдай биригип,
Улайлычы из калтырып тарыхка.

## БОЛБОСУНЧУ ТАРЫХ КАРЫП

Эң биринчи «эндер»-белги бизден болсо,
Байыркы эл кыргыздар деп болжолдонсо.
Эл экенбиз алгачкы ҮЧТҮН -БИРИ,
Айкындалган тарыхты терең ойсо.

Илимпоздор таянышып казууларга,
Бабалардын колу тийген жазууларга.
Сүйлөшөт көп элдерде окшош сөздөр,
Илинчек бар изилденген табууларда.

Кандай күчтүү эл болгонбуз сыймыктанаар,
Жазуудан тажабаймын, көп жазылаар.
Изилденбей болсо эгер тарых карып,
Көп жерлер кыскартылып туюкталаар.

Улуу жолдо түздөнгөндө кылчактабай,
Күчтүү өлкө болмокбуз мындан далай.
«Улуу кыргыз элденбиз түбүбүз» деп,
Өздөрү эле айтышмак кайра самай.

Тартылган таштардагы ар кыл сүрөт,
Эстеликтер-ошондогу таштар сүйлөйт.
Канча кылым, канча доор өтсө дагы,
«Билип калсын», дегенсип күдөр үзбөйт.

Көп жерлерде жолугат «муюган таш»,
Сөлөкөтү адамдын-суз турган баш.

Түбөлүктүү тургандай жол көрсөтүп,
Бир бөлүгү тарыхтын- өзгөрбөс таш.

Канча муундар улам-улам алмашса да,
Муюганы-муюган тик карашпай.
«Мына биз-сен, биздей бекем түптөрүң» деп,
Улуу таштар сыр сакташат узак карай.

## АКЫҢ ЖОК ӨМҮРДҮ СЕН ШАШТЫРГАНГА

Сен тооруба пенделерден алыс болгун,
Өчүң барбы, шашылбагын калыс болгун.
Ымыркай бар жаңы келген аруулардан,
Дитиң бурба, ажал болбой көзүң соолгур.

Адамзатты айланбай ыраак кеткин,
Какшатканың жетишет азап бердиң.
Үй-бүлөөдөн ажыратпа жаш балдарды,
Энеси мээрим төгүп эркелетсин.

Апаат берип жер жүзүнө жакындаба,
Акың да жок өмүрдү сен шаштырганга.
Капысынан бүлүк салып ажыраттың,
Эки жаштын арзууларын табышканга.

Ашык кеттиң оздуругуң бекем карма,
Сен жарыктан ыраак болгун ордук салба.
Бакыт кушун кармаган жубайларды,
Абайла, бөлүп салып зар какшатпа.

Боздотуп ыйга салдың аталарды,
Кыйнадың жетимдетип жаш балдарды.





Жер чапчытып, кан жуткан энелерге,
Салып кеттиң кылымга кайгыларды.

Унут калып аталбай атың өчкүр,
Жер жүзүнөн адашып ордуң көчүр.
Шылтоолоп адамзатка колуң салба,
Жоголгун, түбүң менен из калтырба.

Дүйнө эли алга карай бир бололу,
Суналы бирибизге достук колду,
Түрк туугандар кыйын күнгө кабылганда,
Ар тараптан колдойлу боордошторду.

Аалам эли биригип элдешели,
Бирге бол деп, Жараткандын эскерткени.
Бирибизге-бирибиз камкор болсок,
Тарыбай, пейилдердин кеңейгени.
Адамзаттын өмүрү бийик турат,
Ажал дагы билсинчи жеригенди.

## БИЗ ТООЛУКПУЗ

Биз тоолукпуз ошондуктан мактана алам,
Нукуралуулук - жан дүйнөмдө калыптанган.
Тоолор менен төрт тарабы чиркелишкен,
Туулган жерим сени менен даңктана алам.

Каадабыз бар, насаат ала жол улаган,
Тазалыкты бир өмүрлүк тандап алган.
Шар-шар сүйлөп, шайыр калкбыз тартынбаган,
Биздин сапат- бирөөгө кек сактабаган.

Өжөр калкбыз билгендерин бербеген,
Ишке ашырган ойлогонун дегдеген.
Эң башкысы касиети жомарттык,
Баары бирдей кош колдогон берешен.

Кайырма;
Асманымда бүркүт учуп шаңшыган,
Аппак карды чокулары жамынган.
Жигиттерим ат үстүндө ойносо,
Бийкечтерим сулуу ак куу талпынган.

## ААЛАМ СИЗГЕ ТЕҢ ЭМЕС

Кечээки эле беш көкүл кыз эркече,
Айланыптыр бейиш таман энеге.
Бүлө күтүп, бала сүйүп элжиреп,
Мээриминдей мээрим жоктур тең келе.

Кучтүү жоктур кебелбеген энедей,
Жүктөп алып оор түйшүктү кенебей.
Кыйналса да, кысталса да баарына,
Бала үчүн шарт түзүшөт белендей.

Жүрөктөрүн кармап алып колуна,
Тартуулоого даяр тутуп жолуна.
Энелерим чүрпөсү үчүн түйшөлгөн,
Бекем кысса кубат алат бооруна.

Күнгө теңейм, нурун чачкан ак таңда,
Жазсам ырым көрктүү чыгат саптарда.
Бажырайып, жайнап түнкү жылдыздай,
Толгон айдай көрк бергендей асманда.





Асыл жансың тең келээр жок ааламда,
Тең келбестир мөлтүр булак суулар да.
Жытыңызга кызыл-тазыл гүлдөрдүн,
Истери да тең келбестир талаада.

Коңур үнүң теңебеймин булбулга,
Боорукерим азар бербес эч жанга.
Сездирбестен туюмдарын сактаган,
Сыр сандыгын бекемдеген кулпуга.

## ПЕНДЕЛЕР ДА МЕЗГИЛГЕ ОКШОП КАЛСА ЭМНЕ

Мезгил, мезгил алмашасың ирээт менен,
Жылдагыдай милдетиңди өтөп кенен.
Билгенимдей ар бириңде керемет бар,
Ысык-суукту камырабай тартып келген.

Жай мезгили наристедей, жазым-бала,
Күз мезгили токтоо тарта жоомарттана.
Кыш мезгили ак сакалдуу карыядай,
Олбурлуудай, каардуу карайт баарына.

Адам ата жаралгандан башталып,
Изин бузбай кезек менен айланып.
А адамдар шүгүр кылып жыл тосконго,
Картайганын сезбегенсип алданып.

Шашпа мезгил өчөшкөндөй алдыга,
Бараар жериң кайталанма, келет кайра.
Пенделер да мезгилге окшоп калса эмне,
Өзгөрүлбөй, айланышып келчүү жайга.

## БЕРТИК

*(Ырым-жырым)*

Ырымдардан айта кетсем бири- «Бертик»,
Жазбай койсом көңүл тынбайт, болоор кемтик.
Таң калыштуу колдонулса «эми эм» деп,
Дене боюң тазалансын ооруң кетип.

Кошуналар сурап келчү, мен да баргам,
Чоң атам септи тапкан аны танбайм.
Такылдатып эшик ургам сүйлөбөстөн,
Кыңырайтып, чөмүч сунгам көрүнбөстөн.

Чөмүчтү көрөөр замат үйдүн ээси,
Түшүнгөн ооруксунуп калган белди.
Жети үйдү кыдыргам эсимдеги,
Ун, тузун, талкан, майын салып берди.

Чогулганды ысык жууруп белге тарткан,
Оронуп, тердөө үчүн жылуу жаткан.
Анан эле даарысыз куландан соо,
Турушуп кайра эле ишке кайткан.

Ушундайча ырым-жырым сыйкырлары,
Биле жүргөн ашык эмес бул сырларды
Кичинемде атакем бизге белин,
Тебелетчүү тегиздеп далыларды.

Жок болгон азыркыдай көп оорулар,
Заманбаппы? Грыжа, бут оорулар.
Укалоонун түрлөрү көп санай келсе,
Күчтүү болгон токтон дагы биздин буттар.





## ЭКИ ЖҮРӨК

Токтой турчу, бир аз мага карачы,
Көргөн күндөн жүрөк сени самачу.
Эмнегедир булкуп алып, дүкүлдөйт,
Тоң жүрөгүң жибитчи, сен аячы.

Эки жүрөк жолугаарын күтүшүп,
Мерездиктен кутулсунчу түңүлүп.
Аалам жаркып, орун берсин бурчунан,
Жаркылдашсын, кош жылдыздай күйүшүп.

Сүйүү бийик, кол жетпеген аска зоодой,
Тайгаланбай жетүү керек болбойт оңой.
Терендиги чалкып жаткан Ысык-Көлдөй,
Кышында да, жаздай болуп аккан тоңбой.

Ал бир узун, узак болоор жок аягы,
Жете албай, жетем менен бараар жайы.
Аруу, ыйык сактоо керек карек бердей,
Морттугу бар, бирикпеген сыныгы.

Аптабы күч, чыдоо керек соолубай,
Суугу ызгаар, туруштук бер тоңубай.
Эки жүрөк бирдей согуп жашасын,
Таш боорлукту ташта көңүл оорутпай.

Бирде назик, жыты аңкыган аппак гүл,
Бирде болот каптагандай кара түн.
Мээрим менен жүрүшсүнчү жанашып,
Жылыткандай асмандагы нурлуу күн.

Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
НЕГИЗГИ ФОНД
БӨЛҮМҮ



Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 486724

## СӨЗ

«Сөз» дегенди айткым келди сөздөр менен,
Өздөрүнөн курап алып ырды белен.
Сөздү чойсоң кете берет жети кабат,
Асманга, жерге дагы жойлоп терең.

Адамдын кубанычы, кайгысы да,
Айтылат таарынычы, сагынчы да.
Келечекке багыт алчуу ой-тилектер,
Өткөн-кеткен эсте калган баарысы да.

Жашоодогу утуштар, жетишкендик,
Арман кылган кемчилик, кетилгендик.
Кээ кездерде ойлогондой боло бербейт,
Жеңиштин каршылыгы жеңилдендик.

Тегиз эмес ар кылдыр колдо манжа,
Тоголоктур келе берет ар бир башка.
Өйдө-ылдый жашоонун мыйзамыдыр,
Көтөрөсүң башка түшсө жоктур арга.

Баарынан керек мага балдарымдын,
Амандыгы, дагы тилейм сактыктарын.
Жаратканым тегиз кылып ак жолдорун,
Тагдыр жолдо көрсөтсүн марттыктарын.

Мусулманды жолго салчу Куран китеп,
Мамлекетти күбөлөнткөн закон тирек.
Туу алдында ырдалуучу «Гимн» дагы,
Эң башкысы улутубуз «кыргыз» делет.





Андай болсо бардыгын сөздөр бийлейт,
Ысым менен адамды сөздөр иргейт.
Жакшы ишиң же болбосо жаман ишиң,
Мактоо айтып, суракты сөздөр тергейт.

## МЕЙКИНДИК

Асман дейбиз, төбөдө көк мейкиндик,
Асман дейбиз, кенен аалам чексиздик.
Меркурий, Чолпон, Марс, Плутон бар,
Чагылышкан миң бир сырдуу биримдик.

Жашоо улаган шар түрүндө Жери бар,
Түнү Айы, жарык берчү Күнү бар.
Асман тиктеп, ой жүгүртсөң ааламга,
Бир суктантчу, бир олбурлуу сүрү бар.

Караңгыда асман толо Жылдызды,
Кээде бүркөп туман бетин каптайбы.
Чартылдатып булут жарып чагылган,
Нөшөрлөтүп төгүп коёт жамгырды.

Тыгыздыгы катмарлардын ар кандай,
Аба ырайын кээде кылат нымдуудай.
Муздак аба кубулуштун өзөгү,
Мезгил менен аппак карлап тургудай.

Тирүү жанды багынтуучу күчү бар,
Арбап баарын алаканга салгандай.
Чексиз аалам жалгыз гана түбөлүк,
Баары өзгөрөт, ал өзгөрбөй тургандай.

## НАЗАРЫМДА

Ырлар менен таң сүрүлүп аткандай,
Ырлар менен күн да нурун чачкандай.
Нөшөрлөгөн жамгыр төксө токтобой,
Асман бизге ыр жаадырып жаткандай.

Жалбырактар түшсө калкып күздөгү,
Жылдыздардын жымыңдашы түндөгү.
Дарактар да шамал жүрүп ыргалып,
Сыдырым жел, ал да ырдын түрмөгү.

Баба дыйкан молдоп алса түшүмдү,
Кумурсканын ташыганы күкүмдү.
Баарынан да күчтүү сапты жазгандайм,
Айыл үйдөн чыккан кышкы түтүндү.

Аппак карлуу бийик-бийик тоолорду,
Мөңгү суусу ээрип аккан коолорду.
Мени жаз дейт коздоп гүлдөр жайнаган,
Арча, кайың, бадам өсчүү боорлорду.

Төрт мезгилдин айтам деген сыры көп,
Аалам чексиз, ырдын кени түгөнбөйт.
Эң баалуусу, жазсам бирден төгүлчүү,
Теңдештиргис баёо бөбөк күлкүсү.

## АШАР

Биздин жашоо болгон экен очор-бачар,
Түшүнүшкөн чакырышса «болот ашар».





Бүтпөгөн иш болбогон ал заманда,
Кол кабыш кылып бүтүрүшкөн заматта.

Айыл-апа уккандар бүт келишкен,
Аялдары тамак алып «али» дешкен.
Ак сакалдуу чоң аталар иш башы деп,
«Ак жолтой болсун» дешип баштап берген.

«Ашар» болгон өзүнчө чоң майрамдай,
Аял, эркек балбан күрөш, аркан тартмай.
Ылай үстү башташып чын таймашты,
Баткак болуп кийимдери, бети-башы.

Кыраан-каткы тизилишип тегереги,
Чоңу да бар, балдар келип ээрчигени.
Жыңалайлак бир-бирине бетке сүртүп,
Ойношкончо саман кошуп тебеленди.

Ынтымак, биримдиктин бир белгиси,
Оюн-зоок, ыр-күлкүлүү шапар тепки.
Ичип-жешип тегерете отурушуп,
Дастаркон толо даамды, бышкан этти.

Эсимде шаңдуу болчу айыл ичи,
Бардыгы бир кишидей биригиши.
Үй салса, чөптү орсо, кой кыркса да,
Ашар менен дароо бүтчү айыл иши.

## ПАМИРЛИК БИР БООРЛОР

Дээринен байырлаган баёо сезим,
Сынбасын дейм, сактагандай аёо сезим.

Куулук-шумдук аралабай азыркыдай,
Момун болгон илгерки кыргыз тегим.

Туугандарым арuулукту барктагыла,
Ушул мүнөз -баалуулуктан кайтпагыла.
Тоо боорунан көзөп чыккан булак өңдүү,
Ылайлабай тунук бойдон сактагыла.

Жалт карап, жалындаган кара көзү,
Чын дилинен айтылган ичтен сөзү.
Уяң жүздүү, тартынчаак, дилдери ак,
Ишенчээк, ыйман толо жүрөктөрү.

Жүздөрүндө нукура кыргыз өңү.
Баарыбызга бирдей го Мекен төрү.
Дүйнөдө кыргыздар көп Памирликтей,
Уланат, кербен сымал Кыргыз көчү.

Сүйүнттүрдү келгендери өз жерине,
Кошулушсун жашагандар башка элде.
Жер которуп өз элим деп үмүт арткан,
Боор ачалы ишеним бергендерге.

Түбүбүз бир, суу жүгүрткөн тамырлары,
Жандандырып унут калган салт-санааны.
Баарлашышат нукура кыргыз тилде,
Окшош сөз көп, түштүгүмдөй айтылганы.

Ынтымактуу эл ичинен чыгаандарым,
биримдикке үндөгөн кыраандарым,
кантсек дагы бир журтубуз каныбыз бир,
алга карай тең ташталсын кадамдарың.







**Маметова Зуурабү Алимбековна** – 1958- жылы 16- августта жумушчулар үй бүлөсүндө туулган. Мектепте окуган кездерде чыгармачылыкка кызыгып ыр жазып баштаган. Баткен облусунун Хайдаркан шаарында сымап комбинатында эмгектенип, ардактуу эс алууга чыккан.

«Ата журтум ыйыгым» аттуу китептин автору. Котормочу, жазуучу, акын. Кыргыз журналисттер союзунун мүчөсү. Казакстан Альманах китебине чыгармалары чыккан, көптөгөн казак, каракалпак акындарынын ырларын кыргыз тилине которгон, казак жазуучу, акындар уюмунун мүчөсү.

«Үздік аудармашы», »Үздік талант»-деген тош белгисинин ээси болгон. 2020- жылы Россиянын» Женшина года» - номинациясына татыктуу болгон. 2022- жылы Россиянын Всеросийский славянский академиясынын «Академиги»- деген наам берилген .

Авган согушун ардагери деген орден, медалдар м-н сыйланган. Сыйлыктары: «Аалам алкагы», «Датка айым», «Ыйык тил», «Алтын калем». «Талантуу акын», «Калктын кадырман инсаны», «Мыкты жетекчи», көптөгөн төш белги, диплом грамота, ырaaзычылык каттардын ээси. Көптөгөн конкурстардын жеңүүчүсү.

Пирамида теле каналынын «Ыр кербен» теле долбоорунун Гимнин автору. Акындын ырлары көптөгөн газета журналдарга жарыяланган. Сегиз Альманах китептерге чыгармалары жарык көргөн.

Беш баланын энеси. Жыйырмадан ашык ырларына обон жаралып эл ичинде ырдалып жүрөт.

Бишкек-Чүй кайрыктар казынасынын координатору.

## ТАРЫХ СҮЙЛӨЙТ

Эзелки эки кылым, жолу узак,
Билимге Молдо Нияз койгон тузак .
Кыргыз деп согуп турган жүрөгү,
Атабыз зор билимге болгон булак.

Молдо Нияз атабыздын осуяты,
Өчпөгөн кылымдарга бүт насааты.
Мүрөк суудай билимге сугарылган,
Атабыздан, жети дубан кыргыз калкы.

Тамчы суудай суусаган өз элине,
Көзүн ачкан элдердин, жеткен жерде.
Күндөй болуп айланып бүт жер шаарын,
Орус, кыргыз, Өзүбек, индустарга,
Таанытkан Кыргызстан куттуу калкын.

Кытай, монгол, түрктөр да кызыгышкан,
Кыргыздарга чындыгы сугун арткан.
Бүркүттөй бийикте илим издеп,
Молдо Нияз уулуңар билим баккан.

Бийик тоонун уланы, жерди кезген,
Билим үчүн, эл жеринен алыс кеткен.
Кылымдардан кылымга аты өчпөс,
Санжыралуу эмгегин жазып кеткен.

Албууттанган Ак-Суу дайра күргүштөнөт
Молдо Нияз атын атап күңгүрөнөт.
Кылымдардан кылымга атын атап,
Өчпөс от жанып турат, тарых сүйлөп.





## БААРЫСЫ БААРЫСЫ МЕН

Турмуш жолун ...
Өздөштүрдүм деген да мен,
Ой толгоомду туура жолго салганда мен.
Тээ качанкы окулбаган эски каттай,
Сырым катып көөдөнүмө, каткан да мен .

Балалыкты ...
Баалабай өткөргөн мен.
Таскак салган мезгилге өксүгөн мен.
Турмуш жүгүн көтөрүнүп моюнума,
Дербиш сындуу жашоого сүңгүгөн мен.

Барактатып ...
Өмүрүмдүн барактарын,
Коргоп калбай өткөргөн, ошол да мен.
Кымбат болгон ден-соолукту аябастан,
Орулуу кылып койгон, ошол да мен.

Шамал болуп... Сапырылган ой санаага,
Көөдөнүмдү аябай, жүргөн да мен.
Кайра дагы өмүргө келбеймин деп,
Бушайман бул жашоодо жүргөн да мен.

## АЖАЛГА НААЛАТ

Заманамдын курулганы бир азап,
Жүрөк ооруйт, көздөн жашым куюлат.
Арман дүйнө кан куурултуп заматта,
Чеңгел салган ажал мынча кутурат.

Оо жараткан сактай көргүн пендеңди,
Жашоо үчүн, сени суйуп келгенди.
Жабыркатып кан какшатып ыйлатпа,
Унутпачы мээримиңди бергенди.

Жер силкинди, эчен жанды мойсоду,
Жаш экен деп, бөбөктөрдү койбоду,
Оо жараткан, сактай көргүн суранам,
Ажал көркоо деги неге тойбоду.

Балканактай бешиктеги баланы,
Ажал көркоо айткылачы аяйбы?
Беш күнчүлүк өмүр берип пендеге,
Жаратканым коргоп сактап калбайбы.

Кең аалам асманыбыз баары бирге,
Каныбыз жаныбыз бир дилибизде.
Жараткан сабыр бергин бир боорлорго,
Мүшкүл иш болбосунчу эч бир жерде.

Боздогон жашын төккөн жан болбосун,
Жаратканым кучагында бизди коргосун.
Түрк элим, дилибиз динибиз бир,
Бир боорлордун өмүр гүлү эч соолбосун.

Кан жутуп, элим мөгдөп ыйлабасын,
Жараткан токтурбочу көздүн жашын.
Баарыңарга сабыр тилейм ата Түркүм,
Кесепеттен эли журт сыздабасын!!!





## КАЗАК КЫЗЫ

КАЗАК кызы, аска ташка көрк берген,
Бир ажайып, эч нерсе жок силердей.
Келбетине түбөлүк көктөм орношкон,
Ыйман-ариет, уялашты бирдей көргөн...

Казак кызы, суунун өзүн тазарткан,
Бир өзүңдө аруулук бар кубанткан.
Кетпесин деп гүлдүү аалам булганып,
Жаратканым өзү ушундай жараткан.

Казак кызы, мен силерге ашыкмын,
Көркөмүңдү ырдаганга ашыктым.
Улутун сүйгөн, жадыраган жүрөгү,
Рух канын, тамырымдан актырдым!!!

Казак кызы, күлгөн кезде кубанып,
Асман асты кулпураары бул анык.
Бүт ааламдын жыйнап берсе байлыгын,
Наз күлкүңө алмаштырбайм, бул чындык.

*Автор: Ғайбулла Бекрурееев*
*Кыргызчалаган: Маметова Зуурабу Алимбековна*

## ҚАЗАҚ ҚЫЗЫ

Қазақ қызы асыл тасқа сән берген,
Ғажап тылсым ғаламат жоқ сендерден.
Мәңгі көктем келбетіңе қоныстап,
Ар-ибаңа ұялауды жөн көрген.

Қазақ қызы судың өзін тазартқан,
Саған ынтық тазалық кеп, құмартқан.
Кетпесін деп күлі ғалам бұлғанып,
Жаратқаның өзі солай жаратқан!

Қазақ қызы жәй күлгенде қуанып,
Аспан- асты құлпырады, ол, анық
Бар әлемнің жиып берсе байлығын,
Наз күлкіңе алмастырмайм, құрбан қып.

Қазақ қызы, мен, сендерге ғашықпын,
Мерекеңді жырлағанша асықтым.
Ұлтын сүйген жұдырықтай жүрекпен,
Рух қанын тамырымнан тасыттым!
Автор: Ғайбулла Бектуреев

## БҮГҮН МАЙРАМ ТУРБАЙБЫ

Майрам дешет, бүгүн сүйүү майрамбы?
Биз жактырган гүл бакчага барсамбы?...
Кырмызы түс, жаздын жыты жыттанган,
Сирень гүлүн, жыттап бүгүн алсамбы?

Сыртта жаздын, шаң шоокуму жайдары,
Жаштар жүрөт гүлдөй жайнап баягы.
Сен жана мен, жетишпеген бул майрам,
Сүйүүбүздүн жан чыдагыс арманы...

Баары муздак, супсак болуп көрүнөт,
Өксүк сүйүүм көз жаш болуп төгүлөт.
Кирпигимден кусаланган тамчылар,
Ылдый кулап, эриниме өбүлөт.





Жакшынакай сүйүшкөндөр кубанып,
Гүл көтөрүп, сүйүүлөрүн улантып.
Жүргөндөрүн көрүп көөнүм тоңгондой,
Томсоромун жалгыздыкка ууланып.

## ООБА ДЕСЕҢ...

Ооба десең, сактап келем, жүрөгүмдө өзүң бар,
Тагдыр мушу кыйын тура, сени мени кылды зар.
Тегирмендин парасындай айланган,
Мезгил айтчы...
Менде дагы, бизде дагы,
ала албаган деги кандай өчүң бар.

Мен билемин, сен билчүүсүң ...
Биздин сүйүү от эле,
Бизге окшош, ашыктар да көп эле
Өчүрбөстөн сактап келем аярлап,
Кетсең дагы, келбес болуп ишенбейм...
Жалгыз калдым ...
Тагдыр мушу, кыйын кылды мага эле.

Ооба, ооба ...
Кыйын күндөр жомок болуп өтүптүр.
Сени менден, бул шум ажал бөлүптүр.
Ажал деги күтө турса болбойбу?...
Сен тагдырым...
Эмне дейин, өзүң болдуң өкүмзар,
Жаратканга жалгыз койгон,
Менин дагы көкүрөктө өчүм бар...

## ӨКҮНҮҮ

Кезиктирбейт тумчуктурган күндөрүм,
Издейм бирок аянычтуу көздөрүң .
Жоодураган күлкү чачкан жүзүмдөн,
Сен көрбөдүң, өкүнүч гүлүм өскөнүн.

Аппак таңдар чайкап күндүн нуруна,
Таттуу күндөр, кеткен бизден жулуна.
Жылоологон жалгыз гана үмүттүн,
Тушоосунда жашап келем буюга.

Сенин кеткен жолуң карап өпкөлөп,
Кыйгач түшкөм жашоо жолун төтөлөп.
Эскеремин арман менен өкүттө,
Уул-кыз сүйгөн күндү эстеп экөөлөп.

Наалат айтам мен ажалга өпкөлөп...

## ЖЫЛДЫЗДАРДАН ЧЫРАК ЖАГАМ

Отурамын узун түн, кирпик какпай,
Мунарыктап көздөрүмдү уйку басат.
Тээ көктөгү жылдыздардан чырак жагып,
Ыр жаратсам, көөдөнүмдө үмүт жанат.

Тоо ташты кыял менен аралаймын,
Эргүү издеп эт боорумду жаралаймын.
Табийгаттын тилин таап сүйлөшүүгө,
Дилимди ырлар менен дабалаймын.





Учкул ойлор, бүт ааламга учуп барат,
Талыкпай эргүү издеп канат кагат.
Уурдатпай талантымды катып алып,
Кагазга жазып коюп жаным калат.

Уурдалган убакыттар кайтпас болгон,
Күндөргө качан, кантип көөнүм толот.
Кирпигим талып уйкум келсе дагы,
Түн менен сырдашпасам эргүү соолот.

Капкара түн ырыма билик болот.
Түндөгү жаралган ыр сырга толот.

## СҮЙҮҮНҮН ТҮРҮ КӨП БОЛОТ

Ооба да ...
Карлыгачтын канатындай дирилдеген,
Куттуу сүйүүм, тармакталып бириндеген.
Алсызданбай күчтүү бойдон турса экен,
Кол тийгис бийиктеги наркы менен.
Сүйүүдөн көңүл калуу болбосо деп,
Тынчсыздана берчүү болдум эртеңимден.

Ооба десең...
Кербен тартып убакыт өтүп барат,
Карылык да келе жатат, жайып канат.
Мекенге, балдарыма, бир боорлорго,
Балдай сүйүүм чындыгы ташып барат.
Керегеге тартылган парда сындуу,
Сезимим да сыр жашырып ичке катат.

Ооба да,
Карлыгачтай көктөм менен бажырайып,
Жүрөктө бир ажайып сүйүүм ташып.
Дарыяга куюп турган булак өңдүү,
Толкунга бардаш берет, мени басып.
Кум сымал куюлуп түшпөсө деп,
Коргоймун, мен сүйүүмдү жөлөйм шашып.

## АПАКЕ АПАКЕБАЙ

*(Обондуу ыр)*

Апакем апакем ай,
Кусага мен чыдабай.
Жолуңду күтүп жүрөм,
Күтүүдөн эч тажабай.

Балаңдын убарасын,
Тартсаң да кубангансың
Кубаттап дайым мени,
Акылга сугаргансың.

*Кайырма:*
Бул турмуш ыргагында,
Бир таттык жыргалын да.
Апаке, апакем ай,
Жаша сен ырларымда .

Баспасын кайгы капа,
Тартпачы эч бир санаа.
Оорубай аман жүрчү,
Суранам болбо капа.





Апаке апакебай,
Мээримиңе табынайын.
Мен сага жарык болуп,
Шам болуп жагылайын.

Апаке, апакебай!!!....

*1998- жыл 16- август*

## МЕН СЕНИ ТАПТЫМ...

Мен сени таптым...
Жашоодогу сапарымдан,
Махабаттын булганбаган барагынан.
Ийилип жүзүмдөй бышып турган,
Жаштыгымдын шагы ийилген сабагынан.

Мен сени таптым...
Жаштыктын гүл багынан,
Миң түркүн, табийгаттын жыпарынан.
Айылымдын жуусаң кетпес эч көөнөрбөс,
Ай нуру төгүп турган чубагынан.

Мен сени таптым...
Аруу таңдын шоокумунан,
Ай ааламдын көркү болгон тоолорумдан.
Каптаган ой санаанын баарын жеңип,
Мен сени таптым...
Ак сүйүүнүн жомогунан.

## ЧАҢКАДЫ БАЙКУШ КӨҢҮЛҮМ

Сабылып чарчап жан дүйнөм,
Буюгуп ыйлайт көөдөнүм.

Кароосуз калган гүл бактай,
Чаңкады байкуш көңүлүм,

Көңүлүм чаппай негедир,
Капамын билбейм, кимгедир.
Азоодой күчтүү жан элем,
Алсыздык балким жеңгендир.

Жашоомдун таттуу кезегин,
Өткөнүн неге сезбедим...
Ырларым жолдош болбосо,
Табылбас башка эрмегим...

Толкуну менен жашоонун,
Катыгез болуп келемин...

## ТАЛАНТЫҢ ЖАШАЙТ

Жолдошбекти эскерип жазгым келди,
Эргүүмө зор талант, түркү берди.
Жаңыртып Ала Тоону «Алма гүлү»,
Чиркиниң тамшандырган кыйла элди.

Сыбызгыган кайрыктары сүйүү ыры,
Төгүлүп махабаттын бүтпөс сыры.
«Кадамжайдын» аскасы, жылгасында,
Ырдап жүрөт чертилгендей жүрөк кылы.

«Сүрөтүңө» коштоп ырдап жаркылдаган,
Көздөрүң тирүү дале балбылдаган.
Ар сабында дарактын баригинде,
Жаңырат сүйүү ырың жалындаган.





Ырың өлбөйт, обондоруң тирүү жүрөт,
Өчпөстөн түбөлүккө өмүр сүрөт.
Кыргыздын баалап сүйгөн кулуну сен,
Урпактарың ырларыңды окуйт, сүйөт.

Жаңырып аласалып Исфайрам суу,
Өзүңдү эскергендей чыгарат буу.
Жараткан берген талант өчпөс болуп,
Жолдошбектин ырлары биз үчүн туу !!!

Улуу күн, сенин бүгүн туулган күнүң,
Ыр дүйнөдө өзгөчө го сенин сүрүң.
Аттиң ай, көп жашасаң эмне болмок,
Эрте өтчү жашоодо өмүр гүлүң.

## МЕКЕНИМ МЕНИН МУРАБЫМ

Мен ишенем, мекениме жериме,
Мен ишенем, карапайым элиме.
Кыргыз кызы болом мага бул сыймык,
Ишенемин мекенчилдик дээриме.

Мен сүйөмүн, Ала-Тоомду жайкалган,
Куттуу төрүн, жайлоолорун жайнаган.
Кумар канбайт, алыс жерде жүрсөм да,
Мекен сени, эңсеп дайым сагынам .

Мекениме чын жүрөктөн берилем,
Азабыңа чыдаймын деп эшилем.
Мээлеп турган душманга төшүм тосуп,
Коргоп алам, элиме сөзүм берем.

Мекеним деп , көксөгөн сезим көөнөрбөс,
Көөдөн ыйлайт, башкаларга көрүнбөс .
Сени сүйгөн, кара тору бир кызың,
Сагынычым көөкөр толоо төгүлбөс.

Мекеним сен, мүрөк суудай булагым,
Мен сыздасам, жөлөк болоор кубатым.
Көөдөнүмдү көкөлөтүп сугарган,
Мекеним сен, табылгыс менин мурабым!!!

Көөдөнүмдү көкөлөтүп сугарган,
Мекеним сен, табылгыс менин мурабым!!!

## МЕЗГИЛДЕР МЕНЕН ЖАШАЙБЫЗ БИЗ ТАБЫШЫП

Кышты узатып, кол булгалап турабыз,
Баар келди деп, гүлдөргө көңүл бурабыз.
Жаз кезегин күткөндөй мезгил кылчактайт,
Жылуулукка кубанып, колду алга сунабыз .

Теребел да жылуулукка бөлөнүп,
Бетегелер чыгат кайра төрөлүп.
Керемет, жаз көктөмү сыйкырлуу,
Бак дарактар жанданышат көгөрүп.

Кыш- жаз менен, жай - күз менен алышып,
Өз милдетин аткарышат жарышып.
Жаратканды мыйзамына баш ийип,
Мезгил менен жашайбыз биз табышып.





## ТҮСІМЕ КІРЕ БЕРМЕШІ

Түсіме кіре бермеші,
ұйқымды бөліп, түн қатып.
ойымды бөле бермеші,
жыр жазған кезде толғатып.

сенсіз де ұйқым мың құрау,
ойым да кеткен сан-саққа.
жанашыр досым жыр ғана,
сүйенерім де сен жоқта.

түсіме кіре бермеші,
сенсіз де түсім алдайды.
ойымды бөле бермеші,
сенсіз де сан ой торлайды.

сенсіз де ойлар жетерлік,
жүк болма артық сен келіп.
әдемі оймен жыр жазып,
жырменен жүрмін емделіп.

түсіме кірсең тек қана,
жыр боп кел, күліп тұрайын.
арайлап атар ақ таңнан,
сәттілік қана сұрайын.
түсіме кірсең тек қана.

*Автор: Алтынбек Сагындыков*

## ТҮШҮМӨ КИРЕ БЕРБЕЧИ

Түшүмө кире бербечи,
Уйкумду бөлүп түн катып.
Ойумду бөлө бербечи,
Ыр жазган кезде толгонтуп.

Ансыз да уйкум миң курак,
Чачырайт оюм ар убак.
Аяган досум ырларым,
Ишеничке жок сынак.

Түшүмө кире бербечи,
Ансыз да түшүм алдамчы.
Оюмду бөлө бербечи,
Кыйады гана таймашы.

Сенсиз да ойлор жетээрлик,
Жүк болбо артык сен келип.
Татына ойдо ыр жазып,
Ыр менен жүрөм эмделип.

Түшүмө кирсең жөн гана,
Ыр болуп келгин күлөйүн.
Апаппак аруу таңдардан,
Ийгилик менен гүлдөйүн.
Түшүмө кирген жөн гана...

*Автор : Алтынбек Сагындыков*

*Кыргызчалаган: Маметова Зуурабү Алимбековна*





## АЯЛДА КЫРК ЧЫРАК БАР

Үзүлөбү кантээр экен бул үмүт,
Жете алаар бекен, көктөмгө?
Омурткасы чыдайт бекен?
Кара булут, каптап ары көчкөндө.

Чыдаар бекен, сынаар бекен?
Кабыргасы, кайышпай.
Жетээр бекен, жаз кызына,
Буралган бели майышпай.

Чыда, чыда, тоң эриди,
Колдоп турат теңири.
Жер эненин жибип баштайт,
Алтымыш эки тамыры.

Силкинишип бошонушат,
Кар жамынган кырандар.
Жесир аял, жерлер түлөйт,
Аялда кырк чырак бар...

*Автор:алтынбек Сағындықов*

*Кыргызчага Которгон: Маметова Зуурабу Алимбековна Санта*

## ӘЙЕЛДЕ ҚЫРЫҚ ШЫРАҚ БАР

Үзіле ме қайтеді үміт,
Жете ала ма көктемге?
Омыртқасы шыдар ма екен?
Қара бұлт кеп, шөккенде.

Шыдар ма екен, сынар ма екен?
Қабырғасы қайысқан.
Жете алар ма көктем қызға,
Бұраң белі, майысқан.

Шыда, шыда тоң ериді,
Қолдағанда тәңірі.
Жер ананың шыда жібір,
Алпыс екі тамыры.

Бусанады, босанады,
Қар жамылған қыраттар.
Жесір әйел, жер түлейді,
Әйелде қырық шырақ бар...

*Алтынбек Сағындықов.*
*Астана қаласы.*







**Набиева Баринуса** – 1956 жыл 5-январь Өзгөн Районунун Жалпак Таш Айылында төрөлгөн. 1974-1976-жылдары Жогорку окуу жайды Бухгалтерия бөлүмүн бүтүргөн. Эки уул беш кыздын энеси.

Баатыр Эне! Жаш, окуучу кезден чыгармачылыкка кызыккан. «Өмүрдүн өр жолунда» аттуу китептин автору. Журнал газеталарга ырлары чыгып келген. Кайрыктар казынасынын Альманах китебине ырлары кирген ошондой эле «Талантуу калемгер» төш белгисинин ээси... «СОЮЗ ТАЛАНТОВ МИРА» достук акын жазуучулар уюмунун «Үздк акын» төш белгисин алган жана мактоо грамота дипломдор менен сыйланган. Көптөгөн конкурстардын жеңүүчүсү. Кайрыктар казынасынын Диплом грамоталары менен сыйланган. Келечектеги бир нече автордук китептерди чыгаруунун үстүндө иштеп жатат. Азыркы кезде ардактуу эс алууда чыгармачылык менен алектенип жүрөт. Кара-Кулжа кайрыктарынын активдүү координатору.

## ОРДОЛУУ ОШ МЕКЕНИМ

Ордолуу Ош, басып өттү тарыхты,
Кимдер кетти, кимге берди жарыкты.
Күңгөй бетте, канча пенде жатышат,
Карап көрсөң, «Сулайман тоо» тагыңды

Бишкегимдин, оодорат го салмагын,
Талдап көрчү чыны менен жалганын.
Жери кенен, ортосунда «Ак Буура»
Айланасын, аралап көр тармагын.

Жашайт кыргыз, башка тилде сүйлөбөйт,
Көп улут бар, эч аларга үндөбөйт.
Ар улуттун өз-өзүнчө салты бар,
Базар арзан, тамак аштан жүдөбөйт.

Ош шаарында ээн-эркин жүрөсүң,
Таза кыргыз өз тилиңде сүйлөйсүң.
Көтөр, кыргыз, көкөлөтүп желекти,
Урпактарды жакшы жакка үндөгүн.

## АЯН БЕРИП ТҮШ КӨРҮҮ

Манас жашайт кыргызымдын төрүндө,
Акыбыз бар ыр жаратып төгүүгө.
Канча кылым кандай жашап өткөнүн,
Төкмө акындын төгүп турган сөзүндө.

Аян берет түндөп жүрөт кыдырып,
Согуп турса мээлүүн шамал сыдырып.
Түйшөлгөн жан түш көрүүгө даяр деп,
Ыйык жанга, ыйман колун жылдырып.

Аян берип тарых бетин ачат деп,
Чын төгүнүн акындары жазат деп.
Көөдөнүндө көлкүп сыйбай турганын,
Төгүп-төгүп дастан кылып айтат кеп.

Түш көрүүнүн түгөнбөйт го түйшүгү,
Жүрө бербейт жер
Кыдырып ар күнү.
Аян берип дайым жүрсүн түшүндө,
Мүмкүн эмес бир түш менен бүтүрүү.





МАНАС жашайт элибиздин багына,
Жандап жүрөт аянчынын жанында.
Алыстабай айтып жүрсөң АЙКӨЛДҮ,
Олтурасың Ал олтурган тагына.

## ФРУНЗЕ

Фрунзенин оттору кандай жанган,
Ошол мезгил өмүр сүрүп кимдер барган.
Улуту кыргыз эмес орус болуп,
Ал ким болгон, тарыхта кандай адам.

Орус, кыргыз көөп улуттар жашап конгон,
Темирдей тартип менен закон болгон.
ФРУНЗЕ ишмер инсан көрүнүктүү,
Татыктуу болгон үчүн атын койгон.

Ушул ырдан, ар бир жаран таасир алат,
Ошол күнгө кайрылып жашап калат.
Автордун чыгармасы өтө күчтүү,
Обонун да уккан сайын кумар канат.

Чыгарма ыр түрүндө курч жазылган,
Тарыхты кыска нуска чагылдырган.
Шаар ичи чакан бирок коoздук берип,
Көз алдыңа көлөмү бүт тартылган.

Жөнөкөй студенттик көз караштан,
Таасирдүү элес алып ыр жараткан.
Поэзия сүйүүчү жарандарга,
Ыр менен оюн толук баяндаган.

## ФРУНЗЕНИН ЖАНГАН ОТУ

Ооба, кайрылып кайра бардым ошол кезге,
Китепти окуучумун кармап бетке.
Бак аралап жүргөн күндөр канчалаган,
Баардыгы тизмек болуп, түштү эске.

Үлбүрөп Жибек көнөк үстүбүздө,
Каранып кайра-кайра күзгүбүзгө.
Жаштыктын жанган тунук сезимдерин,
Ойготуп секин аста сүйүүбүзгө.

Уялып жашырчубуз жүзүбүздү,
Аярлап катуу чыкса күлкүлүбүздү.
Жигит кыз боло албай көпкө чейин,
Кат менен билгизчүүбүз сүйүүбүздү.

Ошентип ФРУНЗЕНИН жанган оту,
Максат болгон билим алып китеп окуу.
Кыз жигит катарлашып бирге басып,
Өткөн го студенттик күндөр чогуу.

## МУНАРАДАН МУҢДУУ ДОБУШУ УГУЛАТ

Өзгөндөгү мунарабыз муңканат,
Башка ТАРЫХ баяндаса суктанат.
Өтө сурдуу мунараны көргөндө,
Жүлүн зырп деп, жүрөк учун туйлатат.

Мунаранын тарыхы бар өзүнчө,
Санжырачы аталар айтат сөзүндө.
Дагы-дагы тастыкталат ТАРЫХЫ,
Ырга салсак, чыкпастыр го төгүнгө.





Мунарага жан киргизген акын жок,
Эгер кирсе, «жок» дегенге акым жок.
Кара сөзбү, ырга салган акынга,
Мунарабыз берет баасын көөнү ток.

Баш жагына коoздоп ТААЖЫ кийгизген,
Чеберлери «кышка» жанды киргизген.
Асман мелжеп туу чокуну багынтып,
Күлүмсүрөп күн шооласын тийгизген.

Мунара карайт жан жагынан өткөндү,
Карап турат токтоп көңүл бөлгөндү.
Кээ бир жандар өтүп кетет сырт салып,
Же мурунтан көз жүгүртүп көргөнбү.

Кыш кынашып канча чебер иштеген,
Ишенбесең, ичин көрүп чык деген.
Өзгөн эмес, «ОЗГОН ШААР» болгондо,
Чийип түбүн тегеректеп түптөгөн.

Айланасы көп улутка жык толгон,
Сүрөт тартып, жаш жубайлар ойногон.
Музыканын, үнү чыкса жаңырып,
Мунарада комузчу ойноп коштогон.

## БАЙЛЫК БИЙЛИК БИР КҮН КАЛАТ АРТЫҢДА

Атактуулар артка кара, пас болбо,
Байлык, бийлик дүнүйөңө мас болбо.
Чыкса алдыңан жардам сурап бир байкуш,
Мээрим төккүн, жүрөк катып таш болбо.

Келээр күндүн, кетээри бар жакында,
ХАН түбөлүк отурбаган тактыга.
Бир жылуулук бере албасаң жардамың,
Байлык, бийлик, бир күн калат артында.

Жаралган соң бирдей сенин катарың,
Жолуң окшош, жолго чыккан сапарың.
Беш манжаны бирдей тегиз дебеймин,
Текеберлер, үчүн ырды жазамын.

Канаат кылып барды жокко улаган,
Жакшы кебин таңдайынан чубаган.
Залкар өткөн заман өткөн эл өткөн,
чындык менен акыйкатты сураган.

## ТАБИЙГАТ АКЫН ҮЧҮН КЕН БАЙЛЫК

Өзөн бойлоп, суу жээгине бардыңбы,
Барган болсоң, бир чайынып алдыңбы.
күндүн нуру сылап өтүп бетиңден,
Мээ кайнаган аптабына жандынбы.

Суусуз өмүр, ырсыз көңүл ачылбайт,
Ырдап бийлеп жүргөн адам карыбайт.
Көөдөн толо көлкүлдөгөн сөздөрүн,
Ача албаса ырлар дагы жазылбайт.

Дарактар да суусуз тамыр жая албайт,
Алма багың төгүп мөмө ала албайт.
Арык толо аккан сууң болбосо,
Кабат-кабат этаж үйдү сала албайт.





Табийгаттын баасы чексиз сырлары,
Мукам чыгат кайрыктагы ыргагы.
Акын үчүн түгөнбөгөн кен байлык,
Табийгатсыз жаза албайбыз ырларды.

Ырды жазсаң обону да жаралат,
Сан жак эмес сапатына каралат.
Кубулжуган Тажатпаган үн болсо,
Ал обончу эл оозунда кала алат.

## ЭГЕМЕН ЭНЧИЛЕНГЕН ЭЛИМЕ

Отуз бир жыл оттой күйүп жаныппыз,
Көп өзгөрүш, болуп кетти жагымсыз.
Чубак балам, ыйман жолду багыттап,
Биз да уялып, намаз окуп калыппыз.

Көйгөйүбүз көп болсо да турмушта,
Намыс деген, өтө бекем кыргызда.
Бала-чака камын ойлоп бел байлап,
Чет элдерге чыгып кеттик жумушка.

Бийлик-байлык өзүбүзгө бергин деп,
Бөлүп алдык, жерибизди келгин деп.
Кайрагын да, сугатын да сугарып,
Мол түшүмүн, кампабыздан көргүн деп.

Кымбатчылык, өзүн-өзү актабай,
Базарда мал арзан болуп сата албай.
Кыйналганда, аргасыздан жаш муундар,
Башка өлкөгө чыгып кетти жата албай.

Мен да баргам Россия жерине,
«Убактылуу кайыр кош»- деп элиме.
Балдарымды сагынганда чыдабай,
«Кусалыгым» өтүп жеткен сөөгүмө.

Балдарыбыз турмуш жайды оңдоду,
Шартын түзүп, үйлөрүнө тоодогу.
Туура сарптап тапкан акча-тыйынын,
Короосунда толо козу-койлору.

Жакшы заман, жаманы жок дей албайм,
Жетишкендик болуп жатат бир кадам.
Интернеттен көп иштерди бүтүрүп,
Алыс-жакын салам жолдоп айта алам.

## АЛЫКУЛДАЙ АКЫН КАЙРА ТӨРӨЛСӨ

Алыкулдун ар бир жазган барагы,
Учурса да терезеден шамалы.
Жер жайнаган барактары күү чалып,
Шамал менен эл ичине тарады.

Жашоосунда, тайгаланган тагдыры,
Ден соолукка жанбай калды жарыгы.
Ооруса да колдон түшпөй калеми,
жазып турду ошол анын байлыгы.

Эл оозунда ар бир жазган ырлары,
Минбей калды ээр токумдуу тулпарды.
Ажал тооруп азап күндү өткөрүп,
Сүйүүгө да канбай калды кумары.





Ыссык-көлдүн аптабына чайканып,
Толкун жиреп, ыр шоораты жайкалып.
Көзүң жетпейт, учу түбү узакта,
Ырларынын тереңдиги байкалып.

Канча акындар ыр жазышты көлүм деп,
Ишенбесең жакын барып көргүн деп.
Алыкулдай акын кайра төрөлсө,
Өмүрүнө жүз жаш берип, анан жерге көмгүн деп.

Ырдын кенин казып кетти тереңдеп,
Келечек муун жаштар үчүн керек деп.
Түбөлүктүү түп нускасы тарыхта,
Китептерин сактап алгын белендеп.

## ЖОЛОН МЕНЕН МЕҢДИ ЭЖЕНИН ЖАШООСУ

Акын болуу оңой жумуш иш эмес,
жолдо жүргөн катардагы, киши эмес.
Ал бараткан тек кана бир жүргүнчү,
Акын карайт тегеректи бир элес.

Акын издейт олутту бир ойлорду,
Ал тандабайт узун кыска бойлорду.
Кези келсе жаза салат дептерге,
Бара жаткан алыс жакын жолдорду.

Жазмачынын жан дүйнөсү алыста,
Акын менен кошо чыгат жарышка.
Романды жаза салса аялы,
Акын экөө түгөй болуп калышка.

ЖОЛОН менен МЕҢДИ эженин жашоосу,
Залкарлардын болсо керек тандоосу.
Жакшы адамга өмүр ченеп берилген,
Болбогондур МЕҢДИ эженин каалосу.

Мына жашоо мына өмүр сапары,
Көбөйсүнчү акындардын катары.
Сын сыпаттап көңүлдөрдү оорутпай,
Жакшы иштерге тандап жолду басалы.

Акындар биз узун жолду улайлы,
Урпактарга из калтырып туралы.
Чыркыраган чындык үчүн күрөшүп,
Ажал келсе анан көздү жумалы.

## БАГЫТКА

Чын АКЫНГА! чыйыр жолду салыпсың,
Атың дагы затың дагы БАГЫТСЫҢ.
Жарыла албай жабыркаган АКЫНДЫН,
Ооруп жүргөн, ырларына ТАБЫПСЫҢ.

Баш көтөрүп! АКЫНДАРЫҢ жол тартты,
Колдон келген, ЫРЛАР жазып ҮН катты.
Татыктуу ЫР, талабына жооп берип.
ОРДЕН, МЕДАЛ көкүрөктөн жай тапты.

ӨМҮР! жашы ченеми жок дегенсиң,
МЕН сыяктуу АКЫНГА ДЕМ бергенсиң.
МАҢДАЙ тескей мен өзүңдү көргөндө,
КӨРӨГӨЧТҮК көсөмдүгүң Сезгемин.





ОН ЖЫЛ! АШКАН Эмгегиңдин, раатын,
АКЫНДАРДЫН көрүп жүргүн ЫЗАТЫН.
Өмүр жашың ден соолугуң чың БОЛСУН,
Кайда барба, САП башында ТУРАСЫҢ.

## ЖИГИТТИК ӨМҮР

Кандай жүрүп кандай өмүр кечирсең,
Жаш кезиңде билбей катаа кетирсең.
Өйүп жүргөн жүрөгүңдө так болуп,
Өчүрө албай орноп калган сезимден.

Сөөктөн урган бул зөөкүрдү дедирбей,
Түп тамырдын түбүнө доо кетирбей.
Кылым жашап баса турган жолуңду,
Кыя салып ортосунан кестирбей.

Жигит болуп төрөлгөн бир кездериң,
Жарыктыкты жайнап көргөн көздөрүң.
Уул төрөлдү эл журттуку болсун деп,
Унутушкан турмуштагы көйгөйүн.

Таттуу чыксын оозуңдагы сөздөрүң,
Көз жаш ыйга чайынбасын көздөрүң.
Жигиттиктин намыс арын сактасаң,
Ынтымакка ырыскыңды бөлгөнүң.

Жатып алып жылдыздарды санасаң,
Эсеп жетпейт сан жагына карасаң.
Ошол жылдыз сенин жашоо өмүрүң,
Жакшылыкка кадам таштап бара алсаң.

Туусун көтөр колго алып жашоонун,
Мекениңдин бейпилдигин ойлогун.
Аткара бил жигиттиктин парызын,
Үлгү болуп Жакшыларды колдогун.

## КӨЛСҮЗ КЫРГЫЗ ЫРСЫЗ ЧЫҢГЫЗ ЖАШАБАЙТ

Ыссык-Көлдүн аптабына чайканып,
Толкун жиреп мелтиресе жайкалып.
Көзүң жетпейт учу түбү кыйырма,
Канча карек көздө калды сакталып.

Кылым жашап канчаларды узаткан,
Кумду жээктеп ден соолугун чыңашкан.
Абаз кылып көп улуттуу өкүлдөр,
Тааныш болуп маектешип сырдашкан.

Кыргызымдын кармап турган туткасы,
Жылуулугу беттен сылайт кыш дагы.
Көлсүз кыргыз, ырсыз Чыңгыз жашабайт,
Мактанабыз! Туу тутабыз кыскасы

Аккуу жашайт көл үстүндө көрүнгөн,
Чыгаан инсан орун алган төрүмдөн.
Кен байлыгы Керме Тоонун боорунда,
Кум төрүмдөн алтын күмүш төгүлгөн.





## БИР САБАКТА БЕШ РОЗАМ АЧЫЛГАН

Розам бар, үй короомдо жайнаган,
Бир сабакка бештен гүлдү байлаган.
Ошол гүлдүн арасында чоңойгон,
Беш кызымдын Ай жүзүнө айланам.

Эшигин көр анан төргө өт деген,
Энесин көр анан кызын өп деген.
Кыз өстүрдүм беш көкүлүн сыладым,
Кыздарымды, Розага теңейм мен,

Күндөр жылып, күн сабалап өтүүдө
Куда келди, кулдук уруп төрүмө,
Бир-биринен кантип бөлүп коём деп,
Кете түштү кан жүгүрөбөй өңүмө.

Салт санаа бар бешөө бешке бөлүндү,
Эмгектенип пешене тер төгүштү,
Турмушунда туура жолду тандашып,
Аа мен үчүн, ай төбөдөн көрүндү

Эне баскан жолду узун чубады,
Өздөрүнө жетээр дүйнө курады.
Алды бештен, арты төрттөн уул кызды,
Кайын журттун урпактарын улады.

Уулумда бар уясынан орун тапкан,
Атасынын камчысын колдон алган.
Төрт кызыл гүл, эки уулду тарбиялап,

Ал да өзү, үлкөн ата болуп калган.
Берген камчы жанылышпай ээсин тапкан.

## УУЛ КЫЗДАН ТАПТЫМ НЕБЕРЕ

Жаралдың таалай багыма,
Жашоонун жанган шамы да.
Күткөмүн уулбу кызбы деп,
Экөө тең келди жаныма.

Жар салам аалам жалпыга,
Сүйүүдөн тамган тамчыга.
Атанын уулу болсун деп,
Ээ болуп берген камчыга.

Татыктуу түшкө оролуп
Таттуу уйкудан ойгонуп, .
Аллага шүгүр айтамын,
Ар убак туруп толгонуп.

Жанашам кыздын жанына,
Жараткан келбет жагына.
Болжолдуу жашка чоңоюп,
Олтурду турмуш тагына.

Ай өтүп жылдар жылышты,
Адеми турмуш курушту.
Небере жытын искетип,
Байма-бай келип турушту.

Аздектеп сүйөт балдарын,
Өксүтпөй айран каймагын.





Атасы келсе жумуштан,
Сурашып турат ал жайын .

Эки эмес жетөө болушту,
Чырайлуу болуп толушту.
Талпынып канат күүлөшүп,
Тууруна бекем конушту.

Мен үчүн бачым таң атып,
Ай карап жылдыз санатып.
Убакыт өттү билинбей,
Бала үчүн түйшүк жаратып.
Алага шүгүр деп коём,
Жетөө тең турса жанашып.

## ТАЗА ЖҮРӨК НАРИСТЕГЕ.

Ар бир иштин көзүн тапса көйгөйү жок,
Кай бир ишке көнбөгөндүн жөндөмү жок.
Мээрим төгүп өз баландай кабыл алсаң,
Таза жүрөк наристенин өгөйү жок.

Жамгырсыз, шибер чөптүн көктөмү жок,
Булгаса көлдүн жээгин, көркөмү жок.
Кылган ишти, кынтыксыз биле албасаң,
Көмүскөдө калып калды, көргөнүң жок.

Көрбөгөндүн көргөнү курусун дейт,
Көөдөнү жок келбей, сулуусуң дейт.
Ички дүйнөң ириңдеп турса дагы,
Кылган ишиң кимге жагып дурусуң дейт.

«Өгөй» – деп айтылган сөз жаман,
Жазыксыз бир бечара жетим калган.
Турмуштук келишпеген мамиледен
Тамак эмес, ууну жутуп бала чыдаган.

Аны кимдер калкалап башын сылайт,
Жан дүйнөсүн канатып кимдер булгайт.
Жазыксыз таза жүрөк наристени,
Муңканып кимдер баалап кошуп ырдайт,
Койнун ачып жараткан калаар сыйлап.

## ЖӨНӨП КЕТТИ КЫШ АЙЫ

Кыштын кетти чымыраткан ызгаары,
Эриди го, тоңу кетип муз дагы.
Жай жыттанды аба коштоп жыты аңкып,
Беттен сылап жылуулуктун ыргагы.

Жол бошотту, кыш милдетин өткөрүп,
Эркеледи ар бир үйгө, төргө өтүп,
Аман болгун, келээрки жыл келем деп.
Жөнөп кетти, Тон күрмөөсүн бөктөрүп.

Аз күн калды өрүк гүлүн төгөөрөгө,
Дыйкан чыгып эгиндерин себээрге.
Ажайып күн «Ай шооласы» чачырап,
Жер бетине тегиз тийип берээрге.

Төрт мезгилдин милдети бар, өзүнчө,
Март айы бар жамгыр төгөт көбүнчө.
Жайдын толгон июнь-июль айлары,
Алың келбейт ишке, көңүл бөлүүгө.





Жаз-күз өтөт, кыштын камын көргүчө,
Жан талашып, жер тырмайбыз өлгүчө.
Мезгил өтөт саат чыкылдап токтобой,
Ден соолукка карап көңүл бөлгүчө.

## АЙТ АРАПА ЫЙЫК КҮН

Келгилечи кечиришип жашайлы,
Жан дүйнөнү бир жашартып алайлы
Ооруп жүргөн көңүлдөгү капааны,
Ороп туруп сууга ыргытып салайлы.

Жакшы айтат жан дүйнөнү ойготуп,
Жаман айтат суук тилин сойлотуп.
Канжар болуп кан айланып өтөөрүн,
Жүрөгүнүн муздап жайда тоңоорун.

Ай батып күн таң шооласын чачаарын,
Аалам сырын айтып кимдер ачаарын.
Билбейсиң го кереметтүү кубулуш,
Күн күркүрөп ташкындап суу каптаарын.

Адамдар биз өзүбүзгө өзүбүз,
Жетип турат жакшылыкка көзүбүз.
Оорутушпай калтырышпай көңүлдү,
Жакын турат төрүбүздөн көрүбүз.

## АЯЛ ЭНЕ МӨМӨ БЕРГЕН БАК ДАРАК

Аял! сулуу сулуулугу ашынган,
Аял жылуу, жалын оттун табынан.
Жигиттердин, аткара, алат жумушун,
Акыл ою парасаты жагынан.

Аял! кенен акыл эсин бага алат,
Тар чөйрөдө татаал жолду табалат.
Өксүк, өмүр өкүнүчтүү күндөрдө,
Жан дүйнөңдү, жабыркатпай жайгарат.

Аял! сага өмүр бою аманат,
Барктай алсаң,
Мөмө берген бак дарак,
Чарчаганда, чаңкап турсаң чаалыгып,
Жүрөгүңө,
Суусун берип сугарат.

Уул! кыздарга апа, сага, сүйгөн жар,
Ак никеде, экөөнө тең укук бар,
Балдар үчүн паркы, баасы бийикте
Гүл жайнаган, көк шиберлүү аппак кар.







**Беккелдиев Ташполот** – 1956-жылы Ноокат районунун Кыргыз-Ата айылында туулган. 40 жыл КР ӨКМ нин Ноокат райондук бөлүмүндө эмгектенип, азыркы учурда өргүүдө. Чоң үй бүлөөнүн, 4 уул-кыз, 13 небере 1 чөбөрөнүн бактылуу атасы. Ноокат шаарында жашайт. Беш жүздөн ашуун ар түрдүү тематикадагы ырлардын автору.

## КЫРГЫЗ-АТАМ УЛУКСУҢ

Кыргыз-Атам атың ыйык, жер ыйык,
Кучагыңда жашап жаткан эл ыйык.
Көп кылымдар коюнунда жатышкан,
Кадыр туткан ата-бабам жайы ыйык.

Кыргыз-Атам карегимде дайым сен,
Кадырыңды бийик тутуп келем мен.
Кыдырсам да канча кооз жайларды,
Көрө албадым эч бир жайды сага тең.

Киндик каным бир өзүңдө тамызып,
Көркөмү кооз гүл багыңда багылып.
Кучагыңдан алыс жакка кетсем да,
Кумарланып, ар күн эстейм сагынып.

*(Кайырмасы)*
Кыргыз-Атам элиң барда улуксуң,
Кыргыз-Атам сендик үчүн улукмун.

Кылымдардан кылымдарга көч улап,
Кыргыз элим, бекем болсун конушуң.

## ШҮГҮР САГА

Ак көңүл, менин сүйгөн жароокерим,
Акылдуу, жандан шайыр данакерим.
Айланамды канча сулуу курчабасын,
Айтамын бактым жалгыз сен экениң.

Адашпагам көп сулуудан сени тандап,
Артыңдан ээрчигемин дайым жандап.
Алпештеп багып-тилеп, бой жетилтип,
Ата-энеңдер койгон тура мага камдап.

Ай жүзүңдө элден ашык жанып чырак,
Ар дайыма көпчүлүктүн көөнүн бурат.
Анекдот, күлкү-оюн сен жүргөн жер,
Айланаңдан, кээси келет күлкү сурап.

Атайылап күлкү-анекдот курагандай,
Айтышат го, жүрөбүз деп уга албай.
Айылдап келип-кеткен эл да жыргайт,
Айланада бирге жүргөн достор тургай.

Ачык айтам, менде жок эч бир санаа,
Алаа Таалам насип кылган сени мага.
Адаштырбай экөөбүздү эгиз кылган,
Айта берем, миң кайталап шүгүр сага.





## КАДЫРЛАГЫН

Кеңеше бил, акыл баккан көсөм менен,
Кезегинде сөз бага алган чечен менен.
Көп сүйлөбөй, көп угууну адат кылгын,
Көсөмдөр көп сенден өткөн эчендеген.

Корко жүргүн, көкүрөгү сокурлардан,
Көрө албас ич дүйнөсү жакырлардан.
Колтугуңда дос катары бирге жүрүп,
Кадырыңды өстүрбөстөн такырлаган.

Кайтарымы сөзсүз болот ар бир иштин,
Күттүрбөстөн атар таңы ар бир кечтин.
Кадыр таап, атың дайым калсын десең,
Калыс болуп ар бир ишти туура туткун.

Кадырлагын, сага кайтпайт өткөн түнүң,
Коромжусуз пайдалангын ар бир күнүң.
Колуңдан күч, көзүңдүн нур, акыл кетип,
Карт дарактай каржаярың эстей жүргүн.

## АЖЫРАТПА ЖАРАТКАН

Сүйүү менен түн узата, таң аткан,
Убакытты сезбей өтүп бараткан.
Уламыш го азыр айтсам жаштарга,
Биз кечирген студенттик тараптан.

Дилдер таза, алыс жаман адаттан,
Жүрөк сүйүп сулууларга жанашкан.

Чанып койсо ошол сулуу сүйүүңдү,
Кутулбайсың сүйүү деген азаптан.

Кыял кургур сулууларды саматкан,
Назик сезим, бүт эркиңди караткан.
Буйурганын тагдыр насип көрсөтүп,
Бир сулууга кошуп койду Жараткан.

Максаттар күч, бийиктерди саматкан,
Жетишүүгө жакшы кызмат тараптан.
Бирок турмуш болот тура ар башка,
Сурабастан чечип жатты Жараткан.

Түз жолуңда эл катары баратсаң,
Тагдыр түртөт тескер жолго адашкан.
Ташың кулап тээ төмөнкү коктуга,
Турмуш өтөт эч кутулбай азаптан.

Жашоодобуз, баары бала тараптан,
Кабак-кашын келиниңдин караткан.
Каарыганда оозур ушул турбайбы,
Кемпиримден ажыратпа Жараткан.

## АЛТЫН ТОЙ

Кадырымды бийик туттуң, арманым жок,
Калктын баары билип турат, жалганы жок.
Канча өтсөк да тайгак жол, тар кечүүдөн,
Кайратымдан жазып-тайып калганым жок.

Кээ бирлердей оош-кыйыш болгонум жок,
Көңүл калаар, кээ бирчилеп ойронум жок.





Колдон келген урматыңды бийик туттум,
Кадырыңды төмөн таштап койгонум жок.

Күтүүсүздөн арабызга салгандар чок,
Күткөн ойлор, максатына жеткени жок.
Көңүл калып, жаман-жакшы айтышууга,
Кээ бирлердей ушак-айың болгонуң жок.

Кудай берип кем ырыскы болгонум жок,
Келди-кетти, дос-жардан кемчилдик жок.
Көңүлүмдө уюп келет жагымдуу бир ой,
Келер жылда өткөрсөк деп "Алтын той".

## ООРДУҢ ЖАШАЙТ

Көңүлүмдү жыты аңкыган жаз кылып,
Качанкы бир жаш кезимдей азгырып,
Каректериң арбап, бийлеп дүйнөмдү,
Көзүң турду тик карабай наз кылып.

Көңүл кургур кайра баштан жашарып,
Калгандай бир бүт сезимим тазарып.
Каалгып учкан жүрөктөгү үмүттөр,
Кандайдыр бир күчөп барат оожалып.

Көңүлүмдө сулуу дайым жашай бер,
Кереги жок жүрөгүңдөн мендик жер.
Кайда жүрбө, кимдин жары болбогун,
Калтырбастан бүт сүйүүңдү ага бер.

Качандыр бир жолугарбыз бет келип,
Көз караштар бүгүнкүдөй туш келип.

Кандай болгон учурда да үстүрттөн,
Көңүлүмдө ордуң жашайт чектелип.

## СҮЙҮҮНҮ ЖАЗА БЕРЕМ

Сансыз ырлар сага арнап жаза берем,
Сонун сөздөн сүйүү отун жага берем.
Сага деген эргүүлөрүм түгөп бүтпөйт,
Сүйүү үчүн мен акында жүрөк кенен.

Суусундай, тоо булактын таза делген,
Сезимдерди катып жүрөм сага деген.
Сездиң бекен, сезбедиңби сүйүү жазы,
Сага арналган жүрөгүмдө орун белен.

Сүйөсүңбү, сүйбөйсүңбү кызыгы жок,
Сүйдүм мен, мага башка кереги жок.
Сен жашайсың болгону кыял менен,
Сага деген жашоомдо бош орун жок.

Сезимимди сени эстеп жарытамын,
Сенек учур көңүлүмдү байытамын.
Санаа каптап кээ учур кыйналганда,
Сенин наздуу элесиңе жылытамын.

## ПЕРИШТЕМ

Кусадармын, ай чырайлуу периштем,
Көзүм кыйбайт, жандап өтүп кетиштен.
Кетсем балким болор элем ыраазы,
Колуң кармап, чөлгө безип кетиштен.





Турна моюн, Ак куу кылып Жараткан,
Теңдеши жок бардык мүчөң жарашкан.
Тирилгенсип кыргызымдын Ак Мөөрү,
Тирүү жанды суктандырып караткан.

Көчө бойлоп бара жатсаң керилип,
Көңүл бөлүп баары карайт берилип.
Көз тийбесин, сөздөн алыс боло жүр,
Ким бул өзү, кимдин жары дедирип.

## ӨЛБӨС СҮЙҮҮ

Өзүңдү бир көрүүнү ойдо самап,
Өмүр кургур акырын өтүп барат.
Өзгөлөргө бактылуу сезилсем да,
Өзүм үчүн сезерлик жүрөк канап.

Өмүр кечтим кыялда бакыт самап,
Өмүр жолум болсо да каршы тарап,
Өтсө дагы ортодон мерез мезгил,
Өзүм эмес, мен өзүңө бакыт каалап.

Өктөмдүгүн көрсөтүп бизге карап,
Өжөр тагдыр койбоду бизди аяп,
Өткөөлдөрүн сүйүүнүн кече албай,
Өмүрүм күүгүмдөнүп, кечтеп барат.

Өмүрдүн да шамы өчөр күнү келет,
Өктөм мезгил өз акысын алат демек.
Өмүр бүтүп топуракка айлансам да,
Өлбөс сүйүү ырымда жашай берет.

## ЭЛЕСТЕРИҢ

Көзүмдөн кетпей сенин элестериң,
Ашсак да бир топ өмүр белестерин.
Жайнаган көздөрүңө тик тигилип,
Эркелетип, жыттагым келет менин.

Жандаша сейил бакта жүргөн кезим,
Жүрөктөн сага арналып ички сезим.
Жаныңдан айланчыктап кете албай,
Жан биргем болор элең жалгыз өзүң.

Ошол күндөр бүгүнкү күн бүт эсимде,
Жашап келет эскирбестен сезимимде.
Туу чокусу бакыттын деп сезер элем,
Биз өткөргөн ошол күндөр кезегинде.

Көз ирмем ошондогу кайталанбайт,
Күбө болгон бак-дарак да айта албайт.
Жылт эткен ак сүйүүгө күбө болгон,
Жалынды жалгыз жүрөк сактай алат.

## ӨЗҮҢӨ АРНАП

Өз териме жашап келем сыя албай,
Өз бактымды балдарыма кыя албай.
Өмүр өттү арман кылам кантейин,
Өзүңдү эстеп, сагынычым тыя албай.

Өзүмдөгү ички дартым билдирбей,
Өз атыма ушак-айың сиңдирбей.





Өзгөлөргө бактылуу түр көрсөтүп,
Өмүр өттү сар-санаалар бириндей.

Өзгө туйбас, курттай жеген сырымды,
Өзөк өрттөп бербес мага тынымды.
Өзүңө арнап көз жаш чылап жазамын,
Өмүр түгөп бүткөнчө көп ырымды.

## ЖАКШЫ СӨЗҮН УГУП КАЛ

*(Поэмадан үзүндү)*

Ата-эне да бул дүйнөгө бир келет,
Ар күн сайын эсендигиң миң тилеп.
Алды жакта канча өмүрү калганын,
Жараткандан башка дагы ким билет?

Ишиң шылтоо, убакыт жок барганга,
Кээде барып, бир жол кабар алганга.
Ата-энеңден кымбат дагы кимиң бар,
Айтчы балам, бир күнчөлүк жалганда?

Ата-энең зар, карааныңды көргөнгө,
Шылтооң даяр ага убакыт бөлгөнгө.
Жок жерден да убакытты табасың,
Дос-жар менен оюн-зоокто жүргөнгө.

Кеч болоттур, башка тагдыр салганда,
Ата-энеңдер кайтпас жерге барганда.
Мал-дүнүйөң, кызматың да жарабайт,
Ата-энеңди алмаштырып алганга.

Арман болор, ушул өткөн күндөрүң,
Миң элестеп ата-эненин үндөрүн.
Башың ташка урсаң дагы миң ирет,
Кайталанбайт, маек курчу түндөрүң.

Барып калсаң корстон болуп суйүнүп,
Кайтканыңда бар тапканын түйүнүп.
Небересин кайра-кайра жытташып,
Айланчыктап асты-үстүнө үйрүлүп.

Жөнө азыр, калбай кийин арманда,
Олтур, сүйлөш, чал көңүлүн алганга,
Көзү барда насаат сөзүн угуп кал,
Түбөлүктүү эч ким турбайт жалганда.

Жөнө бачым, кечикпей тез жөнөп кал,
Бирге олтуруп, жакшы сөзүн угуп кал.
Силерди деп ак баш болгон атаңдын,
Күмүш түстүү чачтарынан сүйүп кал.

## ЖАРАТКАНГА АМАНАТ

Жарк этесиң, жанга жагым баарынан,
Жүрөк байкуш чыга жаздап кабынан.
Жылмайыңкы ай жүзүңдү кыя албай,
Жараткандан бакыт тилеп жалынам.

Жүрсөң болду калк ичинде саламат,
Жаның болсун Жаратканга аманат.
Жылуулугун жүрөгүмдүн сезип кой,
Жакшы ойлорум бир өзүңө арналат.





Жылдар өтсүн, жыл артынан сабалап,
Жүрбөсөк да мен кылармын канагат.
Жароокерим менден айып көрбөгүн,
Жашап жүрөм жашым төгө, салаалап.

## ЖАКШЫЛЫГЫҢ- БЕЙИШКЕ ЖОЛ

Жашоодо таза болсун көңүлдөрүң,
Жаратканым узак кылар өмүрлөрүң.
Жакшылыгың бааланбай калса дагы,
Жакшынын катарынан бөлүнбөгүн.

Жакшы сөзүң дайыма жанда болсун,
Жакшы ой-максаттарың сынга толсун.
Жакшылыгың аябастан эл-журтуңдан,
Жалаң гана жакшы деген атка конгун.

Жыргалы, бул турмуштун ошол болор,
Жашооң шайыр-шаңдуу, ширин болор.
Жаратканым ар дайыма жолуң ачып,
Жашап өтсөң айтылчуу жомок болор.

Жамандан жаа бою кач, алыс болгун,
Жаманга шерик болсоң тарыйт жолуң.
Жакшынын шарапаты жалпыга дейт,
Жакшылыгың ачат сага бейиш жолун.

## АЙЛА ИЗДЕЙМИН

Ажарың ачылгансып күндөн-күнгө,
Акылымды арбагансып коюу түндө.
Адаштырып сезимимди уурдап барат,
Аяк-башын кубулжутуп ар кыл түргө.

Ай чырайың акмалаймын, жүрөгүм шок,
Ай ааламда мага теңдеш бактылуу жок.
Аздектеймин, кыялымда чачың сылап,
Азык болоор бир өзүңсүң көңүлүм ток.

Айта албай, бул дартымды жан адамга,
Айласыздан бараткансып терс кадамда.
Абийримди сактай көр Жараткан деп,
Адам пейли жардыланган бул заманда.

Айла издеймин, чыгууга бул абалдан,
Айыгууга жүрөктөгү карт жарамдан.
Аздектеген үй-бүлөмдүн бактысы үчүн,
Адашпоого өз жолумдан, түз кадамдан.

## КОНОКПУЗ

Ойлоп алып өтөр-кетер өмүрдү.
Оо жарыктык, өтө сүйөм өзүңдү,
Канча кымбат экениңди билсем да.
Бир күн узаар конок сезем өзүмдү.

Ооба-ооба, бир келүүчү конокпуз,
Жер Эненин кучагында жомокпуз.
Бул өмүрдөн ыйман жолдо узасаң,
Барарың чын, ал дүйнөгө тозоксуз.

Жомоксуң сен, урпактарың эскерсе,
Кылган ишиң эл журтуңа төп келсе.
Өмүрүңдөн үлгү аларлык из калып,
Атыңды эстеп, эли-журтуң баа берсе.





Эл оозунда жакшы делип калганың,
Ушул болор, бейишке жол салганың.
Урпактарың дайым тилеп бейишиң,
Адашпастан чын бейишке барганың.

## КЫШКЫ ТҮН

Кыштын түнү, аяз жүздү аймалап,
Көчөлөрдө ак кар, көк муз тайгалак.
Көңүл кушун көтөргөнсүп жай гана,
Көз тайдыра, жарык чачат ай тарап.

Кылак эте, сулуу кыздын кашындай,
Кемитпестен же сүзүшүн ашырбай.
Кең асманда калкып-сүзүп ай барат,
Кыш ызгаары, суугунан жашынбай.

Карч-курч этип баскан сайын таманың,
Кыроо каптап бети-башың, жамалың.
Күлкү менен ызы-чуусу балдардын,
Кайталангыс жыргалыдыр замандын.

Кышта ар жыл бул көрүнүш кайталап,
Көңүлдөрдөн эстен кеткис жай табат.
Кандай кооз болсо дагы жаз-жай-күз,
Кышкы аязда бүт тазарат чар тарап.

## ЖАЗДЫ КҮТҮП

Жарылгансып бак дарактын бүчүрлөрү,
Жол ачылып, ээрип сайдын кечүүлөрү.
Жалаңдатып кылычын "Чилде" баатыр,
Жолго аттанды, дайын болуп кетүүлөрү.

Жаз жакындап, кыш мезгил барат бүтүп,
Жаратылыш, жан-жаныбар баары күтүп.
Жылуу күндөр теребелди каптап келет,
Жаратылыш жан киргенсип, таасир этип.

Жагымдуусуң күткөн жазым биз адамга,
Жаратылыш, жан-жаныбыр бир далайга.
Жанга жагым, укмуштай чоң таасир этип,
Жашоо берип, көктөм кирип бүт ааламга.

Жазды күтүп, чебеленет Дыйкан-Баба,
Жараткандан тилеп-сурап жакшы аба.
Жыйнаштырып кетмен-күрөк, арабасын.
Жакшы үрөөндү тандап коюп алдын ала.

Жанын үрөп, өстүргөн көп мөмө-чөмө,
Жай саратан маңдай терин тынбай төгө.
Жылуу-жумшак болуп турса күткөн аба,
Жараткандын бергени дейт, оозур көрө.

Жараткандын сүйгөнү дейт Дыйкан-Баба,
Жайды-жайлай кызмат кылган сага-мага.
Жоодур буудай болуп турса кампасында,
Жык-жыйма, дасторкондор толоор нанга.





## ИЗДЕП БАРАТ

Ардагым, ааламда жок асыл адам,
Айдай жүзүң элестетип ойго батам.
Айласыздан апакем шыпаа таппай,
Алтымыш бир жашында ажал алган.

Андан бери чейрек кылым өтсө дагы,
Алтымыштын жетисинде жаш курагы.
Айланайын жаным апам, балаңыз мен,
Ар күн келет сизди ойлоп мага кайгы.

Ажарыңар эстен кетпейт бүт эсимде,
Атам экөөң жашайсыңар сезимимде.
Аттиңай, айласыздан арман кылам,
Алпештөөгө жарабагам жаш кезимде.

Азыр менде неберелер, чөбөрөлөр,
Ата дешип айланамда мени жөлөр,
Ажайыбы бул жалгандын ушул тура,
Ата-энеге бала-чакаң жөлөк болор.

Ала салып мерез мезгил өтүп барат,
Алпештеген эрке балаң карып барат.
Ажал жетсе Жаратканым буйурган күн,
Артыңардан жаман балаң издеп барат.

## МЕЗГИЛ

Мезгил шайыр, оюн-күлкүң аралаш,
Мүнөз менен жашың келсе чамалаш.
Мүнөт эмес жаш өткөнүн сезбейсиң,
Мал-дос күтүп, көңүлүңө санаалаш.

Мезгил сынчы, бөлөт акпы-карасын,
Маалы келсе жарып эски жарасын.
Миң бир ирет жашырганга карабай,
Мезгил келип жазалайт ичи карасын.

Мезгил күлүк, улам салып таскагын,
Мүлжүп жыгат жаныбарын, пендесин.
Мезгил балбан, бүт аябай тегиздейт,
Мелжиген тоо, ташы менен аскасын.

Мезгил акыл, толуп барат акырын,
Муунап бөлөт акмак менен акылын.
Маанилүүбү, маанисизби өмүрүң,
Маалы келсе кете бердиң акырын.

Мезгил мерез, аябайт эч жакынын,
Мейли байың, итке минген жакырың.
Миң жол тилеп, сурасаң да эч укпай,
Моймолжуган көзүң жумат акырын.

Мезгил күбө, а балким ал актоочу,
Мейли жаман же жакшыны тактоочу.
Мээнет өтөп, калыс болсо өмүрүң,
Миң жыл өтсүн, тарых сага жактоочу.





## КАЛКЫМДА БАР

Калк сезими, сенек болуп каткандай,
Кайдыгерлик кара туман баскандай.
Кайгы менен ачуу кылып үстөмдүк,
Кыргыз жери, ичи сыздап жаткандай.

Калк акысын уурдаган бар жазганбай,
Кудай кууп, ал жыңайлак качкандай.
Калктын мүлкүн ээлеп алган энчилеп,
Корстон болуп, энчи кылып алгандай.

Кыргызымда дагы кээ бир эргул бар,
Көрө албаган жакшы ишти пейли тар.
Калктын баарын уйгу-туйгу чаңдатып,
Каршылашын түртүү максат, издеп жар.

Калктан бийик өзүн дайым сезген бар,
Калктан качып чет өлкөгө безген бар.
Кайтар күнү бул дүйнөдөн кош айтып,
Кыргызымдан топуракка болоор зар.

## МЕН ЖАЗАЙЫН АСКАГА

Мен ыраазы, жаным сени сүйгөнгө,
Махабаттан от-жалындап күйгөнгө.
Макул элем чын сүйүүңө туш болуп,
Махабаттын тоо-ташында жүргөнгө.

Мүнөзүмдүн билем артка кайтпашын,
Махабаттын кечип өтсөм дайрасын.

Мекенинде жалаң сүйүү жашаган,
Мен табайын сүйүүлөрдүн аскасын.

Махабатым миң жыл турсун аскада,
Мен жазайын сенин атың ташка да.
Мендик-сендик сүйүүбүздүн үлгүсү,
Миң жыл турсун үлгү болуп башкага.

## СҮЙҮҮДӨН МУНАР КУРАЙЫН

Сүйөм жаным мен өзүңдү башкача,
Суудай тунук менин сүйүүм таптаза.
Сендик болом бул өмүрдө дайыма,
Сенден бөлүп Жаратканым алганча.

Сеникимин жүрөк какпай калганча,
Сересине чын дүйнөнүн барганча.
Сенин атың атай берем миң ирет,
Сенек болуп тилим катып калганча.

Сүйүүбүздүн мактап таза асманын,
Сүйүүлөрдүн жаза берем дастанын,
Сан жылдар соң бала-чака эскерсин,
Сүйүү деген чоң дайрада акканым.

Сүйүүбүздөн чоң мунарды курайын,
Сүйүүбүзгө элдин көөнүн бурайын.
Сүйүү аттуу ыйык китеп калтырып,
Сүйүүгө мас жаштар үчүн сунайын.





## КЭЭДЕ ТҮШКӨ КИРЕСИҢ

Мен уйкуда, кээде түшкө киресиң,
Мээрим төгө, дайым эсте жүрөсүң.
Мага болгон чын сүйүүңдү ырастап,
Махабатым чындап кубат бересиң.

Махабаттын аша албастан белесин,
Мен кыйраткам сүйүүмдүн кемесин.
Мен жарадар учурунда тосо албай,
Мага арналган сүйүүңдүн жебесин.

Мезгил сынчы ылгап агын-карасын,
Ме, алгын деп берип жатат чаласын.
Момун чалыш катардыгы бирөөмүн,
Миң издеп да, таба албаган дабасын.

## МЕНДЕ ЖАШАЙТ ЭЛЕСИҢ

Минип алып ыр дүйнөнүн кемесин,
Мен издеймин көп ичинен элесиң,
Миң аракет кылсам дале үзө албай.
Махабаттын бизге салган желесин.

Мезгил күлүк, аштык өмүр белесин,
Мине албастан ак сүйүүнүн кемесин.
Мээленилип бизди көздөй атылган,
Махабаттын тосо албадык жебесин.

Мейли тагдыр каалашынча экчесин,
Мен чыдаймын, тепсей алса тепсесин,
Махабатым бек сактаймын жүрөктө,
Мендик болуп жашай берет элесиң.



Мен **Рыспеков Мамадалы** 1960-жылы 8-декабрда Ош областынын Ала бука районунун Чандалаш айылында жарык дүйнөгө келгем. 1968-жылы Чаткал орто мектебине кирип 1978-жылы бүткөм. 1980-1982-жылдары Советтик армияда кызмат өтөдүм. 1982-1983-жылдары М.Куренкеев атындагы муз. училишадан билим алдым. 1986-жылдан 2015-жылга чейин Беш-арал мамлекеттик жаратылыш коругунда эмгектендим 2015-жылдан 2020-жылдары Чаткал айыл аймагынын Жаңы Базар айылында Айыл башчы болуп эмгектендим.

Иштеп жүргөн мезгилде сырттан И. Арабаев атындагы университеттин Биология факультетинде 2000-2003-жылдары билим алдым. 3 уул 1 кызым бар. 2016-жылдан бери кез кези менен ыр жазып келем. Айрыкча жаратылыш кооздугуна, басым жасагым келет.

## СЫРДУУ КӨЛ

Көл жатат тоонун койнунда,
Жан сырын айтпай эч кимге,
Ар кандай добуш угулат,
Барганда көлдүн жээгине.

Басаңдап добуш салмагы,
Көрүнбөйт көлдүн ар жагы,
Кубулуп көздү уялткан,
Сыйкырдуу кооз таштары.





Өзгөрүп түндө келбети,
Шурудай тунук бермети,
Кайтарып колду жаткандай,
Жүргөнсүйт сүзүп айпери.

## АКСЫЛЫК ЖИГИТКЕ ЖООП

Жашым да алтымыштан ашып калган,
Пайгамбар жашына мен барып калгам.
Сен иним менден али жаш окшойсуң,
Отуздун тегерегин жашап калган.

Чын атым Рыспеков Мамадалы,
Акындар тайпадагы тааныйт баары.
Таанышып алалычы келчи жигит,
Аксыдан акын болуп чыккан жаңы.

Келе бер Чаткалымдын Төрү кенен,
Эс алам бирге жүрүп сени менен.
Абасы суусу тунук, араласан,
Кыз булак күтүп турат суусу менен.

Жан иним ырларыңа жооп жаздым,
Чапчыма бийик белдин астынанмын.
Суусун ичип, абасында дем алгам,
Аңкыган жыпар жыттуу Чаткалымдын.

## ЧЫГААН ЭЛ

Көп жаады кар, былтыркыга окшобогон,
Күч алып, бурганактап токтобогон.
Чаткалдын кышы ушундай катаал болот,
Тоо болуп көчкүлөрү сайга толгон.

Минген ат, таппай калат баскан жолун,
Басалбай кар жирейт, минген торун.
Алдыга ат жетелеп, жүргөн жигит,
Чаалыгып, чечип салып кийген тонун.

Чыгаан эл, чымыр дене Чаткал эли,
Кызыксан Чапчыма ашып келгин бери.
Көрүп кет Чаткалымдын оор кышын,
Көрүнбөйт жааган кар тереңдиги.

## ӨМҮР

Өмүр менден алып кеттиң жаштыкты,
Кырк, элүү жаш алтымыштан аштыкпы.
Кечээ эле мотурайган бала элек.
Же өзүбүз карылыкка шаштыкпы?

Алдың менин жаштыгымды күчүмдү,
Өмүр менин кетирдиң го үшүмдү.
Мезгил өттү зымыраган куш болуп,
Мейли эми эскербейин өткөндү.

Мен ыраазы бул жашоомо кудайым.
Жаратканым баарын сезип туямын.
Атакелеп колдон кармап жүрүүгө.
Бар артымда жөлөк болор туягым.

## АКЫНДАР ЖОЛУГУШУСУ

Акындар чогулуптур Бишкегимде,
Ак тилек каалайм бүгүн иштерине.





Олтурат Белес деген кафесинде,
Ойлорун билдиришип бири бирине.

Келишип Бишкек шаар борборуна,
Кагазы, калеми бар колдорунда.
Кудайым насип кылып ушул күндү,
Арабызда ынтымак орноду да.

Жол алыс кечиккендер келе берсин,
Саламдашып кафеге кире берсин.
Акындар асыл сөздөн маек куруп,
Көөдөндөн ыр саптарын төгө берсин.

Мен дагы бош болгондо бармак экем,
Таанышып, баарлашып кайтмак экем.
Дагы да, жолугушам насип болсо,
Бар болгула калемдештер аман - эсен.

Сырдашып, жуурулушуп силер менен,
Тилегимди жазып койдум калем менен.
Жолугушуу жакшынакай таза өтсүн,
Чай ичип, шайыр күлкү, сезим менен.

## КАРЫЯНЫН САНААСЫ

Мезгил менден зымырайсың качасың,
Көз ирмемде кыр- кырларды ашасың.
Жалындаган жаштыгымды жетелеп,
Желдей сызып деги кайда шашасың?...

Минут сайын жулуп каруу күчүмдү,
Коркутасың алып жүрөк үшүмдү.

Деп карыя үшкүрүнүп олуттуу,
Өмүрү өтүп баратканын түшүндү.

Жараткандын пендеси да бу дагы,
Өмүрүнүн түгөнгөнсүп булагы,
Туягым бар ажал келсе көмөөргө,
Дегенсип ал, туруп оюн улады.

**ЧАТКАЛЫМ**

Ак кар баскан ак мөңгүлүү Чаткалым
Аска зооңдо далай жолу басканмын.
Сулуулукка бөлөп баардык тарабын,
Көркүн ачат саймалуу кооз таштарың.

Аркар кулжа зоолоруңда мекендеп
Ары-бери секиришет серeңдеп.
Табияттын кооздугуна суктанып.
Эки жакты карай берем элеңдеп.

Түркүн түстүү, тоо гүлдөрү жайнаган,
Ажайып кооз гүлгө оролгон айланаң.
Чар тарабың адам көөнүн бурдурган,
Чаткал сендей айылымдан айланам.

**СҮЙҮҮ БУЛ БААРДЫК ЖАНГА КЕРЕК ДЕДИМ**

Сүйүү бул баардык жанга керек дедим.
Сүйүү бул билген жанга берет демин,
Чыгарбай сенден сүйкүм жылуулукту
Кучагыма бек кыскым келет менин.





Жашайсың сезимимде дайым менин,
Басасың өзүң гана адам демин,
Эки жанды эгиздей жупташтырып,
Жүрөккө жашоо берет сенин демиң.

Айтсам эгер сүйүүнү даңазалап
Көңүл бөлчү бир азга мага карап.
Туруктуу болсо адам өмүрүндө,
Ошол кана ак сүйүүнү таба алат.

**БАКБУР ИНИМЕ**

Көөдөнү ырга толуп кайнап турган,
Жүзүнөн нур чачырап жайнап турган.
Суурулуп эл ичинен чыга келген,
Бакбур жигит Токтогулдун урпагынан.

Сыясы түгөнбөсүн калемиңдин.
Тулпардай күлүк бол чыксын териң,
Алыкулдай акын бол ар намыстуу,
Акындар мага окшоп баалап келсин.

Тайпадан ырларыңды окуп нечен,
Акындык сапатыңды баалап келем.
Ырларың элге жетип атактуу бол,
Туптунук тилегим ак сага деген

**КАРА КАШКА АРГЫМАК**

Камыш кулак кара кашка аргымак.
Кажыбаган сенде кандай бар дымак,

Чуркаганда шамалыңдын күчүнө,
Даңкан менен чачыроодо чаң кулап.

Ак көбүгүң омуроого төгүлүп,
Кара терге калсаң дагы чөмүлүп.
Башың бербей кесе тиштеп тизгинди,
Келе жаттың төрт аягың сөгүлүп.

Желге ойноп куйруктарың жалдарың,
Алдан күчтөн бир да жолу талбадың.
Марага да жете келип биринчи,
Көргөн элдин мактоосунда кайнадың.

## МЕКЕН САКЧЫЛАРЫНА

Бар болгула жоокерлер,
Мекенимди сактаган.
Бекем туруп күзөттө,
Милдетин так аткарган.

Жоокер биздин чек аранын сакчысы.
Жоокер деген ар адамдын бактысы,
Тынчтык жашоо тартуулаган калкыма,
Силерсиңер өлкөбүздүн ачкычы.

Өлкөбүздүн көтөрүлүп байрагы
Бейиш жыттуу гүлгө оронсун аймагы
Жакшылыктар ар бир күнү ыроолоп,
Күбө болсун көктө турган ай дагы.





## ЭНЕ ТИЛИМ

Эне тилим ачып бүгүн эшигин,
Баалап, барктап, сыйлап сени келемин.
Куттуу болсун тил майрамы бүгүнкү,
Эне тилдин көтөр бийик желегин.

Алга карай кенен жайып тамырын,
Бийик көтөр тилибиздин ураанын.
Алгалай бер, арууланып эркин өс,
Жараткандан мен ошону сурадым.

Эне тилим мекенимдин жүрөгү,
Эне тилим кыргызымдын түнөгү.
Өз тилимди сактап калам барктаймын,
Эне тилди, жоготпостон сүйөлү.

## ЭСИБИЗГЕ. КЕЛЕЛИ.

Отуз жыл өлкөбүздү жеп жуткандар,
Сугунуп жеп тойбогон жер сатарлар.
Жүрүшөт ушак айтып элди бузуп,
Бүтүндөй кыргыз элге чуу салгандар.

Жакшы болсо ондомок отуз жылда,
Жер шыпырат тилдери сайрап турса.
Өлкөнү сазга тыккан сасыткылар,
Уят эми бийликке каршы чыкса.

Кыргыз эл жакшы жакка нугун бурду.
Калыс болуп калың журт карап турду .

Дагы деле жумурткадан кыр издешип,
Элди бузат арам ойлуу бузукусу.

## ТАЛАНТЫМДЫ БААЛАСАМ

Агарып келе жатса аткан таңым,
Колума кармадым мен калем сабым.
Толгонуп, оргуп турса эргүүлөрүм,
Саймалайм дептеримдин барактардын.

Табияттан, сулуулуктан эргүү алам,
Изденем, миң толгонуп ырлар жазам.
Акактай сөз асылын тандап тизип,
Поэзия бакчасына сүңгүп барам.

Акындык, жан дүйнөмдүн сырларын да,
Изденем, жазып келем ырларым да.
Жел менен кошо ыргалган дарак сымал,
Бирге жүрөм, ырларымдын ыргагында.

Алып учуп, эргүүлөрүм алыстаба,
Талантым талпына бер, канат байла.
Мен дагы жан дүйнөмдү баалап барктап,
Ыр түрмөгүн чубайын аста-аста!!!.

## КАЛЕМДЕШТЕРИМЕ АРНАЙМЫН

Салам айтам акындар тайпадагы,
Жакшы сөздөр арнасам дейм, жаңы-жаңы.
Эргүүлөр да көктөмдө жайнап чыгып,
Акындарды курчап турсун ырлар багы.





Акындарым калемдештер кайда баары,
Көңүлдөрдү көтөрөйүн бүгүн дагы.
Колдон келсе берет элем баарынарга,
Алтындын суусун чайкап ырдан дары.

Бүгүнкү күн берекесин бере берсин,
Жакшылыктар акындарга келе берсин.
Топ жыйында сайраган Токтогулдай,
Араңардан төкмө акындар чыга берсин.

Бар болгула ак таңдай акындарым,
Мен ызаттап, урматтаган жакындарым.
Ыр дүйнөнүн деңизинде бирге сүзүп,
Тынчтыкта бир болгула, баарың-баарың.

## ЗУУРА ЭЖЕГЕ ЫР БЕЛЕК

Кыялымда, коштоп жүрөм сизди мен
Ааламдан чоң, жан дүйнөмдүн ичи кең
Бар болуңуз, бар болуңуз Зуура эже
Акындардын сыйлайт, сизди баары тең

Көрк берсин ай чырайлуу ажарыңа,
Бөлөнгүн акындардын сыймыгына.
Ыр менен тайпаларды шаңга бөлөп,
Жаңырсын ырларыңыз тоо койнунда.

Суусун ичип түгөнбөгөн ыр мүрөктүн,
Ырлар жазың кылын чертип жүрөктүн.
Ак булуттай, калкып учуп толкундап,
Бул ырымды сизге арнап мен жөнөттүм.

## МЕЗГИЛ УЧАТ

Артта калды канча жылдар элеси,
Желдей сызды саатымдын жебеси.
Көл үстүндө кайкып учкан чардактай,
Кайда кетти өмүрүмдүн кемеси.

Эртен менен шашып жөнөйм жумушка,
Алпурушуп алаксыйсың турмушта.
Акырындап айлар-жылга алмашып,
Байкабастан карый түшөм бир жашка.

Көп ойлонуп, ойго чөгөм туңгуюк,
Жүзүмдөн да кетиптир деп сулуулук.
Жаратканга миң ыраазы боломун,
Мээрим төгүп, берип турса жылуулук.

## ЭНЕ ТИЛ

Жан дүйнөмө кошо салып таза дил,
Каным менен тең айланган эне-тил.
Түбөлүккө сезимимде жашайсың,
Төрөлгөндөн өзүң менен жаным бир.

Эне тилим кенен жайгын тамырың,
Туу тутамын сенсиң менин байлыгым.
Өзүң менен көптү билип үйрөндүм,
Айгинелеп таанып билем бардыгын.

Түйүлдүктө жатканда эле карында,
Сен да кошо жаттың менин жанымда.





Азыр сүйлөп өмүр сүрүп келатам
Ар бир аткан тирүүлүктүн таңында.

## ЖАЙЛООСУ СОНУН КЕРИЛГЕН

Жайлоосу сонун керилген,
Жылкылар оттоп семирген.
Шашылып чабан журтуна,
Кер кашка атын теминген.

Кой эчки тууйт эгизден,
Тай туйлап ойноп элирген.
Ак мончок өңдүү катарлаш,
Ак боз үй катар тизилген.

Ала - тоо ичи капчыгай,
Катарлаш өскөн карагай.
Ичкенде тунук булактан,
Кумарың калат тарабай.

Чүкүрү менен кымыздык,
Көп эле жедик кызыгып.
Эстесем ошол жайлоону,
Жүрөгүм кетет сыгылып.

## КОШТОШУУ

Коштошоор учур келип колду сундум,
Сен кеттиң мен ордумда көпкө турдум.
Билгизбей ажарыңды жал-жал карап,
Алыстап кеткениңде көздү бурдум.

Чымырап бүткөн боюм ысып денем,
Кыйын болду жолугушуу сени менен.
Сезимим уйгу-туйгу туман болуп,
Ал күнү уктабадым түнү менен.

Ойлорум алыс учуп түрмөктөлгөн,
Ал күнү ойго батып күндү өткөргөм,
Чыгынып аракетти кылсам дагы,
Чыгалбай койдум арсар түрмөктөрдөн.

Негедир ой санаага түшүп жүдөйм,
Кыйнады азап жана түйшүк күндөр,
Дагы бир кезиксең бүт айтам деп
Жолуңду карап күндө күтүп жүрөм.

## ЭНЕ ТИЛИМ КАЗЫНАМ

Эне-тилим сенсиң менин казынам,
Эзелтеден улуу тилсиң баарынан.
Канча кылым келатасың карытып,
Өчпөс болуп оорун алып тарыхтан.

Сен баарынан улуу тилсиң билемин,
Дайым мага дем күч берет илебиң.
Төрөлгөндөн дүйнө салып кеткенче,
Бул жашоодо сенсиң менин тирегим.

Сени дайым кадырлаймын барктаймын,
Өзгөлөбөй бапестеймин таптаймын.
Эне-тилим ыйык тутуп ыр менен,
Бүт дүйнөгө даңазалап даңктаймын.







**Жеенбек Усанов** – 1961-жылы 1-майда Кызыл-Кыя шаарында жумушчунун үй бүлөсүндө төрөлгөн. 1978-жылы орто мектептин аяктап Фрунзедеги политехникалык институтунун тоо-кен факультетине тапшырып, 1984-жылы тоо инженери кесибине ээ болгон. Көмүр өнөр жай системасында 20 жыл эмгектенген. Шартка байланыштуу РФда машина куруу системасында 17 эмгектенип келген. 2014-жылдан бери пенсияда

2020-жылдан бери ыр жазууга кызыгып келет. Кыргыз акын-жазуучулар коомдук фондунун мүчөсү. Фонддун түрдүү конкурстарына катышып, бир топ грамоталардын ээси.

Үй-бүлөлүү. 2 уул, 2 кыздын атасы. 13 неберенин чоң ата, тайатасы.

## СЫРДУУ КӨЗ КАРАШ

Сезимиң кайда барат жолун тапсам,
Жолугуп коё бербей аяп баксам.
Ынашып сезимибиз биригишсе,
Жүрөккө тумар кылып бекем таксам.

Карайсың көз карашың сырдуу сенин,
Жалтанып сүрдөп кетем чыкпай демим.
Жакындап тартынбастан суроо салып,
Асылым уккум келди ширин кебиң.

Көйнөгүң түртүп турат толгон төшүң,
Кызыгып болгум келди көңүлдөшүң.

Тиктешип көз караштар кош дегендей,
Сен кеттиң ошол бойдон көрүшпөдүм.

## САРЫ ЖҮЗДҮҮ НАВАТЫМ

Сары жүздүү шириндиги наваттай,
Витаминдүү күндө жеген салаттай
Жегим эмес жуткум келет тамшанып,
Орун берип жүрөгүмө баткандай.

Көптөн бери жашап келет билгизбейм,
Жүрөгүмдүн сезиминде кирдетпейм.
Жүрөгүнүн бир бурчунда ордум бар,
Билет өзү мен да билем сездирбейм.

Суута барам суудан көрөм элесиң,
Суу бетинде чайпалгансып келесиң.
Сагынычтан кусалыктан кыйналдым,
Сүйүү балың качан мага бересиң.

## КӨМҮСКӨ СЕЗИМ

Бир кезде жүргөн элем ашык болуп,
Бере албай жазган катты катып коюп.
Сезимде жашап жүрдүң жанды кыйнап,
Өчүргүм такыр келбейт атың жоюп.

Чырайың сезим козгоп өрттөйт эле,
Күндөрүм эстемейин өтпөйт эле.
Карабай сезбей мени жүрсөң дагы,
Көңүлүм тажагансып чөкпөйт эле.





Көмүскө жүргүм келбей сезим кыйнап,
Күчтөнүп баргым келди күчүм жыйнап.
Гүлүмдү араң бердим сүйлөй албай,
Ошондо өөп койдуң сен мени сыйлап.

## ЖАШТЫК ДЕМИ

Тоо артынан күндү көрсөм сүйүнөмүн,
Кудайыма шүгүр айтып жүгүнөмүн.
Селкилерге сүйлөп коюп тамашалуу,
Жаштыгымды коё бербей жүргөндөймүн..

Жаштык деми алыс кетпей жүрөгүмдөн,
Дале болсо күч топтоймун күлгөнүңдөн.
Тагдыр кошпой ажырадык жолуң бөлөк,
Ошентсе да эстеп жүрөм, сүйгөнүмдөн.

Жарык өчүп кайра жанса терезеңден,
Белгиң болчу келчи деген сезимиңден.
Эстегенде ошол түнгө баргым келип,
Жүрөгүмдү кармап калам эзилгенден.

## ГҮЛҮМ БАР

Гүлүм бар, элесиңди тартып турган,
Гүлүм бар, сендей жыты аңкып турган.
Нур берет, көңүлүмө жарык болуп
Ырайы жылдыздай э жанып турган.

Капыстан, көрүп калсам гүлүмдү мен,
Ийкейм баш, катып жанга үнүмдү мен.
Азыр сен, ээси башка короодосуң,
Ыраазымын көргөнүмө жүзүңдү мен.

Сени мен «гүлүм» – деп бир атап жүрөм,
Оюмда гүлгө теңеп жашап жүрөм.
Тагдырдын буйругуна башым ийип,
Кыйнаган ойлорумду ичке түрөм.

## АРМАН

Эстегенде токтоп калат кадамым,
Көз алдыма, өткөн күндү саламын.
Жүктөбөчү күнөөлөрдү бир мага,
Андай десең мен да сага капамын.

Андан бери кырк жыл өттү капасың,
Ошентсе да катың дайым жазасың.
Жолугушуу бизде такыр болбоду,
Азыр деле мурдагыдай жагасың.

Ошол түнү биз батканбыз күнөөгө,
Азыр эми байбичесиң бирөөгө.
Ала качып кеткен күндөн көрбөдүм,
Сүрөттөрүң катып жүрөм көрүүгө.

Сен Нарында, а мен Ошто жашаймын,
Азыр деле бир көрсөм деп самаймын.
Жолугушуп таң атканча сүйлөшсөм,
Болбойт эле бул дүйнөдө арманым.

## ЖАЙЛООДО

Жайлоонун төрү жайкалган,
Жылкылар жүрөт жай баскан.





Кай жактан сени издейин,
Оорукчан болом таппасам.

Тоолордун боорун гүл баскан,
Гүлдөргө чыгып мен барсам.
Кучагым толо гүл терип,
Ашыгым сага арнасам.

Жайлоодон сени таппадым,
Гүлүмдү кармап мен калдым.
Тоолордун койнун жаңыртып,
Ырымды созуп жар салдым.

Ырымды уксаң келээрсиң,
Жүдөдүм аны билээрсиң.
Башыңды койчу төшүмө,
Жүрөгүм тыңшап сезээрсиң.

## МЕН МАСМЫН

Мен масмын, ичип алып күйүттөрдү,
Күйүттөр ары-бери түрткүлөдү.
Сүйүүдөн багым ачпай жаратканым,
Арманга тумчуктуруп өгөйлөдү.

Мен масмын жутуп алып армандарды,
Армандарды көтөралбай чарчадымбы.
Жан дүйнөм күйүт-арман үйүп алып,
Өзүмө баш ооруууну арнадымбы.

Мен масмын, ичкеним жок кубангандан,
Пендемин күйүт-арман жутуп алган.

Мезгилге өмүрүмдү байлап алып,
Сүйүүдөн бакыт жолум талкаланган.

## ЧАРТЫЛДАГАН ЖАН ЭЛЕМ

Басаар жолум улам барат азайып,
Өткөн жолум карап коём кылчайып,
Шарпылдаган күчтүү дайра мен элем,
Дайрам менин улам барат пасайып.

Тоодон терген гүлүм берип сыйлагам
Жаным тынбай селкилерди кыйнагам
Алыкулдун кошоктолгон боз атын
Азыр эми минип алып жай жылам

Чагылгандай чартылдаган жан элем,
Ташка чапса жарылбаган жан элем.
Жаңы буюм эскиргендей азыр мен,
Карылыкка жакындаган жан белем.

## БАЛДАЙ БОЛГОН ЖАШТЫГЫМ

Талаа көрсөм кызгалдактар жайнаган,
Жаштык кезге ойлорумда байланам.
Кыздар жайнап төгөрөгүм орошкон,
Кыздар менен падышага айлангам.

Кыздар болбой бир күнүм да өтпөгөн,
Кыздар менен ошол түнүм көктөгөн.
Жаштык кезде өрттөй жанып жүрүпмүн,
Жамгырларда алоолонуп өчпөгөн.





Жылда келет жаздын айы кулпуруп,
Жылда кетет менин жашым умтулуп.
Азыр минтип олтурамын ой басып,
Балдай болгон жаштыгыма жутунуп.

## КЕЛЧИ ЖАНЫМ

Бороон чапкын өчөшкөндөй кирип келди,
Жан дүйнөмө толтургандай муздак желди.
Келчи жаным үшүп барам тоңуп кеттим,
Жылуулугуң ысык демиң берип кетчи.

Куштар үнү жакпай барат көңүлүмө,
Жакшы ойлор түшпөй калды чөмүчүмө.
Муктаж болдум бир өзүңдүн мээримиңе,
Келчи жаным катайынчы жүрөгүмө.

Сени менен кыштын күнү ысык болот,
Жан дүйнөмө сенин жылуу демиң толот.
Сүйлөп турсаң күлүмсүрөп мээрим менен,
Багым гүлдөп мукам үндүү куштар конот.

## «БАРБИ»

*(бөбөктөр ыры)*

«Барби» менин куурчагым,
Быламыктан ууртагын.
Укта жакшы түш көрүп,
Тойду мына курсагың.

«Барби» менен ойноймун,
Оюнга мен тойбоймун.

Чогуу уктап экөөбүз,
Сонун түштү көрөбүз.

«Барби» менен чоңоюп,
Мен да өсүп келемин.
Төрөлгөндө сиңдиме,
Белек кылып беремин.

## АППАК КАРДА ДАРЫ БАР

*(балдар ыры)*

Ата-апа карачы,
Кар да жаай баштады.
Мээлейлерди тагынып,
Ойноп чана аталы.

Тоголоктоп ак карды,
Аяз ата жасайлы.
Төгөрөктөп биз аны.
Бийлеп шаңдуу ырдайлы.

Балдар дөңгө чыгалы,
Чаналарды тарталы.
Жатып алып чанага,
Ылдый көздөй сызалы.

Жаачы, жаачы аппак кар,
Сенде дайым бакыт бар.
Оорубайбыз ойнойбуз,
Аппак кар барда дары бар.





## КЫЗЫЛ-КЫЯ ШААРЫМ МЕНИН

Кара-козу, Полигон, - деп кыйкырышкан,
Катар турган таксисттердин үнүн угам.
Кызыл-Кыя жемиш базар элге толгон,
Бала чагым эске түшүп четте турам.

Базар бүгүн чурулдаган элдин үнү,
Көздү жумсам уккандаймын түркүн күүнү.
Мечит жакын жайланышкан бул базарга,
Намаз оку ! чакыргансыйт азан үнү.

Көп улуттуу шаардын эли ынтымактуу,
Көмүр казып жашап келет алгылыктуу.
Мурункудан кыйла азыр өзгөрүптүр,
Курулуптур имараттар жарашыктуу.

Кызыл-Кыя киндик каным төккөн шаарым,
Сенде өткөн баёо сезим бала чагым.
«А» тамгасын үйрөнгөнмүн мектебиңде,
Шаарым менин мактап жүрөм жакшы жагың.

## АТА-ЭНЕМДИ СҮЙҮНТӨМ

*(балдар ыры)*

Мен кичине баламын,
Билим алуу талабым.
Өзүм сүйгөн китептин,
Барактарын ачамын.

Тамга азыр билемин,
Жакшы окуу тилегим.
Эже-агайдын айтканын,
Так аткарып келемин.

Өзүм билген нерсени,
Бөбөгүмө үйрөтөм.
Жакшы окуп мектепте,
Ата-энемди сүйүнтөм.

## УЛУК БОЛ

Мени ит, пит десең деле макулмун,
Кыргыз элдин тоодо өскөн уулумун.
Жаман сөздөн сага жооп айтпаймын,
Ошондуктан сенден өйдө улукмун.

Мурдуң чүйрүп мыскыл айткан сөзүңө,
Жүрөгүмө жакын албайм өзүмө.
Сага окшош ит, питтерге теңелбейм,
Ошондуктан сенден өйдө улукмун.

Кемсинткенсип мыскыл карап күлөсүң,
Бучук мурдуң сен асманга түрөсүң.
Көңүл бурбайм жан дүйнөсү чирикке,
Ошондуктан сенден өйдө улукмун.

Ыйман жолду тандап жүргүн замандаш,
Жолугушсаң колду кармап амандаш.
Ниеттерди туура жолго буруп жүр,
Жакшы менен болсоң деймин сапарлаш.





## МАХАБАТТЫН СИМВОЛУ

Жамгыр жааса суусу агат чатырдан,
Жазды мактап жазайынчы сагынткан.
Жаздын жыты бир башкача дем берет,
Көкүрөккө жакшы максат багынткан.

Жазым келсе үмүттөргө жол салат,
Жаңы жашоо ушул жылга башталат.
Жыттуу кылып жер энени сулуулап,
Түркүн гүлдөр чөптөр дагы баш багат.

Кышкы төлдөн козу-улактар жүгүрүп,
Майса чөпкө моюн сунат жүткүнүп.
Шаймандарын колго алып дыйкандар,
Арык чабат билектерин түрүнүп.

Жазым сонун сүйүү сезим ойготуп,
Кыздар басат кара көзүн ойнотуп.
Жаздын айы махабаттын символу,
Бойдок жанды коёт мезгил ойлонтуп.

## ШВЕЙЦАРИЯ ДЕП БИЛМЕК

Нечен кылым тарыхы бар кыргызым,
Ынтымактан толуп келет ырыскың.
Өткөн чактан сабак алып ар дайым,
Өнүп келет өсүп келет кыргызым.

Пейил менен жакшы адам билинет,
Максат менен арыш кадам шилтенет.

Ичи тарлар көрө албастар жок болсо,
Өлкөбүздү Швейцария деп билмек.

Болду күндөр аза күндөр элимде,
Канча эне боздогону эсимде.
Акмактарды талдай турган кез келди,
Кыргыз элим сен аларды ээрчибе.

## ЖЫЛДЫЗЫМ

Түн ортосу ай толгонун карачы,
Көктө жылдыз канча экен саначы.
Жылдызымсың жалгыз жанган жүрөктө
Магдыратып чачтарымды тарачы.

Демиң менен дем аламын жалжалым,
Сени менен бир баштадым жаш чагым.
Багым болуп, гүлдөп турсаң ар дайым,
Өмүр суусун берип турат башатым.

Жылдыз болуп жанып турсаң жанымда,
Сендик сүйүүм агып турат канымда.
Жүрөгүңдү жүрөгүмө катайын,
Уялашым болсоң эгер багымда.

## АКЫН ЖАЗАТ

Акын жазат жан дүйнөсү сезгенди,
Кулак угуп жүрөгүнө тийгенди.
Уялбастан арамдыктан жан баккан,
Эл тамагын бөлүшпөстөн жегенди.





Акын жазат ыйманынан кеткенди,
Акча берип бийлигине жеткенди.
Дагы жазат ыпластыгын жашырбай,
Курук доомат, жөнөкөйгө сепкенди.

Акын жазат көрө албастар дүйнөсүн,
Пенделердин ичи тарып жүргөнүн.
Амалы жок элге тийээр пайдасы,
Айткандарга «элим үчүн күйөмүн».

Акча үчүн митингдерге чыкканды,
Түшүнбөстөн, «барабанды» какканды.
Доллар үчүн жер кучактап эки саат,
Элин жерип башкаларга сатканды.

Акын жазат элин алдап чанганды,
Алыш үчүн депутаттык мандатты.
Эли үчүн күйүп бышпай ал жерде,
Көмөчүнө отту жакын тартканды.

Акын жазат шумшуктөрдүн баарысын,
Адам бол деп сайып турат найзасын.
Жакшы акын эли үчүн тараза,
Ыры менен берип турсун пайдасын.



**Сабирова Венера Кубатовна,** 1970-жылы интеллигенциянын: ошол кездеги Ош облусунун Токтогул райкомунун катчысы Сабиров Кубат жана Ж.Бөкөнбаев атындагы орто мектептин англис тили мугалими Толтоева Апизанын үй-бүлөсүндө төрөлгөн. 1987-жылы Ош шаарындагы С. М. Киров атындагы мектепти медаль менен аяктагандан кийин, Ош педагогикалык институтуна (1992-жылдан - ОшМУ) филология факультетине тапшырып, аны 1992-жылы артыкчылык диплому менен аяктаган. Мугалимдик эмгек жолун №17 Ю. А. Гагарин атындагы орто мектепте орус тили жана адабияты мугалими болуп баштаган. 1994-жылы ОшМУга иштеп, «Элдердин адабияты» адистиги боюнча аспирантурага тапшырган. 1999-жылдын 10-декабрында №000634 филология илимдеринин кандидаты илимий даражасын ийгиликтүү алган. Андан соң 2005-жылдын 3-февралында «Адабият таануу» адистиги боюнча №000877 доценттик дипломун алган. Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясы. 2015-жылдын 29-апрелинде «Чет өлкөлөрдөгү кыргыздардын публицистикалык адабиятынын өзгөчөлүгү Кыргызстандын жалпы социалдык-маданий контекстинин бир бөлүгү катары» деген темада докторлук диссертациясын коргоп, 2015-жылдын 27-октябрында РФ ЖАК илимий даража дипломун, 2016-жылдын 27-октябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын ээ болгон. Окуучулук жылдарынан бери “Кыргызстан пионери”, “Кыргызстан комсомолеци”, “Ленин жолу”, “Вечерний Ош”, “Эхо Ош” гезиттеринде басылмалардын, бир катар электрондук массалык маалымат каражаттары жана маалымат агенттиктери, Сорос жана Ага Хан фонддорунун колдоосу менен чыккан “Коомдук мониторинг” журналынын башкы редакторун алектенди. 2000-жылы ОшМУда “Журналистика”, “Тил илими”,





“Коомчулук менен байланыш” адистиктерин ачуу идеясын демилгелеп, ишке ашырган, 2004-2007-жылдары ОшМУнун мада-
ниттар аралык байланыш кафедрасын жетектеген. студенттер
бул адистиктерди кайдан окушкан. 2007-жылдан бери Ош ме-
диа ресурстук борборунун координациялык кеңешинин мүчөсү.
2017-жылдын 12-июлунан бери ОшМУнун орус филологиясы
факультетинин чет тилдер жана маданияттар аралык комму-
никациялар кафедрасынын башчысы. Окуу процессинде колдо-
нулган бир катар колдонмолордун автору. 2018-жылдан Кыр-
гыз Республикасынын Улуттук жазуучулар союзунун мүчөсү.

## ООГАНДЫК КЫРГЫЗДАРДЫН ЭЛДИК ЫРЛАРЫ

### Аксалкын

Кичи Памирде Аксалкын аттуу чырайлуу, акылдуу кызды ата-энеси Кытай тарапта эскиден катташып жүргөн тааныштарына берип жиберишет. Аны сыртынан сүйүп бирок, махабатын ачыкка чыгара албай жүргүн Кичи Памирдик кембагал жигит күйүтүнү чыдабай ушул ырды чыгарган экен.

Суу четине ылайка,
Жусуп менен Зулайка
Булда үткүн ашыглык,
Мундан да калган жашчылык.

Жалган айтса сүз калат,
Карап да койсо күз канат.
Ыраакты күз күрүт,
Жүрүктү жүрүк билет.

Ышкыбол эрдин жүрүгү,
Ырдаган сайын бүксүрүт.

Ырдаган да кайнага,
Ышкыбоз эрдин жүрүгү.

Ырдатып жанды кыйнаган
Бир ооматтын зиреги.
Жериниз алыс Кыркартуу
Жердин сырты Кен Аксуу.

Жете албаймын мен узак,
Белек берсем албайсын,
Безелентип күп ырдап,
Күүнүм менин калбады ай!

Окуган сенин апызын,
Бузулгандан ырдадым.
Колундагы айнегин,
Үзүлгүндүн ырдадым.

**Түшүндүрмү:** Апызын - чыгарман. Жигит ырында кыздын абалын, имиш уккандан кийин, абдан жаман болуп, күйүп ырдайт.

Алтын эшик дарбаза,
Ак үйүндү тамаша.
Биз вазир, сиз паша
Мурунку акылын кана?

Күмүш эшик дарбаза
Үзүбүз вазир, сиз паша.
Аксалкын атын үчүрдүн!
Андемин карап күчүрдүн.

Алты айнек колунда,
/зүлгүндүн ырдадым.





Аксалкын сенин кыялын,
Бузулгандан ырдадым.

Алтын ээр, жез күмкүр
Иле бекен Аксалкын?
Айчылыктан биз күйсүк,
Биле бекен Аксалкын?

Күмүш ээр, жез күмкүр
Иле бекен Аксалкын?
Күнчүлүктүн биз күйсүк,
Биле бекен Аксалкын?

Аксалкын үзү перидей,
Койнунда жаткан күйүүсү,
Күнгү күйгүн теридей.
Аксалкын үзү сакадай
Жанындагы күйүүсү
Жешилип калган такадай.

Аксалкын үзү кавкардай,
Алышып жаткан күйүүсү
Кулкулдаган бакадай.

**Түшүндүрмү:** Андемин - Кытай жактагы жердин аты, күмкүр - аттын куюшканына коодук үчүн тагылат, Айчылыктан - аябай узак жерден, Күнчүлүктүн - жакын эле жер жактан.

Айыл чети шыраалжын,
Айылдаш болсок бир алдын,
Короонун чети шыраалжын,
Короолош болсок бир алдын.

Айылдаш жүрсүк саз экен,
Алма как жесек татти экен,
Коон как жесек тати экен,
Короолош жүрсүк саз экен.

Айылдаш болмок бат экен
Арыз айтмак кыйын экен дарт экен.
Короолош болмок бат экен.
Кол катмак кыйын дарт экен.
Кол берсем күргүн кам жерден
Коркомун кыямат тар жерден.

Молдо кыз жүзүн булактай,
Жанып турган чырактай.
Жан молдо кыз ыргалып,
Жан-жунга кеткен кош калын,
Жагалма куштай колго алын.

Жандүүдүн барып суу алсан,
Мен булагын болоюн.
Жалгыз эчкин маараса,
Мен улагын болоюн.
Карангы үйдү жарыткан,
Мен чырагын болоюун.

**Түшүндүрмү:** Күргүн кам жерден - жашаган боз үюндүн кереге тешигинен, Жан-жунга - кытайлык кыргыздарга, Жандүүдүн - капталган, кыядан деген сүз.





## НАРОДНЫЕ ПЕСНИ АФГАНСКИХ КЫРГЫЗОВ

На Малом Памире родители красивой и умной девушки по имени Аксалкын отдали ее замуж за давних знакомых, живших на китайской стороне. Тайно любивший ее, но не смевший открыто заявить о своей любви бедный джигит с Малого Памира, не выдержав своих любовных мук, сочинил вот эту песню.

Берег речки замутнен,
Для Жусупа с Зулайкой,
Это значит все любовь,
Без чего не будет юность.

Ложь оставит следом слово,
Взглядом можно глаз умерить.
Радость тоже глаз увидит,
Сердце только сердце знает.

Выгорело сердце мужчины,
С каждой песней оно тает.
Он поет, а оно вскипает,
Перегорело сердце мужчины.

То, что мучает душу песней,
Это одной удачи зазноба.
Ваша земля - далек Кыркартуу,
Ваша сторона это Кен-Аксуу.

Не могу до вас дойти - далеко,
Шлю подарок, а ты не берешь,
Я страдаю, и так много пою,
Я не смог забыть тебя никак!

Я пою песни лишь о тебе,
Потому что ты безответна.
На руках твои стеклышки
С меня оторвались навеки.

**Пояснение.** Джигит поет о том, что он стал сочинять песню, т.к. услышал о ее бедном положении, тоже горько сожалеет об этом.

Золотые двери и ворота,
В доме твоем зевак толпа.
Мы - визири, вы - господа,
И где же тогда твоя голова?

Из серебра двери и ворота,
Сами - визири, вы - господа.
Имя Аксалкын сама стерла!
В сторону Андемин перенесла.

На руках по шесть колец,
Оторвались - и вот я пою.
Аксалкын, твои все мечты
Разбились, и потому я пою.

Седло золотое, из меди удила
Повесишь ли ты, Аксалкын?
Я страдаю от того, что далеко,
Но узнает ли о том Аксалкын?

Седло из сребра, из меди удила
Повесишь ли ты, Аксалкын?
Я страдаю и от того, что близко,
Но узнает ли о том Аксалкын?





Аксалкын же сама как пери,
Ну а муж, что в обүятьях ее,
Как сожженная солнцем кожа.
Аксалкын же сама как слиток,
Ну а муж, что рядом с нею,
Как стоптанная конем подкова.

Аксалкын же сама как цветок,
Ну а муж, что ее берет в жены,
Просто квакающая жаба-лягушка.

**Пояснение:** Андемин - это название местности в Китае, Кумкер - на лошадь навешивается для красоты, Айчылык означает далекую местность, Кунчулук означает близкую местность.

Край села очень широк,
Мы с нею односельчане,
Край двора очень широк,
С нею мы еще и соседи.

Хорошо, когда мы в одном селе
Сушеных яблок вкушали вместе,
Сушеные дыни были так сладки,
Когда по-соседки делили вместе.

Можно стать односельчанами,
Трудно жаловаться и проклинать.
Можно быстро стать и соседями,
Прятать руки трудно на заклание.
Просто руку тебе здесь протянуть,
Я боюсь, в тесном, как плаха, месте.

Скромная девушка лик родника,
Во тьме горящий светильник,
Девушка скромная в расцвете,
В Жан-Жунго твои родинки
Жар-птицы, сидящей в клетке.

Если будешь брать воду в Жандау,
Пусть я стану твоим родником.
Если твоя коза одинокая блеет,
Пусть я стану для тебя козленком.
Темный дом твой освещающий
Пусть я стану твоим светильником.

**Пояснение:** Место, в котором она выросла - с отверстием наверху жилой юрты, Жан-Жунго - места китайских кыргызов, Жандау - обрыв, ущелье.

*Алмаз Нурдинов. Оогандык кыргыздар. Материал собран и записан журналистом А.Нурдиновым. - Малый Памир. Международный общественный, литературно-художественный журнал «Аалам кыргыздары», № 22, 2010. - С. 32.*

## АЖЫ АБДЫЛДАНЫН АРМАНЫ

Алай Алай болгону,
Алайга байлар толгону.
Туулган жерден айрылып,
Билбедим мындай болорун.
Арпа жала жерибиз,
Алайдан качып ар жакка,
Алайга жазган пейлибиз.





Куу талаа биздин жерибиз,
Туулган жерден куулуп
Кудайга жазган Бейибиз.
Күк-Суу биздин жерибиз,
Күп тейит биздин элибиз.
Кызыл-Эшме жерибиз,
Кызыл баш биздин элибиз.
Кымызын кыстап ичирген,
Суусуну болот Алайдын.
Бетегеси арбаса,
Кубаты болот Алайдын.
Жийде бурак жыттанган,
Арчасы болот Алайдын.
Оозуна Зам-Зам суусундай.
Булагы болот Алайдын.
Күк-Ала шибер күк майдан
Жерибиз калды Алайда.
Күп кызыл баш толкуган,
Элибиз калды Алайда.
Агала майдан атыр гүл,
Жерибиз калды Алайда.
Атактуу Тейит кызыл баш
Элибиз калды Алайда.
Кызыл эшме Кул үтүк,
Жерибиз калды Алайда.
Күп кызыл баш толкуган,
Элибиз калды Алайда.
Текелик менен Кош Кайын,
Жерибиз калды Алайда.
Атактуу Тейит Кызыл баш,
Элибиз калды Алайда.
Кызыл эшме кул үтүк,

Жерибиз калды Алайда.
Күп кызыл баш толкуган,
Элибиз калды Алайда.
Текелик менен Кош Кайын,
Жерибиз калды Алайда.
Күз жашыны күлдүтүп,
Элибиз калды Алайда.
Большевик келип Алайга,
Байсын деп бизди кармады.
Алла талам куткарып,
Ооганга насип айдады,
Орустан качып Ооганга,
Туулган жерди таштадык.
Ач жыланач ар жерде,
үлүп кала жаздадык.
Алайдан качып Ооганга,
Келгенибиз чон арман.
Эли жерден ажырап,
Калганыбыз чон арман,
Кызыл эшме Күк-Сууну,
Кайрылып барып күрүмбү?
Туулган жерди күрү албай,
Кайгыда жүрүп үлүмбү?
Текелик менен Күк-Сууну,
Тегеренип күрүмбү?
Туулган жерди бир күрбүй,
Тентип жүрүп үлүмбү.
Ач болсомда Алайга,
Барып үлсүм арман жок.
Ата жерим бир күрүп,
Анан үлсүм арман жок.





## ПЕСНЬ-ЖАЛОБА АБДЫЛДА-АЖЫ

В богатом афганском фольклоре кыргызов, переселившихся с Алайских гор на Памир, часть которых осталась в Афганистане (Малом Памире), а часть переселилась позже в Турцию, есть такие строки:

Алай Алаем был всегда,
Полно здесь людей богатых.
Оторвавшись от родных мест,
Не знал, что наступит этот час.
Ржи не видевшей нашей земли
Бежали из Алая в разные части,
Мы алайские нравы имеем свои.
Голая степь это наша земля,
Нас согнали с родимых мест,
Богу угодный наш уголок рая.
Наш народ это род тейитов.
Наша земля - Кызыл Эшме,
Красноголовые - наш народ.,
Кымыз свой дают пить силком,
Ведь это напиток алайских богов.
Достатка много излишнего тут,
Алая крепкий дух здесь есть.
И пахнет джидой душистою,
Алайских хвойных деревьев.
И словно святая вода Зам-Зам
В Алае таких родников полно.
Зеленый фронт - простор Кок-Ала
В Алае осталась наша земля.
Много красных голов взволновав,
В Алае остался наш народ.

Белесого масла пряный цветок,
В Алае осталась наша земля.
Известных тейитов, красных голов,
В Алае остался наш народ.
В Кул отоке и Кызыл Эшме -
В Алае осталась наша земля.
Много красных голов взволновав,
В Алае остался наш народ.
А Текелик и еще Кош Кайын -
В Алае осталась наша земля.
Известных тейитов, красных голов,
В Алае остался наш народ.
В Кул отоке и Кызыл Эшме -
В Алае осталась наша земля.
Много красных голов взволновав,
В Алае остался наш народ.
А Текелик и еще Кош Кайын -
В Алае осталась наша земля.
Озера слез пролив из глаз,
В Алае остался наш народ.
К нам явились большевики,
Схватили нас, будто мы - враги.
И благославил нас Бог тогда,
В Афганистан мы держим путь.
От России бегом к афганцам,
Родную землю оставили мы.
В голод и холод брели везде,
Чуть смерти стали жертвой мы.
Из Алая бегом в Афганистан
Для нас это есть бльшой обман.
Потеряли свои земли и род,
Это есть для нас большой урон.





Свой Кызыл эшме и Кок-суу
Когда-нибудь вновь увижу ли?
Свою землю, где я родился,
Не увидев что ли, я умру?
Текелик свой и Кок-Суу,
Увижу ли я когда-нибудь?
Ту свою землю, где родился,
Не увидев, бродягой я умру.
Хоть голодным, но в Алае
Если умру я, то буду рад.
Землю предков увидев раз,
Если умру, не буду горевать.



**Мамажанова Тазагүл Жаанбаевна** – 1964-жылы Ноокат районунун Нарай айылында туулган. Жогорку билимдүү. Үч кыз, бир уул, 7 неберенин энеси.

Эки китептин автору, «Мыкты калемгер», «Үлгүлүү үй-бүлө», «Датка-йым», «Лидер айым» төш белгилеринин ээси, 2021- жылы Ноокат шайыр апалар статусун алган, Мырза-Айымдын мүчөсү.

## ЫР ДАСТАН

Бири гүл, бири булбул бактагы,
Бири обон, бири ырлар саптагы.
Төп келишип булбул бакта сайраса,
Жаңыргансыйт бүтпөс сүйүү дастаны.

Бири деңиз, бир андагы ак кеме,
Болжошкон багытыңар так беле?,
Жаратканым сунуп турса силерге,
Берген бакыт, ак сүйүүсүн аз дебе.

Бири дарак, бир гүлү ачылган,
Сүйүү өңү, эки жүрөк табышкан.
Бири- бирине сүйүү ырын арнашса,
Экөө бирдей угарманга жагышкан.

Бири булак, бири андагы ак маржан,
Тунуктугу ашып түшөт ак кардан,





Таттуу сүйүү сезимдерин бек тутуп,
Бир- бирине өмүрлөрүн арнашкан.

Тамшандырган тоо гүлүнүн балындай,
Таланттары өрчүп турган маалы ай.
Жарашыгы көздүү шакек өңдөнүп,
Куюлушуп, бүлө курду сыноолорго багынбай.

Мына бүгүн сүйүү майрам, ыр майрам,
Баарыбызда маанай жакшы, көңүл шаң.
Кол кармашкан түгөйлөргө арнадым,
Жазып бүтпөс, айтып бүтпөс ыр дастан.

## ЖАШОО БАКЫТ

Келечекке кенен чачып жарыгын,
Аздап жылат, биз отурган кайыгым.
Апакемдин жомогундай өңдөнүп,
Өз дүйнөңө өздүк болуп, байыдым.

Бир кылчайып артка карап... ойдомун,
Өткөн күндү... көз ирмемге топтодум.
Нелер өтүп, кимдер кетти өмүрдөн?...
Көңүл жашып... жаш балага окшодум.

Зымырыктай өтүп жаткан бул өмүр,
Оомал-төкмөл заманына өкүмдүр.
Жылдыздардай жылт деп анан кайра өчкөн,
Көз ирмемдей өткөнүнө өкүндүм...

Жашоо - бакыт, сезсең аны керемет,
Кээде кетпейт, кенедей да бир элес...

## БИЗ ЖӨНҮНДӨ

Биз жөнүндө ырлар жазуу ырахат,
Жүрөгүмдө жылуу сезим жаратат.
Болсок дагы ак баталуу карыя,
Өчпөсө дейм экөөбүздө махабат.

Жаратканым колдоп бизди ар убак,
Жарык маанай, бак-дөөлөтүн тартуулайт.
Ыраазымын «Шүгүрчүлүк» баарына,
Жан дүйнөмдү улуу күчү аруулайт.

Биз өстүргөн бактарыбыз мөмөлөп,
Уул кызын өстүрүшөт бөпөлөп.
Эркелешип турса бизге небере,
Күч кубатты ошол берет эселеп.

Сыйлашалы кыска өмүр өткүчө,
Таңым атып, ар бир күнүм кеткиче.
Көлдө сүзгөн кош ак куудай ээрчишип,
Эртеңкиге үмүтүн оту өчпөсө.

## КУРСТАШТАРГА

*(Ж.Баласагын атындагы Мамлекеттик Университетинин 1983-1988-жылдарындагы студенттик кездеги курсташтарыма арналат)*

Аалам жолу айылыбыздан башталып,
Жөнөгөнбүз борбор көздөй аттанып.
Буйрук болду чогуу окуп жүргөнгө,
Эже- агайдын тапшырмасын аткарып.





Сыймык эле студенттик күнүбүз,
Шайдооттонуп шайыр эле күлкүбүз.
Ойноп-күлдүк, окууга да жетишип,
Жаштык кезде шаңдуу болуп күнүбүз.

Курсташтарым кабар таппай силерден,
Күлгүн жаштык узап барат мезгилден.
Жүрөктөрдө ташка тамга баскандай,
Элестер бар, бирок бир аз эскирген.

Ал күндөрдү эстөө өзү бир бакыт,
Учкан куштай зымыраптыр убакыт.
Дидаарлашсак телефондон үн салып,
Өткөн күндөр кайра келет чубалып...

Өмүр деген, өтөт-кетет баалашпай,
Өз нугунан, иретинен адашпай.
Жаштыгыбыз жалгашыптыр бул күнгө,
Чачтарыбыз буурул тартып байкатпай.

А жүрөктөр дагы деле жаш бойдон,
Эңсейт жаштык, жүрөктөргө сыр катпай.
Ар бириңер үй- бүлөңө кут болуп,
Журүпсүңөр жапжаш бойдон картайбай.

Бар болгула, менин алтын досторум!
Аман болгун, өр таянган жолдобуз.
Ар күнүңдө аяр сылап ойготсун,
Жел аргыдан саламымды жолдодум.

## ГҮЛДАНА

Жаш кезектен бирге окуп чоңойдук,
Үйдөн алыс, талаа көрүп торолдук.
Ысык-суук, ачты-токту түшүнүп,
Жакшыларга жанаштык да токтолдук.

Биз окуган Фрунзенин түндөрү,
Турмуштун эмне экенин үйрөттү.
Үмүт менен келечекке бел байлап,
Окуу, билим алуу менен күн өттү.

Көпчүлүктөн жакын болуп Гүлдана,
Жүргөнүңдү эстей берем али да.
Жөпжөнөкөй мээрим чачкан жан элең,
Мээримиңден бөлүп турчу мага да.

Жаным досум, ынак элек жакын элек,
Ойноп күлүп, каткырып шайыр элек.
Турмушта канча досту күтсөм дагы,
Сенчелик жүрөгүмө жакын эмес.

Жан досум, сага келдим алыстан,
Сагыныч бар жүрөгүмдө ташыган.
Ар кимибиз ар каякта жүрсөк да,
Биз апабыз, түрмуш үчүн багынган.

Кутка толуп мына бүгүн эшигиң,
Куттуу болсун сенин ырыс- кешигиң.
Бактылуу, балалуу болсун балдарың,
Келечектин тербет, досум, бешигин.





Улагандан уул үйлөп кыз чыгар,
Жаратканым өмүр берсин жүз ашаар.
Тойлор тойго улана кут даарысын,
Сага берсин эки дүйнө бактысын,
Куттуу болсун кудаларың, келиниң!
Ушул ырым досум сага белегим!

## АМАН БОЛГУН ДОСТОРУМ

Бирге жүргөн курбуларым силерди,
Көп эстеймин, сагынамын ал кезди.
Силер дагы эстейсиңер, туямын,
Унута албай, өмүр жаздай сезимди!

Мына бүгүн жолугуштук баарыбыз,
Шүгүр айтып Жаратканга жалпыбыз.
Сөздөр бүтпөй, сырлар бүтпөй ортодо,
Кубанычтан акты көздөн жашыбыз.

Атайы келдим, алыс жолду арытып,
Аябадым убакытты карытып.
Дидаарыңар бир башкача досторум,
Жан дүйнөмдү байыттыңар жаркытып.

Бар болгула, менин алтын досторум,
Көптү көрүп өр таянган жолдобуз.
Ортобуздан көп жыл өтүп кетсе да,
Ойлорумда силер барсың досторум!
Оомал-төкмөл ушул биздин заманда,
Оорубастан аман болгун досторум!

## ЖАШТЫГЫМ

Өмүрдүн жазын, көктөмүн,
Ойноп күлүп өткөрдүм.
Өткөндү эстеп турамын,
Өбөлгө болуп көрктөнүп.

Жалбырттап жаштык кез эле,
Жалыны өчпөйт эч эле,
Шайдоот жүргөн күнүбүз,
Шамалдай өттү тез эле.

Карасак артка кылчайып,
Күлгүн жаш турат жылмайып.
Чакырат кел, - деп өзүнө
Жете албай жүрөм сумсайып.

## БИРГЕ БОЛУУГА

Сырт караңгы түн пардасын жамынып,
Мен турамын уктоо үчүн камынып.
Бир саамда... алып кетти ойлорум,
Жетелендим... кумарлуу кез, койбоду.

Айлуу түндө, жолугушкан кечинде...
Жол аягы бурулуштун четинде.
Калтыраган колдор мени кучактап,
Турган демиң алигиче эсимде.

Сен да, мен да анда өтө жаш элек,
Сезим күчөп, кыялдарга бай элек.





Сүйүү оту экөөбүздү сыйкырлап,
Жаштыктагы сезимдерге мас белек.

Кыялданып бирге өмүр сүрүүгө,
Бакыт үйүн, сүйүү менен курууга.
Антташканбыз, бир өмүргө бир болуп,
Бир жаздыкта дайым бирге болууга.

## КҮЗ

Берекеси төгүлгөн алтын күзүм,
Баба дыйкан жыйнап алган бай түшүмүн.
Табигат да бир башкача сулууланат,
Сары алтындай жалбырак ачса жүзүн.

Эрке жели алмашып шамалдарга,
Күз күрдөөлү бир укмуш башкача да.
Асманында коюуланып булуттары,
Төгүп баштайт айланып ак жаанга.

Токтобой жаан жууп тазаласын
Кимдиндир жан дүйнөсү жабыркаса.
Жамгыр суусу моюн ылдый куйюлушуп,
Нөшөрлөгөн күзгү жамгыр жагат мага.

Шөлбүрөп турганымды көрүп алып
Токтобой каткырып күлөм каныp.
Тазалыктан, аруулуктан кабар келип,
Ырдап калат эргүүм да обон салып.

Жан дүйнөңдүн тазарганы кандай сонун!
Жараткан да жар болот жалгап оюң.

Нөшөрлөгөн ак жаанга жүзүм тосо,
Кучактайм балалыктай күчүм толо.

## ОЙЛОР

Алтын Күнүм жарык нуруң чачып кел!
Жаңы үмүттү жан дүйнөнү ачып бер.
Жарык нурга жетеленип ар убак,
Аз өмүрдө, өз жолуңдун ээси сен.

Өмүр кыска шашуу керек демекчи,
Шашкан жолдо акыл келет, кеңешчи.
Жети өлчөп бир кескенди үйрөнсөң,
Иштериңдин ийгилиги эмеспи.

Ырыскысын мол карматып маарыткан,
Бүт Ааламды Күнү менен жарыткан.
Касиеттүү Улук затым, берешен,
Өзү билип, жараткан го Жараткан!

## ТИРҮҮЛҮКТҮН АЯГЫ

Саргайып күздө түшкөн жалбырактар,
Санаалары сансыз белем, алсыраткан.
Кечээ эле жапжашыл эмес беле?,
Жашоо сыры көрүнөт табигаттан.

Жашоосу жаңы гана башталган кез,
Жер жаңырып жазда бүчүр байлаган.
Жаңы гана төрөлгөн наристедей,
Көзүн ачып бүтүндүккө айланган.





Байкабайсың жалбыракты, тирүү жанды,
Аткарышат адамдардай вазийпаны.
Баралына жеткенде, жашылданып,
Бүт ааламды жашартат көркүн ачылып.

Өмүр деген жандуула өлчөнүү да,
Жаралган соң, жашагын жаркыратып.
Ар нерсенин аягы келсе кезек,
Өсүү да, өмүр да акыры бүтөт барып.

## АПАЛАРДЫН БАРЫНДА

Сөздөрү таттуу, ох балдай,
Көздөрү тунук булактай.
Пейили деңиз чалкыган,
Мээрими нурдай балкыган.

Адамзат көчүн түптөгөн,
Акындар жазып бүтпөгөн.
Бейиштин төрү апалар.
Жуулуп кайгы капалар.
Маанайды жазып ар күнү,
Мактоо сөз айтат күтпөгөн.

Кетирсең эгер кемчилдик,
Көөнүңдү улайт кечирип.
Урматын, сыйын билип жүр,
Оолугуп кетпей эсирип.

Ата-эне көзү барында,
Аска-зоо болот жанында.
Ак сүтүн актап алалы,
Армандa калбай... барында.

Сөзүмдү сөзгө курадым,
Ата-эне билгин мурасың.
Укумдан тукум улаган.
Түгөнбөс өмүр булагың.

## МЕНИН КАЛЕМИМ

Жашоомдун ар бир аппак барагын,
Ар боёкко боёп жазат менин калемим.
Сүйүнүч - кайгы, жыргалы бар ичинде,
Бирок жазбайт, көңүл калса билемин.

Мага сырдаш, бир туугандай ынакпыз,
Кээде бала, тентектенген, чунакпыз.
Көп берактуу өмүрдө бүтпөс тарыхты,
Көп жигинен алды-артка чубаппыз.

Макул болуп мезгилине тараза,
Из калтырат өмүр аттуу баракка.
Оомал- төкмөл, буркан - шаркан жашоодо,
Урунамын турмуш деген сабакка.

Кээде сыйбайм өз дүйнөмө жат болуп,
Таарынычым сабырыман көп болуп.
Сооротконсуп жорголойт да калемим.
Уурдап алып ойлоруму тап берип.

Буулукканым заматта эле жазылып,
Жаркып кетем, бакыт көлү чайылып.
Талыбастан жаным бирге калемим,
Жаза бергин канат байлап талпынып.





Жандай көргөн сапарлашым калемим,
Жан сырдашым, калдың мага табылып.

## ЭНЕ ТИЛИМ

Эне тилим- эне сүтүм байлыгым,
Эзелтеден өчпөй келип, байыдың.
Ата- бабам мурас кылган эне тил,
Жол көрсөтөт Аалам жолдун айкынын.

Эне тилде Манас атам сүйлөгөн,
Манас таанып өзөк тилин үйрөнөм.
Эне тилдин учугун улап бабалар,
Улут үчүн, урпактар үчүн түптөгөн.

Эне тилде ыр жазганым зор бакыт,
Ала-Тоодой бийик болуп ой чабыт.
Эне тилдин чачыласын чачайын,
Ысык-Көлдөй тереңден сөз казып.

Эне тилде алдейлеп бактым баламды,
Бакыт таптым, сүйүү таптым жаманбы?..
Эне тилде ырдайм, жазам ой толгоп,
Билдире алам кубанычым, капамды.

Эне тилим эркин менин ыйыгым,
Ала-Тоодой, аскар зоодой бийигим.
Муюп угуп, ар бир накыл сөзүңдү,
Ак батаңдан агардым да көгөрдүм.



**Гулжамал Салиевна** – 1961-жылы 30-майда Ноокат районунун Көк-Бел айылында туулгамын Көк-Бел орто мектебин аяктап медицина тармагында билим алдым беш балам жана неберелерим бар азыр ардактуу эс алуудамын.

## АК-БУУРА

Оорукана Ак-бууранын боюнда,
Аккан сууга таңданамын оюмда.
Кайдан келип кайда кетип баратат,
Жаратылыш кереметти сонун да!

Уч кыйырсыз, түгөнбөгөн дарыя,
Мүнөт сайын толкундары шаркырап.
Өмүр дагы суу сыяктуу агат ээ,
Тээ алыска астейдил көз чаптырам.

Аккан суудай өмүр чиркин өтүптүр,
Өткөн күндүн кымындай бир изи жок.
Өз акысын алаары чын мезгилдин,
Кечээ гана көргөндөрүң бүгүн жок!





## АЖЫЛЫК

Жан дүнүйөм, ак пейилим жактыбы,
Жаратканым насип кылды ажыны.
Ойлорумду бөлүшөйүн бурадар,
Кайтаарым чын, бул жашоонун тактыгы.

Кубанбайлы жакшы кийим кийгенге.
Тандап чертип жакшы унаа мингенге.
Аткаралы Пайгамбардын сүннөтүн,
Парзыбызды жүрөк соккон күндөрдө.

Берип жаткан мунун баарын жараткан.
Жалган дүйнө, эсиңе кел оо адам.
Ниет кылып кабыл кылып исламды,
Оңолуу да өзүбүздүн ыймандан.

Бир кудайдын көзү түшкөн ыйык жер,
Тообо кылдым, суктандым да сыйындым.
Пайгамбардын көз жашына келген дин,
Жаман сапат ойлорумдан тыйылдым.

Элестетип ажылыкты бийиктен,
Тун уктасам аянындай түшүмдүн.
Көрүп анан өз, башымдан өткөндө,
Ажылык бул «Улуулук» деп түшүндүм!

Бак дөөлөткө мас болушкан байлар да,
Тигилбеген эхрам кийип катарда.
Кудай момун бей бечара ажыда,
Байлар менен бирдей жүрөт сапарда.

## МЕКЕН КӨЙГӨЙҮ

Ырчы менен элчиге өлүм жок деп,
Көнүлдөгү нерсени айтып келем.
Ишенбесең тереңдетип изилде,
Азыр элиң кредитке батып кеткен.

Айтаарым бар баарыңарга жалпыңа,
Тойду сүйгөн каада насил салтыңа.
Терип келбейт балдар жолдон тыйынды,
Ысырапты азайтсак дейм калкыма.

Аял заты үйдө отуруп билишпейт,
Бөтөн жердин, бөтөн элдин кандайын.
Уул кызың болуп кетти мигрант,
18 саат иштеп акча табаарын.

Кызың иштейт кемпир багып, идиш жууп,
Уулуң болсо курулушта тытынат.
Кармаганы цемент менен кыш болуп,
А акчасы, тойго кетет ысырап.

Көп коротсо бат түгөнөт билели,
Кулакка аны, сырга кылып илели.
Ден соолугуң алмашылбайт акчага,
Деген сөздү көкүрөккө түйөлү.





## АКЫНДАРГА

Акындардын ырларын окуп көрүп,
Толкунданып жатамын оо жараткан.
Океан го булардың эргигенде,
Жүрөгүнөн оргуштап ырлар аккан.

Сүрдөттүңөр акындар силер мени,
Тайсалдадым, а бирок чаңкап турмун.
Көз чаптырсам кылчайып арт жагыма.
Ырлар жокто бейкапар жашаптырмын.

Өмур бою ырыма маани бербей,
Казанында турмуштун кайнаптырмын.
Топтоштуруп аздектеп карап анан,
Том том китеп чыгарып салбаптырмын.

Узун узун ырлардын кези келсе,
Урпактарга берээрмин белек кылып.
Канаттарын кыркпайын ырларымдын,
Аллах берген талантты себеп кылып!

## ЭРТЕ ЖАЗ

Эрте менен окуюн деп “Багымдат”,
Таңды аман көргөнүмө шүгүр деп.
Өрүк гүлү гүл ачыптыр тептегиз,
Жар саламын жазым келди бүгүн деп!

Жараткандын нематына тан берип,
Карап турам өзгөрткөнүн жан берип.

Бул мезгилде сары кардын убагы,
Апапакай өрүк гүлгө жан кирип.

Дагы кандай кубулушка күбөбүз,
Жаратканым насип кылсын көргөнгө,
Эмне кылам кандай кылам десе да,
Жаратхандын ыктыяры өзүндө.

*09.03.2016*

## ӨМҮР

Өткөндөн сөз баштасам ал узун кеп,
Мал багып улап жүрдүк өмүр жолун.
Бээлерди жеткирчүүмүн жайдак минип,
Кайтканда уйду минип жүрдүм күлүп.

Балалык өтүп кетти чалды куйду,
Бой жетип түзөлдүм го күзгү карап.
Шок элем тентек элем, антсе дагы,
Окууну улантууну дегдеп самап.

Тагдырга насип кылып сендей жанды,
Тобокел деп күйөөгө тийип алдым.
Күйөөнүн эмне экенин кайдан билдим,
Калагы жок кемеде сүзүп калдым.

Көрсө мен даяр эмес турбаймынбы,
Ойлонуп анан турмуш курбаймынбы.
Эркелегим ээ жаа бербей оозу катык,
Жашоодо көп аксатты турмуш басып.





Өмүрлөр шамал сымал өтүп барат,
Көңүлдөр аны сезбей күйүп жанат.
Акырын акылыңды чогултканча
Жаштыгың кол жетпеген жакта калат.

Убакыт өктөмдүгүн койбойт тура,
Олтурам өткөн күнгө көз чаптыра.
Жаманы жакшысын да күндөрүмдүн
Тообо дейм, шүгүрчүлүк шүгүр гана.

## СЕЗИМДЕРИМ

Абалым жаман болду бүгүн менин,
Туңгуюкка кабылып сезимдерим.
Эми кандай кылайын билбейм деги,
Уйгу-туйгу жүрөктүн эзилгенин.

Сезимиме кайрадан муз тоңду го,
Акыл эс бер, сабыр бер жаратканым.
Чынын айтсам жүрөгүм ооруп турат,
Бул күндөр да закымдап өтөөр деймин.

Мен өзүмдөн өзүм да чарчап турам,
Бир боштука илинип калган сыңар.
Бул турмуштун бир келген сыноосуна,
Жол табалбай калганың арман чыгаар.

Оорубагын сезимдер суранамын,
Абалымды түшүнөөр адамдар жок.
Жүрөгүмдөн сызылып агып чыккан,
Ырларымда айтылбаган сырларым көп.

Буулугуп турсам дагы ыйлап ийбей,
Буулуккан сезимдерим туталанат.
Оор жүктү жүрөгүмдө салып алган,
Жол таппай кайсалактап кусаланат.

Сууну да сиңген жерге сепкин дешет,
Сөздү да угуучуга айткын дешет.
Кадырыңды билбеген адамдарга,
Убактыңды коротпой кайткын дешет.

## КЕЛИНИМ АЛЬБИНАГА

Кер маралдай керилген,
Уулумду сүйүп берилген.
Тамагын жасап жедирген,
Келинден жолдуу дедирген.

Ырахмат кызым ырахмат,
Өмүрүң берсин кудайым.
Намазда тилеп сураймын,
Сүйүп бир турсун жубайың.

Өркүнүң өссүн ылайым,
Акылдуу өссүн балдарың.
Бактылуу жарың жаркылдап,
Кашыңда болсун ар дайым.

Кайрымдуу чыгып балдарың,
Кадырың билип турса дейм.
Тең көрүп үзүр урматты,
Бактылуу өмүр сүрсө дейм.





Эркектин пири энеси,
Аялдын пири күйөөсү.
Каныкейдей келиним,
Бүлөңдүн болгун тирөөчү.

## ҮЧ ТЕПКИЧ

Уялбастан жазгым келет болгонун,
Сабак болоор жаштарга деп ойлодум.
Гүл тергендей жакшысынан үлгү алып,
Жаман жагын таштап салып койбодум.

Суранаарым капа болбой ырларга,
Туюп жаша эң бактылуу учурду.
Бейпил жашоо тынч уктайсын түнү сен,
Учурбагын кармап бакыт кушуңду.

Чындыгында турмуш жолу татаал жол,
Анын болсо сулуу жагы айтылат.
А мен болсо үч тепкичке бөлсөм деп.
Э жаа бербей кыялдарым алкынат.

Биринчиси эң жогорку деңгээлдер,
Ачып көрсөң сүрүп салып пардасын.
Жүрөк түшөт көргөзбөсүн пендеге.
Оң солу бар, ак карасы бүт баарын.

Экинчиси бул ортоңку деңгээли.
Тулку бою, ою дили орто заар.
Эт да эмес балы да эмес, чел да эмес,
Хамалёндой кубулууга дапдаяр.

Үчүнчүсү эң төмөндө кызык бар,
Жакшынакай бейиштиктер ошолор.
Жакшы жагы кудай момун элим көп.
Жаман жагы, караңгы жан коштоолор.

## ЖАШОО

Эдельвейс - жашоонун сонун кези,
Бул учурга балалык туура келди.
Билбей мунун кадырын өткөрүппүз,
Өкүнсөм да бул жашоо бербейт белги.

Билгенге бул тирүүлүк өзү жалган,
Өмүр жалган, жана да көңүл жалган.
Түбөлүктүү эч нерсе жаралбаптыр,
Өлүм анык чындыгында ушул арман.

## ТУНУМ АЛИМАГА

Асмандагы үркөрдөй жаркыраган,
Жан дүйнөсү, сезими аяр таза.
Айкөлдүгү деңиздей терең кенен,
Жардам колун жардыдан аянбаган.

Тун кызымдын ысымы Алимахан,
Эч бир жандын көңүлүн оорутпаган.
Чоң кичүүгө ар дайым сый көрсөтүп,
Булак суудай тазасың сен оргуштаган.

Эмгектенип, ар убак жанын урган,
Иштермансың бош отуруп тынчыбаган,
Карасаңчы, өзүңдү аясаңчы,
Түгөнбөгөн иш барбы жаным балам.





Жаркыраган берметтей сулуу кызым,
Өзүңө чын жүрөктөн ыраазымын,
Апакеңдин ак сүтүн актап жүргөн,
Жакшы көрөм сенсиң кызым ырыскым.

Бактылуулук каалаймын эки дүйнө,
Кем болбо ылайым, сүйкүм кызым.
Ак батамды беремин ак тилектен,
Аллах колдоп жолуң ачык жүргүн кызым.

## НАСААТ

Аялга көз карашың кандай деги,
Ким өзү сен тааныган аял заты?
Энеңби эжекеңби жубайыңбы,
Ойлонуп акыл калчап көрчү дагы.

Жубайына жумшак мүнөз адамдар,
Жашоодогу эң алдыңкы адам ал.
Аял заттан аяба саң жакшы кеп,
Ак жүзүнөн мээрим нурун чачат ал.

Чарчасаң да аялыңа көңүл бур,
Кийимиң жууп, тамагыңды жасаган.
Милдеттүүдөй чебелене санааркап,
Сен кечиксең жолуң күтүп караган.

Аялына кылган жакшы мамилең,
Үй бүлөдө тарбиянын башаты.
Жакшы адам ким, жакшылыгы көп адам,
Кечире бил эгер болсо катасы.

Кемчилигин көрсөн эгер аялдын,
Эстеш керек анын жакшы жактарын.
Кемсинтпегин киши алдында жарыңды.
Туугандарга жаман жагын айтпагын.

Аял деген жан дүйнөңдүн тынчтыгы,
Кемчилигин Алладан деп биле жүр.
Ал жаралган кабыргаңдан анткени,
Кандай болсо дал ошондой сүйө бил!

## БАЛДАРЫМА

Балбан жүрөк, менин кызым Жаннахан,
Кыргызстанга коркпой келип Россиядан.
Батып менин жүрөгүмө акырын,
Келин болуп калды мына карасаң.

Өмүр берсин силерге да жараткан,
Бактылуу күн кечиргиле ар дайым.
Пенде көрөт маңдайына жазганын,
Тен көргүлө урмат сыйын балдардын.

Менин уулум акыл эси көп бала.
Урмат кылган жубайына төп бала.
Кубанткыла энеңерди балдарым,
Жаратканым бере көрсүн көп бала.

## КӨК-БЕЛИМ

Коздугунду айтып берүү кыйында,
Атын Көк- Бел көк шиберсин чынында.





Суусуз деле жоготпойсуң көркүңдү,
Жараткандын айтып бүткүс сыры да.

Мынча сулуу мынча көркөм жарашкан,
Көктө булут термелгенсип бараткан.
Кубулжутуп сайрап турган куштарың
Көөдөндөгү көңүл черин тараткан.

Таң сүрүлсө күн шооласы чачырап,
Тоолоруңдан мөңгүлөрүң чагылат.
Тунук булак даамын татып көргүлө,
Кайталангыс кереметке чакырат.

## ДОСТОР

Күндөр өтүп кубалашып билинбей,
Өткөн өмүр көз ирмемге илинбей.
Кечээ эле жапжаш элек баарыбыз,
Мына бүгүн ак чач болдук дирилдей.

Силер менин, өмүрүмдүн жарчысы,
Силер менин, досторумдун жакшысы.
Силер менин сырларымдын ачкычы,
Силерсиңер, сөздөрүмдүн тактыгы.

Бул турмуштун таттуу жолун бастык биз,
Татынакай белестерин аштык биз.
Дагы деле бирибизди бирибиз,
Жөлөгөн таяганга шаштык биз.

Тамашалап бир сөз айтсак бирибиз,
Каткырыкты кулак жара салчубуз.

Азыр кээде кезигишкен кездерде,
Эскеребиз жазылганча жарпыбыз.

## МЕДИКТЕР

Бейтаптардын көңүлүн улай билген.
Ден соолугун, күн сайын сурай билген.
Жакшы сөзүн, мээримин кошо берип,
Учугун улап турган булар кимдер?

Албетте элибиздин докторлору,
Ооруларга дем берип дарылашкан.
Врач бирден талдап дары жазса,
Түшүндүрөт кеңешин аябастан.

Мээрбан кыздар тыпылдап укол сайып,
Кезектешип уктабай таң атырган.
Жан сакчылар ырахмат бар болгула,
Керегине калкыңдын жарап турган.

## АЛАЙКУУ

Шамалдарың сылап жүздү аймалап,
Дарактар башын ийип салам айтат.
Керилишип тоолоруң келдиңби деп,
Көк шиберде арча кайың кучак жаят.

Алайкуу деп аталса сенин атың,
Негедир жүрөк толкуйт согуп бачым.
Бабалардын издери калган жерден,
Жан-дүйнөмө бир сонун кубат алдым.





Уйгу-туйгу ичимдеги сезимдерим,
Ата-тегим өскөн жердин төрүндөмүн.
Төрөлсөм да Ноокаттын кызы болуп,
Алайкуум көкүрөктө көөдөндөсүң.

Жаратканым жериңе көрктү берген,
Көргүм келип сулуулугуң мен да келгем.
Көк тиреген тоолоруңа көз тийбесин,
Ырларымды тумар кылып тагып берем.

Көркү чыгып, чыйырга окшоп жолдоруң,
Бир жагында тоолор турат зыңгырап.
Ылдый карай көз жүгүртсөң коркосуң,
Сай ичинде суулар агат шылдырап.

## КЫЗЫМ АЙГЕРИМГЕ

Сыйлоо толгон, көңүлүңдү түшүндүм,
Урматтоолор чексиз болуп батпаган.
Жүрөк толкуп келди менин ыйлагым,
Кызымсың сен эмгегимди актаган.

«Бейиш сенин таманыңда апа» – деп,
Жүрөгүмө шаттык нурун чачасың.
Көкүрөгү толуп ташып мээримге,
Апаң сага берет күндө батасын.

Тагдырыма тартууланган күн үчүн,
Ыраазымын айланайын жараткан.
Жашоомдогу бардык жакшы нерселер,
Жаратканым берилген сен тараптан.

Миң бир ирет шүгүр кылам өзүңө,
Болсун сага чексиз-чексиз мактоолор.
Бактылуулук курчап турсун ар дайым,
Ачык болсун басып өткөн ак жолдор!

Текке кетпейт кылган ишиң максатың.
Ак сүтүмдү чын дилиңден актадың.
Бата берем өнүп-өс деп жүрөктөн,
«Кем болбогун» алкадым чын ниеттен!

**АПАКЕМ!**

Алдейлеп күнү түнү ойгоо жатып,
Ирмелбей каректериң, таң да атып.
Тарбиялап он бирин учурдуңуз,
Турмуштун түйшүгүнө терең батып.

Угулат кулагыма күлгөнүңүз,
Апакем узак өмүр сүрбөдүңүз.
Биз менен бактыбызга эсен болуп.
Арманым, бул жашоодо жүрбөдүңүз.

Сагынам апа жаркын элесиңди.
Билсем да кайтып бизге келбесиңди.
Көзүмдөн мөлтүрөгөн жаш куюлса,
Апакем балким аны сезесиңби?

Жылмайып балдарым деп «жал жал» карап,
Жүрдүңүз үмүт кылып көптү самап.
Жете албай нечендеген максаттарга,
Кеттиңиз, бизди кайсы жолго таштап?





Сагындым жоодураган көздөрүңдү,
Сагындым апа, мага айткан сөздөрүңдү.
Айталбай сар санаадан кайгырамын.
Аттиңай аз калганын өмүрүңдүн.

Жаш элем айткандарың байкабадым,
Ойлонуп жакшы сөз да айталбадым.
Көз жумуп кете бердиң алтын апам,
Аттиңай, ак сүтүңдү актабадым.

Сезимге батпай келет тоодой арман,
Айрылат канча жандар жакынынан.
Боздотуп боорун эзип мүңкүрөткөн,
Тирүүлүк өмүр кыска, жашоо жалган...
Айрылуу ата энеден бүтпөс арман...



**Акбалаева Марал** – 27.06.69 ж. Ош областынын Кара-Суу районунун, Отуз-Адыр совхозунда туулган. Кесиби мугалим. «ЭНЕ- эл бириктирет» ыр жыйнактарынын автору.

Алтын калем, Ыйык тил медалы о. э. көптөгөн диплом, грамоталардын ээси. Учурда Москва шаарында эмгектенет.

## СЫЙКЫРДУУ КӨРҮНҮШ...

Асманда калкып булуттар, күндүн көзүн жашырат,
Аргымак аттай чуркашып, кубалашып ашыгат.
Ободо учат карасаң, ак мамыктай үлбүрөп,
Тоо бетине оролуп, көздүн жоосун ашырат.

Көк кашкадай теминип, суулар агат көйкөлүп,
Чер-токойлор созулат, тоо-таштарга жөлөнүп.
Орсок тиштей оркоюп, имараттар көрүнсө,
Жүзүндөгү мең - калдай, талаа турат төшөлүп.

Казанды каптап койгондой, асман сырдуу төбөдө,
Оймо-чийме өңдөнөт, боз адырлуу дөбөчө.
Көргөнүңдөн көрбөгөн, көп экени сезилип,
Карап турат таңыркап, кара тарткан чөмөлө.

Анан эле горизонт көз алдыңда бөлүнүп,
Ак пахтадай жер болсо, асман көкмөк көрүнүп.





Не бир укмуш керемет, сулуу экен бул аалам,
Жүрөк толкуйт өзүнчө, мандайдан күн сөгүлүп!

## КӨҢҮЛ.......

Көңүл - назик, гүлдөй болуп үлбүрөп,
Аны баары чачып-жулуп үлгүрөт.
Түн койнунда жатса бүткүл көңүлүң,
Кабак ачып, анан кантип ким күлөт?

Көңүл - учкул, калкып жылган булуттай,
Бир жылмаюу, түнт асманды тунуткан.
Мээрим нуру каректерден төгүлгөн,
Көздөн тамган нөшөрлөрүн куруткан.

Көңүл- үмүт бирге жүрөт уялап,
Көңүл улайт үмүт шамын кыялап.
Үмүт соолсо, көңүл катат көк муздай,
Изин салып кара мөөрү сыялап.

Көңүл - сүйүү алоо оттой тутанат,
Тынчы кетип жүрөк туйлап ууланат.
Көңүл, көңүл баары сезим өзгөчө,
Көңүл менен жашоо нугу уланат!

## ААЛАМ МЫЙЗАМЫ

Дене сулуу ар түстөгү бөз менен,
Көңүл сынат арзыбаган сөз менен.
Жылуу мээрим таш жүрөктү ээритип,
Дүйнө жарык каректеги көз менен.

Ыйман нуру жан дүйнөнү жарытат,
Көрө албастык пейилиңди тарытат.
Миллиондор сактап калбас эч убак,
Сары ооруу бир ирмемде карытат.

Чиренбегин колго мансап барында,
Ийгилигиң катар шамдай жанганда.
Адамдыгың унутпагын кантсе да,
Өкүнбөгүн мезгил өтүп калганда.

Жашоо чиркин айлангыдай дөңгөлөк,
Аалам бурчу билесиңби төгөрөк.
Эмне кылба кайтып келет бумеранг,
Адал жан бол, анан турба чөгөлөп!

## МЭЭРИМ КЕТТИ ТУУГАНДАН...

Инсан көрдүм бетке бет кап тагынган,
Бүт жоругун парда менен жамынган.
Ич-ичинде ити өлөт тырышып,
Бирок сүйлөп, сөзү менен жагынган.

Тоо томкорот, сүйлөгөнү таш жарат,
Өз оюнда дүйнө жүзүн, башкарат.
Үй-бүлөдө бир тыйынга баркы жок,
Мээси тооктой, укук издеп баш жарат.

Жан дүйнөсүн көрө албастык ээлеген,
Кайда болсо өз пайдасын мээлеген.
Акча үчүн бир боорунан кечишет,
Абийир сотун кыпындай да сезбеген.





Карап турсам бул жашоонун манкурту,
Анткор жандар, болгон ага жан курбу.
Кыяматтын бир белгисин аныктайт,
Көңүл эзип, жүрөк кыйнап таң кылды.

## АК ТАҢ АТАТ АР КҮНҮ

Ак таң атат, жашоо нурун таратып,
Жакшы тилек, жакшы үмүт жаратып.
Барктай билип ар бир демин бүгүнкү,
Биз басалы таза дилдүү жанашып.

Суу шыбырап, аста агып нук менен,
Өмүр тилеп, жыбылжыган үн берет.
Эс алдырат чарчап турган көңүлдү,
Мүрөк суусу аймалашса күн менен.

Көз караштар жылуу гана жымыңдай,
Бир ирмемде жалын учуп кыпындайт.
Сүйүү оту туталанып билинбей,
Изи калат, өчпөс болуп кылымдай.

А акындар барак бетин чиймелеп,
Ырын жазат, жан дүйнөсүн ийкемдеп.
Аалам сыры табышмактай чечилгис,
Тагдыр тигет, өмүр жибин ийнелеп.

## ЭМИРХАНЫМ

Күндүн нуру, жарык чачат үйүмдө,
Жүрөк согот, бакытылудай дүкүлдөйт.
Келдим мына, күткөн көктөм өргөөмө,
Ак-Буурадай, кубанычым күпүлдөйт.

Ыйлагыны, коңгуроодой кагылып,
Неберемдин үнү, мени мас кылат.
Жылмайганы минут сайын сагынтып,
Сезимдерим, күүгө келип шаштырат.

Көп карабай, өзүмдөн да кызганам,
Уктап жатса, периштедей мемиреп.
Сактай көр деп, Жараткандан суранам,
Көз тумарым, аман болчу дедиртет.

Эмирхан деп, эркелетип элжиреп,
Балапаным, өмүрүңдү тиледим.
Улуу иштер, сени күтөт алдыда,
Аты-затың, төп келишин билемин.

**НЕБЕРЕЛЕРИМ**

Эгиздердей бир-бирине жанашып,
Мөмөлөрүм таттуу болгон данегим.
Кубанычка бөлөп мени турушат,
Санааларга чөккөн кезде карегим.

Топту тээп, тоголотуп ойношуп,
Эркелешет эгиз-козу улактай.
Ата-энеңдин кучагында чоңойгун,
Күлкүлөрүң шыңгыр аккан булактай.

Бал тилинен шекер сөзү куйулса,
Бакытымдан көлүп турам сымаптай.
Жылмайганы жүрөгүмө дем берет,
Нурун чачып, жарык жанган чырактай.





Там-туң баскан кадамынан гүл өнөт,
Жердин огу айлангандай сен менен,
Урпагымды улаарым бар сүйүнөм,
Ырым калат силер менен өчпөгөн.

**КАРА-СУУМ...**

Тогуз жолдун тому болгон Кара-Суум,
Токтобостон, желбиресин кызыл тууң.
Кыргызымдын бүт тарыхы сен менен,
Эске алып, сактап келет жаңы муун.

Ак алтының, жайнап чыгат бетиңен,
Мөмө-жемиш, гүлдөп өсөт четинен.
Берекелүү, бейиш жерсиң Кара-Суум,
Миң айтсам да, адашпаймын кебимен.

Түркүн улут, жашап келет жанашып,
Бир тууғандай, ынтымакты санашып.
Жибек жолу, чубап өткөн чоң кербен,
Ош пиримди, нечен элдер самашып.

Пайгамбардын изи калган, ыйык жер,
Курманжандай кыздары бар, улуу эл.
Кеңдигинен, бүткүл элге таанымал,
Күн желеси, уялаган улуу бел!

**БЕШИК ЫРЫ**

Алдей, алдей бөбөгүм,
Ак бешикке бөлөйүн.

Таттуу уйкуңду уктай кой,
Түшүң кооруп жөлөйүн.

Алдей, алдей бөбөгүм.
Кубанычым, өбөгүм,
Бакытыма сөз жетпес,
Рахатыңа чөгөйүн.

Алдей, алдей бөбөгүм,
Ак бетиңден өбөйүн.
Жыпар жытың мас кылат,
Тамыр улаар жөлөгүм.

Алдей, алдей бөбөгүм,
Колдон алып жөлөөрүм.
Алга басып кадамда,
Келечегим, өсөөрүм.

**БАЛА ЭНЕ ЖҮРӨГҮ**

Бүгүн дагы кайра сени эстедим,
Күлүп гана көз алдымдан кетпедиң.
Элестериң апакелеп эркелейт,
Бирок уулум кучагыма келбедиң.

Тамыр жайып өсүп жатат бутагың,
Эне десе, жарк дей түшөт кабагым.
Ордуң толгус эт жүрөгүм эзилет,
Неге мынча шаштың экен карагым

Көңүлүмө кир жугузбай жуучу элең,
Жаман ойду жеткирбестен буучу элең.





Максаттарың бийик болчу аскадай,
Ак көңүлүм кучак жайып турчуу элең.

Кайра-кайра тиктейм сенин сүрөтүң,
Ыйлаба деп, сезген өңдүү күлөсүң.
Көрбөптүрмүн кабагыңдын тырышын,
Билем балам бейиш төрдө жүрөсүң.

**СҮЙӨМ СЕНИ ТИРҮҮЛҮК!!!**

Ээ Тирүүлүк,
Сыйкыр күчүң ушунча
Кишени жок,
Сен турасың учурбай.
Билсем дагы,
Өмүр кыска экенин,
Баш көтөрбөй,
Кулуң болдум учурда.

Ээ Тирүүлүк,
Ашыкмын мен өзүңө.
Боюң түзөп,
Керилесиң өзүңчө.
Сендей башка,
Сүйө албайм чын эле,
Сен керексиң,
Сен ыйыксың өзүмө!

Ээ Тирүүлүк,
Колум коё бербечи!
Кетемин деп,
Жүрөгүмдү эзбечи.

Ооруу артып,
Жакынымды торобо,
Душман сымал
Мени бөтөн сезбечи!

Ээ Тирүүлүк,
Коногум бол түбөлүк!
Жашоо нугун,
Ойноп күлүп сүрөлүк!
Балдарымды,
Кучагыңа ала кой,
Дайым сыйда,
Аман-эсен жүрөлүк!

## ТАБИЙГАТТЫ КОРГОЙЛУ!

Күн кылайып, боз адырдын кырынан,
Кыштын күнү кызыл нурун таратат.
Аппак кар жок кыштын толук сынында,
Ызгаар суугу жүрөк оору жаратат.

Кеткен окшойт балалыкка биригип,
Мен ойногон ошол бийик муз дөбө.
Көк чөп чыгат, жердин үстү тилинип,
Кар ордуна чаң сапырып көрүнө.

Кышкы таңдар биз сабакка баруучу,
Өтүк тоңуп, аяз бетиң чымчыган.
Элес белем өтмүш өңдүү калуучу,
Кыш чилдесин өз ичине камтыган.

Алдык бекен табигатты таарынтып,
Барктай албай бизге берген белегин.





Ойлонолу турган чыгар эскертип,
Кор кылба деп келечекке керегин!

## КЫШ МЕЗГИЛИ....

Таң да атты, жарык жерге таралып,
Сур булуттар, асман бетин карартып.
Кышкы таңда, уктап жатат Жер-Эне,
Муздак шамал, чымчым өтөт баратып.

Жагып турат, аппак таңдын тынчтыгы,
Муз каптаган, аяз ата журттугу.
Айдагандай менде жаткан ойлорду,
Дем үшүткөн, аяз кардын мылтыгы.

Кооз чиймелер, терезеге тартылган,
Сырдуу сүрөт, ар биринде катылган.
Кыш периси, качан келип үлгүргөн,
Таң калтырып, чийген экен бачымдан.

## ТУҢГУЧ УУЛУМ ЭЛЕСИНЕ

Жанга айтпай ыйлап алам шолоктоп,
Көргөн сайын теңтуштарың ыраактан.
Жүрөгүмө салып кеттиң өчпөс так,
Сен жүргөндөй карай берем кылчактап.

Элесиң да чыга калат эркелеп,
Апакем деп колдон ала жетелеп.
Ачык мүнөз эркетайым, туңгучум,
Неге минтип ашыктың сен эртелеп.

Элестетем сакал-мурут койгонуң,
Ак жүзүңө майда бырыш толгонун.
Эр жетилип эки уулуң жанында,
Тоом кулабай арка жөлөк болгонуң.

Бирок аттиң, арман толду коштогон,
Чүрпөлөрүң калды артта боздогон.
Көрүп алып жубайыңды жапжалгыз,
Дүйнөм күйүп, жерге батпай томсором.

## САГЫНЫЧ.......

*(туңгуч уулумдун жаркын элесине)*

Сагынычтын кучагына жаз келип,
Кусалыктын бутактары гүл ачты.
Күлкү тамган кара көздөн нур кетип,
Жадыраган кабак-каштар муң чачты.

Булбул өңдүү сайрап турган кызыл тил,
Үнката албай уясына жашынды.
Жүрөк алсыз ичте кайнайт сары зил,
Баса албай букка толгон жалынды.

Түркүн түстүү ойлор булут жамынып,
Шамал болуп санаа-күмөн аралайт.
Сары күздөй дүйнө турат жабыгып,
Кабак бүркөө тамчылары салаалайт.

Үмүт агат өз нугунда чайпалып,
Алга сүрөп максат менен сүйүүнү.
Жылдыз сымал көкүрөктө жайланып,
Акыл менен басылат күйүт түйүнүн.





Элесиңе миң бир ирет жалынып,
Таба албай издейм сени жарыгым.

## АСЫЛЫМ ЭНЕМ

Асыл энем, мага кымбат бейишиң,
Каалабаймын, санаа тартып кейишиң.
Күнгө теңейм, сенин нурлуу жүзүңдү,
Түнгө окшойт, муңга чөгүп кетишиң.

Жароокерим, күйсө дагы көөнөрбөс,
Санааркайсың, бир пас мени көрбөсөң.
Бар дартымды алууга да даярсың,
Катаал тагдыр, жолдон тайып өрдөсөм.

Периштемсиң, жарык чачып турасың,
Улгайсам да, жаш баладай туясың.
Бассам-турсам, акыл-насаат үйрөтүп,
Өчпөс кылып, жүрөгүмө куясың...

Даңктап ырдайм, мээнитиңди энекем,
Батпас күнүм, мээрим толгон берекем.
Өмүр бою бир өзүңө карызмын,
Бул дүйнөдө таппас байлык сен экен!

## АЙТААРЫМ САГА

Акча үчүн кадыр баркың кетирбе,
Бой көтөрүп, мансап үчүн керилбе.
Бирде өйдө, бирде төмөн өрүш бар,
Жашоо сыноо- куру бекер ээлирбе.

Сен өзүңдү эрмин десең, шерлер бар,
Сен өзүңдү сулуу десең, үрлөр бар.
Түркүк болуп, асман кармап турсаң да,
Кайра кулап, бүк түшүүчү күндөр бар.

Акылманга теңдештирбе өзүңдү,
Калпы чыгат сенин дагы сөзүңдүн.
Көөдөн кагып өз өзүңдү мактаба,
Ойлоп сүйлө, көп сындырбай көңүлдү.

Канча бийик, болсо дагы мартабаң,
Жөп-жөнөкөй болгун дайым март адам.
Ай чырайды бузат адам пейили,
Бул дүнүйө кимден гана калбаган!

## СҮЙӨМ СЕНИ ӨМҮРҮМ

Бирде шаңдуу, бирде муңдуу толкуган,
Сүйөм сени, жалгыз дайра өмүрүм.
Токтоо бербей, аксаң дагы буркандап,
Сенден эч бир, калбайт экен көңүлүм.

Ашыгасың, жаш куракты ылгабай,
Ар бир курак, өз алдынча сырга бай.
Тартууладың нечен бакыт, арманды,
Жашап келем бир четинен тандабай.

Кымбатымсың, асылзаттай өмүр жаз,
Күлгүн курак, кетти менден кылчайбай.
Арман күүсүн чертет эми карылык,
Ыйлатса да, тополоңдуу чыр салбай.





Сени ойлойм, тыкылдаса саат жебе,
Өткөн мезгил ыйык болуп бир демге.
Баарын сүйөм, сен арнаган күндөрдү,
Мен жаралып, из калтырдым, мен деле!

## ЭНЕЛЕР

Бала ыйык, эне үчүн ар убак,
Бала күлсө, көөдөн толот күн чубак.
Ооруп турса, тынчы кетээр эненин,
Санаа каптап, түрмөктөлгөн ой чубап.

Ыйлап жатса, тикенектен баласы,
Канжар тилеп, сыздай эне жарасын.
Бала десе даяр баарын берүүгө,
Издеп табат, жеңилдетүү чарасын.

Турса дагы кара түндү чөгөрүп,
Эне алат бала дартын өңөрүп.
Эне дайым балама дейт үңүлүп,
Бала үчүн арнап бүткүл өмүрүн.

## МЕКЕНИМЕ САГЫНЫЧ...

Жашоо үчүн жалганга, акча болуп ачыткы,
Эл катары келгенмин мен да издеп бакытты.
Элегинен эленип, өттүм турмуш тагдырдын,
Ишенбеген көз жашка, Москва жүрөк катытты.

Эрте таңдан айланып, саат жебеси шаштырат,
Бул жетпеген тирилик, көздөн уйку качырат,

Метро ичин карасаң, кумурскадай калың эл,
Рахмат айтып каласың, баарын Москва батырат.

Терип алып ырыскы, бара жатам Мекеним,
Дан таптырбай бооруңдан, мигрант кылдың нечени н.
Алтындан турак берсе да, өгөй экен Москва,
Айланып учуп өзүңө, мекениме келемин!

Ак булутту аралап келе жатам элиме,
Күн шооласы төгүлгөн нурлуу Кыргыз жериме.
Асман ыйлайт нөшөрлөп, кубанычтан сөгүлүп,
Мен туюнган сезимдер, айтчы тааныш кимиңе?







**Насырова Самара Бакировна** – Ош областынын Кара-Суу районундагы Тельман айылында 28.06.1977-жылы туулган. 1984- жылы Тельман атындагы орто мектептин 1- класска мектеп босогосун аттап, 1994- жылы аяктаган. 1994- жылы Ош шаарындагы лицейден бир жылдык бухгалтерия курсун аяктап, Кара-Суу шаарындагы РОВД да катчылык кызматта алгачкы иш жолун баштаган. 1999- жылы Ош мамлекеттик университетинин филология факультетине тапшырып, кыргыз тил адабияты бөлүмүндө билим алып, 2005- жылы аяктаган.

Элдин агымы менен 2004- жылы август айында Москва шаарына жолдошу менен мигрант болуп келген. Мигранттардын алгачкы басып өткөн жолдорунан бүт өтүп, кара жумуштарда да иштеп, Пушкинскаядагы гүл салонго флористка болуп орношуп, 2007- жылы бул жатта да билимин өркүндөтүү үчүн, ОГПИнин биология факультетине сырттан окуу бөлүмүнө тапшырып, билим алган. 2009- жылдан бери чыгармачыл чөйрөнүн адамдары менен, тагыраагы акын жазуучулар менен тыгыз байланышта болуп, түрдүү иш чараларга катышып келет.

Жогорку кеңештен ыраазычылык кат, коомдордон көптөгөн грамота, мактоо баракчалары бар.

2013- жылдан бери Кыргыз Улуттук Жазуучулар Союзунун мүчөсү.

Данакер Лингвонун«АЛТЫН КАЛЕМ» номинациясынын ээси.

«МЫКТЫ КАЛЕМГЕР», «АСЫЛЗАТ» төш белгилеринин жана Кыргыз тили коомунун алдындагы «ЫЙЫК ТИЛ» төш белгисинин ээси. «МОСКВА КАЙРЫКТАРЫ» адабий клубунун ардагер мүчөсү.

5 китептин автору.

Чыккан китептери:

1. «КӨКТӨМ» - 2011-жылы ырлар жыйнагы.
2. «ЭКИ АСЫЛ» - 2012-жылы аңгемелер жыйнагы.
3. «ТАГДЫРДАН ТАМГАН ТАМЧЫЛАР» - 2015-жылы публицистикалык жыйнагы.
4. «СЕЗИМДЕР ТОПОЛОҢУ» - 2016-жылы лирикалык ырлар жыйнагы.
5. «АК ТАНДЫР» - 2020-жылы ырлар жана котормолор жыйнагы чыккан.

«Москва кайрыктары» китептеринин 2--4- 5-6-7- чыгарылыштарына чыгармалары чыккан. «Кыздар ай» альманах китебине да ырлары чыккан. Түрксой уюму чыгарган альманахка ырлары түрк тилине которулуп чыккан.

Ошондой эле 15 китептин редактору жана корректору. «Эне эл бириктирет» аттуу альманахтын редактору. 2016-2019-жж «ЖЕТИНИН БИРИ КЫДЫР» долбоорун негиздеп, көмүскөдөгү калемгерлерди эл алдына алып чыккан. 2020-2021- жж Карасуу районунун төрайымы кызматын аткарган. 2021-2022-жж Москва кайрыктары адабий клубунун редактору. 2016- жылдан бери бүгүнкү күнгө чейин жети дубандан түзүлгөн АКЭУ «КАМ КӨРҮҮ» кыз келиндер кеңешинин редактору жана администратору.

## АЯЛ ДЕГЕН КИМ ӨЗҮ

Аял! Аял! Аял деген ким өзү?
Аялуубу?... Кандай анын мүнөзү?!
Алсыз, назик, жаралган жан кол тийгис,
Аялдыгы, балким анын күнөөсү?

Аял - Эне! Тогуз айлап толгонгон,
Алдей айтып, түн уйкудан ойгонгон!
Аял- Апа! Ак сүт берип эмизген,
Урпактардын болочогун ойлонгон.





Аял деген, аруу таза, үлпүлдөк,
Аял деген, ташкын дайра күрпүлдөк.
Алла таалам жаратыптыр Еваны,
Адам Ата бирге өмүр сүрсүн деп...

Аял- апа! Көрктөндүргөн дүйнөнү,
Алп колунда адамзаттын түймөгү.
Аалам көркүн шаңга бөлөйт заматта,
Апалардын бир жылмайып күлгөнү!

Аял - Апа! Жаз күнүндөй жаркыган,
Аруу таза, жан дүйнөсү балкыган
Артып алып, Улуу атты мойнума,
Апалаган, балдарыма талпынам!

Мен да аялмын! Үзүлгөндү улачуу,
Мен аялмын! Чачылганды курачуу.
Урпак улоо аялзаттын милдети,
Бабалардан калып келген мурасы!

## ЖАКШЫ АДАМДАР

*Сөзү: Самара Насырова*
*Обону; Съездбек Искеналиев*

Жакшы сөз кандай жакшы жан эргитет,
Жакшынын ойлору бар мээ сергитет.
Жанашсаң андай жанга капысынан,
Жан дүйнөң аалам айды эркин кезет.

Жакшы адам жылдыз сымал жанып турат,
Жүзүнөн жылуу нуру тамып турат.

Дидары аурасы таза жандар,
Дилиңе аруулукту салып турат.

Баарлаштым дал ошондой адам менен,
Баятан сыр чечиштим калам менен.
Жүрөктөр шыбырашып жазылды чер,
Алдыга шилтеп таза кадам менен.

Баарлаштым апакемдей адам менен!

## НАРИСТЕ ДҮЙНӨ

Баалабай канча жандар жашагандай,
Баркымдын дараметин ашагандай.
Батасын алып элдин күн кечирем,
Баазы бир пенделерге капаланбай!

Жүзүм жууп ак жамгырга тазаланып,
Жылдардын мезгилине жазаланып.
Жылт эткен көз ирмемдин учкундарын,
Жыйнакка казал кылып жазам анык!

Кадырын канчалардын кетиргендей,
Карганы туурап каздар секиргендей.
Кудайдан коркпогондор бул дүйнөдө,
Капырай напсисин жеп эсиргендей!

Булуттар сүрүлгөндөй түрмөктөгү,
Булактын көзүн ачып үймөктөгү.
Жаңыдан төрөлгөндөй жашайлычы,
Күнөөсүз наристедей чүргөктөгү!





## ТҮПСҮЗ ОЙЛОР

Энедей шок баласын жемелеген,
Не түркүн ойлор менен чебеленем.
Чалкыган деңиздеги жээги түпсүз,
Барамын толкун жиреп кемеде мен!

Жан элем көптү нерсени элебеген,
Жашоонун ысык суугун кенебеген.
Жайдары мүнөз тартып токтоолукка,
Бараткан өңдөнөмбү же эмне мен?

Түбү жок ой санаалар алышууда,
Түн жиреп жылдыз менен жарышууда.
Төп келбей кылган ишке ойлогон ой,
Кыстаган турмуш менен кагышууда.

Алдыга койгон асыл максаттар көп,
Алакан чапкылаган жакшы аттар көп.
Аркандын көрүнбөгөн жибин тартып,
Анан да... ак жолуңдан аксаткан көп.

Күндөрүн жакшы жаман ченебеген,
Көрсөм да башым чөгүп кенебегем.
Кайдигер карай албай көп нерсеге,
Капырай, неге эле мен чебеленем?...

## ЖАШОО НУГУ

Көп ойлондум, аз жашаган өмүрдө,
Нелер келип, нелер кетти көңүлгө.
Ырыскысын бул дүйнөнүн көрсөткөн,
Ыракматым арбын болсун Теңирге.

Азар бердим кээ күндөрү бирөөгө,
Айып жасап, баткандырмын күнөөгө...
Азап берди а бирөөлөр мага да,
А бирөөлөр жандай сүйөп сүрөөдө.

Ким бирөөлөр балким мени сүйгөндүр,
Чын көңүлдөн бакыт тилеп жүргөндүр..
Да бирөөсү бычак уруп артымдан,
Байкамаксан боло, кытмыр күлгөндүр...

Балким кимдер, унуткандыр эскербей,
Кыйгач басып, кайчылаш жол беткелбей.
Мен да аларды унутаармын акырын,
Ак кар басып, изи жуулуп кеткендей...

Ал анткени жер огунда айланып,
Жашоо нугу кең ааламга байланып.
Өтөт тура, бүгүн барбыз, а эртең,
Өзүбүз жок, биз жашаган жай калып.





## АЙЫЛДАГЫ КЫШ

Кара сууктун иси жыттанып,
Түтүн бүрккөн мору шаңкаят.
А абышка комуз күү чалып,
Ак байбиче төрдө балпаят.

Аппак карга оронгон айыл,
Айран курут нанды эңсетет.
Ак тон кийген дарактар шайыр,
Айлуу түндө шамал терметет.

Дүкөнчө бар кыштак четинде,
Күн чубактап чалдар чогулчу.
Кыш күндөрү кыска.. Бешимде
чүкө ойнолуп, насвай чегилчүү...

Эшек минип боз балдар, кыздар,
Суу алганы сайга жөнөшчү...
Муз тепкени ээрчип иниси,
Апкый басып, артын көлөштүн.

Көң каланган ысык меш турат,
Кара чайнек кайнайт бүлкүлдөп.
Капшытында бир кыз олтурат,
Курак сайма курайт түркүндөп.

Кең жайытын сагынган өңдүү,
Сарайдагы уйлар мөөрөшөт.
Кыш күнүндө бук болгон сымал,
Кой эчкилер маарап жөөлөшөт.

Айыл! Элет! Демиң күч берет,
Топурагың ыйык мен үчүн.
Туулган жерим эсимден чыкпас,
Ар бир сабым, ырым сен үчүн!

## ЖАКШЫЛЫККА ҮНДӨӨ

Кетирбей тирүүлүктүн каталыгын,
Кечирип өзгөлөрдүн капалыгын.
Жандай чаап, сүрөп алга чыгарууга,
Таптаса, күлүк болот ат арыгын.

Чаптап жаман сапатты көз көрүнөө,
Чабалактап өзгөнүн өскөнүнө.
Чалкасынан чак түштө бир түшкөн бар,
Чаап ийгендей капыстан төшкө бирөө.

Артынан түшүп алып бирөөлөрдүн,
Апыртып көтөрүшөөр күнөөлөрүн.
Жамбаштап жата калып ат үркүткөн,
Жамандын артык дешет бир өнөрүн.

Жабышкандай айыккыс жаман илдет,
Жаман жакшы бөлгөн бар адам иргеп.
Жараткандын белеги ар бир таңым,
Жакшылыктын күнүнө барам үндөп.





## МӨЛТҮР СУУДА СҮЗГӨН БИР ЖУП БАЛЫКПЫЗ

*(Позитив)))....*

Оолак тартып, алыстадык негедир,
Балким баары убактынча элedir..
Тээ түпкүрдүн тереңинен сезебиз,
Ал анткени, биздин түшкөн кеме бир!

Жолугуштук, айлар өтүп, күн өтүп,
Жүрөктөргө кусалыкты түнөтүп.
Сагынычтын санааларын арт жака,
Салдык таштап, күн түнүбүз бир өтүп.

Дартыбыз бар, көкүрөктө айыккыс,
Далай күндөр сагынышып калыппыз.
Эркин куштай канат күүлөп кетсек ээ?..
Ээн жактарга.. эч ким көрбөс, жан уккус...

Дилибиздин тазалыгы туптунук,
Мөлтүр сууда, сүзгөн бир жуп балыкпыз.

## БИРДЕ ТОЛГОН БИРДЕ СООЛГОН СЕЗИМДЕР...

Бул кандай?.. Буулугуунун чеги жетип,
Буркурап турган күчтүн деми кетип.
Көңүлүм ал күчү жок калдаңдаган,
Көз жарган жаш аялдай бели бекип.

А балким тагдырымдыр тартууланган,
Абайла!.. Көкүрөккө дарт чыланган.
Айыпсыз сезимдерди айыптаба,
Ансыз да жан дүнүйөм жартыланган.

Маанайым бирде толуп бирде толбой,
Маңыздуу бул жашоодо бирге болбой.
Тагдырым даңгыр жолго алып барчу,
Жетелеп бара жаткан ичке жолдой.

Көп элдин катарында күн кечирем,
Көңүлүм бирде толсо, бирде толбой....

## АДАМДЫН БААРЫ БИРДЕЙ.

Адамдын баары бирдей жаманы жок,
Замандын бизге койгон талабы көп.
Андыктан, беш күнчөлүк бул өмүрдү,
Жүрөбүз, туура жашап калалы деп.

Армансыз адам болбос бул жарыкта,
Алдырган тулку боюн кусалыкка.
Абайлап, уруна бил тагдырыңды,
Алдыга карай умтул, тур талыкпа!

Сыйлашып жашаганга эмне жетсин,
Сыйымды, түшүнбөстөн делбе депсиң..
Кыргыздын терс ойлогон сапаттары,
Көз көргүс кулак укпас жерге кетсин.

Пейилди кел оңдойлу эң оболу,
Бузулса пейил, элге эм конобу?..





Бай кедей, алдуу алсыз деп бөлүнбөй,
Баарына бирдей карап, тең бололу!

## БИР УУРТАМ ЫР!

ЖАШОО! ...ТУРМУШ! ..Тамашасы тагдырдын,
Жашайын деп, жок нерсени бар кылдым.
Жага албадым төбөм жерди казса да,
Жарым үчүн, кең дүйнөмдү тар кылдым.

Кечкин дедиң, кечтим АТАК даңкымдан,
Кашык менен чогулткан ууч баркымдан.
Кайран демди өз кол менен капшырып,
Капилеттен дүнүйөмдү кар кылгам....

Кошулба деп, ЭЛГЕ, ДОСКО, ДУШМАНГА,
Кой берекем, антип көпкө кызганба.
Камабачы тар капаска зар болдум,
Каным катып, бир ууртам ЫР жутканга!...

Макул десең, элге кызмат кылайын,
Маара алып, бар күчүмдү сынайын.
Махабаттын жүгү менен журтума,
Максатым чоң, МУЗА, ЛИРА сунайын.

## КАЧАН ИЗДЕП КЕЛЕСИЗ ЖУМУШУМА

Үзүп салып карабай, кулпусуна,
Үмүт берип тынч жаткан турмушума.
Калдаңдаган каралдым гүл көтөрүп,
Качан издеп келесиз жумушума?...

Адат болуп азгырык наркомандай,
Арзууңуздун тизгинин башкаралбай.
Азап чегип жүрөсүз, аны билем,
Аттап басып кеталбай башкалардай..

Унутуңуз деп айткан өтүнүчтү,
Укпайсыз го кандай, эхх өкүнүчтүү..?
Жолун таппай мен дагы карбаластайм,
Жүрөгүмдөн атыңыз өчүрүштү.

Билсек дагы жолдорду бирикпеген,
Бизди турмуш миң калчап электеген.
Балким бир күн кыялдар ишке ашаар деп,
Бакыт күтүп жашайбыз үмүт менен.

Бирок бизди бул тагдыр бириктирген...

**АРЗУУ**

*(Обону Тимур Саламатовдуку)*

Көөнүмдү толук ээлеп алдыңыз,
Көңүлгө назик бүлүк салдыңыз.
Ыр дүйнөсүндө кездешүүдөн соң,
Ырыстын шамы болуп жандыңыз.

*Кайырма:*
Жаратканга мен улам жалбарам,
Жашоом болсунчу сенсиз калбаган.
Кыз кыялымда сени тандагам,
Бакытым болчу мени жандаган.





Жагымдуу обон, эргитет жанды,
Дилдирейт кылы, комуздун шаңдуу.
Жактыбы деген, астыртан карап,
Соболуң эстеп атырдым таңды.

*Кайырма:*
Жаратканга мен улам жалбарам
Жашоом болсунчу сенсиз калбаган.
Кыз кыялымда сени тандагам,
Бакытым болчу мени жандаган.

Авазың мукам жарашып ыргак.
Арбадың мени жанашып ырдап,
Эркимди таппай сыздадым жигит,
Элжиреп улам добушуң тыңдап.

Жолуккан кезде, жадырайт көзүм,
Көөдөнүм толкуйт жашырбай сезим.
Бакыттын даамын таталы бирге,
Бактылуу кылчуу, асылжан өзүң.

*Кайырма;*
Кыз кыялымда сени тандагам,
Кубанчым болчу мени жандаган.
Тагдырым эгер буюрган болсо,
Таалайың болуп сага арналам.

**АЙ ЖАНА МЕН**

Сагындым айды толукшуп толуп турганын,
Акырын каалгып көңүлдүн жазын бурганын.
Сөрүдөн карап оронуп жатчүм жуурканга,
Жаңыдан гана ийилген айдын туулганын.

Тилегим айтып телмире тиктеп жаңы айды,
Кыялым менен орнотуп салчум далайды.
Сырдашып атып уйкуга көзүм илинчү,
Сырдана болгон ай узап кетчү таң алды.

Эжекем айтчу сулуу кыз айдын ичинде,
Суу алуу үчүн өзөнгө түшөт кечинде.
Ошол кыз менен достошот элем деп далай,
Айды аңдып кызды, күткөнүм али эсимде.

Айдагы доско айтчумун далай сырларым,
Балалык кезим эң эле таттуу жылдарым.
Ал кезде кайдан билипмин кокуй катыгүн,
Азаптуу жыргал турмуш агымы сындаарын.

Ай досум кирип кечээги түнү түшүмө,
Чайканып атам жаркыган айдын сүтүнө.
Ааламды көрүп олтуруптурмун ай минип,
Ансайын кирип, толукшуп күчүм күчүмө.

Ойгонуп алып толкундап турду бүт денем,
Оюмдан кетпей жуунганым аппак сүт менен.
Оңолсо түшүң, оң келет ишиң жашоодо,
Ордумдан турдум, оргуган эргүү күч менен.

Шыкаалап тиктей издеймин айды балкыган,
Сур булут асман keриле карайт чалкыган.
Ай жылдыз чыкпас Маскөөнүн сүрдүү түнүнөн,
Айылдын айлуу түндөрүн көздөй талпынам.

Айылда менин, салынган куттуу үйүм бар,
Ай досум жана Мекенге деген сүйүүм бар.





Ар убак мени күтүшөт качан келет деп,
Колдорум тийген казаным, табак, буюмдар.

Барамын сага азыраак күткүн ай досум,
Кайтарып кара, үйүмө ит куш конбосун.
Өзүңдү кошуп жомогум айтып беремин,
Кунт коюп угаар балдарым жана жолдошум.

Ааламга түндүн чүрөгү жарык үйлөгөн,
Кусамын айга асманда каалгып бийлеген.
Айласыз асыл өмүрдүн күнүн кечирем,
Аймакта жашап, айдын ак нуру тийбеген.

Алла буюрса алдыда далай кырды ашам,
Айылга барсам ай досум менен сырдашам.
Ай минип алып жолугуп асыл курбума,
Атагы жарган ааламга жетээр ыр жазам!..

Ай досум сени даңктаган айдай ыр жазам!..

## КЫЗЫМА НАСААТ

*Сөзү: Самара Насырова*
*Обону: Орозгүл Токторбаева*

Татына кер маралдай келин болуп,
Терметкен тиргиликке эбиң болуп.
Түбөлүк бакыт тапкын барган жерден,
Түшкөн жер бир өмүрлүк элиң болуп.

Бакыттын өргөөсүнө өрдө кызым,
Бала таап өнүп өсүп өйдө кызым.

Баш ийип агымына суунун карап,
Бастырып эки журтту бөлбө кызым.

Урматтап кайнененди кайын журтту,
Унутпай төркүнүңдү калың журтту.
Учугуң убап чубап көбөйө бер,
Урпагың узун болсун дайым куттуу!

## ЖОГОТПОЙМ ЭМИ

Ачылбай кабак,
эч бир жан толбой көңүлгө,
Азапка гана,
келгем го дечүм өмүргө..
Капыстан жарк деп,
жолумдан чыкты бир адам,
Капалуу күндөр,
чыкты бейм чындап төгүнгө..?!

Алгачкы биздин,
аялуу секунд мүнөттөр,
Аптыгып турду,
түрсүлдөп соккон жүрөктөр...
Арзуунун ушул
көз ирмем тунук булагын,
Бар бекен бир жан,
«Шедевр» жазып сүрөттөөр..?!!!

Жанчылып көңүл,
жабыркап жүргөн кезимде,
Жолумдан чыгып
салдыңыз бүлүк сезимге...
Жоболоң салып
жок жорук баштап ийсемби?,





Жоготпойм эми,
жүрөсүз менин көзүмдө...!!!

Келиңиз күтөм,
көңүлдүн бугун басыңыз,
Дээликкен демди,
сезимдин жарпын жазыңыз!...
Айтышса мейли,
кайылмын азыр баарына,
«Ашыктар» делип,
тарыхта калаар атыбыз!!!

Келиңиз күтөм, бакытка эшик ачыңыз...!!!

## КОЮПТУРМУН АК СЕЗИМДИ КЕНЕБЕЙ...

Бөбөгүнө миң үйрүлгөн энедей,
Мен жылмайсам кубанчуусуз ченебей.
А мен сизге көңүл кош бир мамиле,
Жасап жүрдүм, сүйүүңүздү кенебей..

Сезсем дагы сунбай моюн толгопмун,
Сезимди мен тебелепмин, кордопмун.
А сиз болсо кайыл болуп баарына,
Ал ан сайын, көңүл кушун тордопмун.

Чебелектеп торго түшкөн чымчыктай,
Чыртылдасам, баш чайкайсыз унчукпай.
Чыдамыңыз «Баракелде» зор тура,
Чыдадыңыз, экен кантип тумчукпай?..

Сүйүүңүздү сезгенимче кечигип,
Жан дүйнөңүз бүткөндүр ээ эзилип?

Менде шоола пайда болгон убакта,
Калган экен тагдырыңыз чечилип..

Үмүтүңүз менден үзүп башкага,
Калган экен насип буйрук этилип....

## БОЗ ДӨБӨ, КӨРҮСТӨН...

Атамды жерге берип көмүшкөндө,
Буркурап ыйлап бардым көрүстөнгө.
Бозоргон топуракка жуурулушуп,
Боз дөбө калат тура, өлүшкөндө...

Таң эрте ыйлап турдум жай башында,
Маркумдар айылынын чарбасында.
Дөмпөйгөн дөбөчөлөр үнсүз тосот,
Айланып өлүү шаардын картасына...

Элестеп жер кучактап жатканыңды,
Ээн жайга караңгыга батканыңды.
Эчкирип жүрөк боорум куйкалана,
Эсилим, жазам муңдуу саптарымды.

Бозоргон сары топо үйүлүп тур,
Болкулдап көздөн жашым куюлуп тур.
Акырет сурак жообуң жеңил болуп,
Бейиштин гүл багында сүйүнүп жүр!

Ишенбейм гөр түбүндө жатканына,
Ишенбейм шашып ажал тапканына.
Аманат жан экенбиз тирүүлүктө,
Адамдар!!!
Ата энени сактагыла!!!







**Кожобекова Алтындай Уларбековна** – 1961-жылдын 21-декабрь күнү Ош облусунун Кара-Кулжа районунун Торуойчу айылында жарык дүйнөгө келген. 1978-жылы Свердлов атындагы орто мектепти аяктаган. Кесиби бухгалтер

1981-жылдан 2007-жыл аралыгында кинофикатция тармагында кассир болуп иштеген, Учурда, 2007-жылдан бери карай Россия федерациясынын Иркутский шаарында убактылуу жашап эмгектенүүдө, Ырлары жергиликтүү, облустук, республикалык гезиттерде жарыяланып келген, «МИГРАНТТАР ПОЭЗИЯСЫНЫН АНТОЛОГИЯСЫ» алманак китеби чыккан. Көптөгөн грамота, диплом, алкыш кат, сертификат, элдик талант медаль менен сыйланган.

Төрт кыз эки уулу бар, он жети небере, үч чөбөрөнүн бактылуу чоң эне тайениси.

## КАНЫ ТАЗА КЫРГЫЗДЫН

Боз жорго бара жатат элиргендей,
Таш жүрөгү шамалды жирегендей.
Оюн салып бара жаткан нурлуу жигит,
Таза кыргыз экендигин билдиргендей.

Көөкөрү оймо менен күмүш баскан,
Жүгөн чылбыр боз жоргого куп жарашкан.
Башына ак калпагын баса кийген,
Кыргыз эли суктанышып бүт карашкан.

Кыздары кийет төрт чач өрүп шөкүлө,
Кымча белдүү, буралышат өзүнчө.

Каны таза кыргыз сулуу кыздары,
Көркүн ачат ачышкан кызыл күлдөр көркүнө.

Күн кылайып чыккан кезде олтурушат, .
Өткөн күндү аксакалдар кеп кылышат.
Байыркыдан өткөн күндү сөз кылышып,
Мал тосууга, күн батканда таркалышат.

Ак элечек кийинишкен байбичелер,
Чачбак тагып чачтарына келишкендер.
Кыргыз үйдүн эшигинин көркүн ачып,
Кымыз куюп нурун чачкан берешендер.

Тартылган кулундарга узун желе,
Тээгин салат бирден кармап сулуу жеңе,
Чөкө түшүп шартылдатып бээни сааса,
Көйнөгү да жарашыктуу көркүн бере.

Жаш балдар оюн салат боз топурак,
Чаңытып ойноп келет кеч топурап.
Ойлорунда эч нерсе жок көңүл таза,
Кандай сонун кереметтүү бала курак.

## ЫР ЖАЗГАН МЕНИН КАЛЕМИМ

Ыр жазамын, колго барак алайын,
Эй, аттигин кайсыл бирин жазайын.
Ырга салдым ачуусун да таттуусун,
Ал күндөгү өткөндүгү талайым.

Жүрөк чиркин согуп иштеп турганда,
Ырды жазам адал эмгек кылганга.





Өрнөк болуп талыкпастан айтылсын, .
Жашоом бүтүп мен көзүмдү жумганда.

Максат коюп, жашап ушул жалганда,
Калбас үчүн бул жашоодо арманда.
Эргүү келсе жаза берем ырымды,
О дүйнөгө жүзүм жарык барганга.

Алым кетип калем барак калганча,
Эки көзүм тунарык болуп талганча.
Өкүнбөстөн өтүү үчүн дүйнөдөн,
Ак эмгекти кыла берем карыганча.

## ЫР ЖАЗДЫРДЫ БОЗ ЧЫМЧЫК

Ойго батып үнсүз тиктейм терезени,
Аппак карды карап турам эригенин.
Жамгыр жааса кар да эрийт шыбырданып,
Турам ойдун тереңине берилгемин.

Чымчык конду, чырт-чырт сайрап изденип,
Жерге түштү канат кагып делбенип.
Карда баскан майда - майда издери,
Көзгө сүйкүм, бергим келет жем берип .

Коркон сымал мойнун созуп элеңдейт,
Учуп конот, бактан түшүп сереңдейт.
Добуш чыкса чырйт деп карайт бир азга,
Канат кагып, Учуп кетти келем деп.

Ойлоп турдум боз чымчыка кааладым,
Терип жесин, жер эненин талаасын.

Карап туруп тизмектелди ырларым,
Боз чымчыгым бузбай жүрсүн катарын.

Калем барак колго алдым мен тыптынч,
Жүрөгүмө ырлар келди нур чачып.
Тизмектетип ак барака түшүрдүм.
Эргүү келип ыр жаздырды боз чымчык.

## КАСИЕТТҮҮ СУЛАЙМАН-ТОО

Кылымдардан ыйык туткан Сулайман - Тоо,
Жараткандын көзү түшкөн ыймандуу - тоо .
Тоо тиреген ыйык сенин таштарыңа,
Сыйынышып шыпаа табат Касиеттүү - Тоо.

Ош шаарымдын ортосунан орун алган,
Атактуу Ак - Бууранда күндө майрам.
Суктантып бүт адамды алган тартып,
Көркүн көрүп, жүрөгүнөн нуру жанган.

Сулайман - Тоо, жер жүзүнө атың кеткен,
Даңкыңды ар ким угуп түрдү кептен.
Ыйык тоонун санжыралуу сүрүн көрүп,
Сыйынышып шам жагышып «тобо» дешкен.

*Кайырма*
Суктанам сени менен Сулайман - Тоом,
Карасаң Ошту тегиз көргөзгөн тоом.
Кылымдарды карытып жашай бергин,
Касиеттүү - Ош шаарым Сулайман - Тоом.





## ЫРЛАРЫМ МЕНИН СЫРДАШЫМ

Жакшы күндүн арасында кайгы күн,
Болуп келет орошондуу кара түн.
Өткөн күндү эстебейин десем да,
Карап өт дейт, сыр толтурган китебим.

Өткөн күндү эске салып жаратам,
Жазгым келет түркүн тагдыр тараптан.
Тизмектетем ачуу - таттуу сүйүүнү,
Көңүл ачып сезимдерим каратам.

Эргүү келсе жүрөгүмө тез бачым,
Жазып калам, учурбашка мен шашып.
Калем, барак, бирге жүрөт дайыма,
Ырлар менин өмүр жолум сырдашым.

## КҮТҮП КЕЛЕМ ЧАРЧАБАЙ

Үмүт кылып күтүп келем чарчабай,
Таң шооласы нурун чачкан ак таңдай.
Тун сүйүүнүн керемети ушудур,
Караан көрсөм мени көздөй баскандай.

Күндөн - күнгө ойлой берем өткөндү,
Сонун күндөр тизмек болуп бүтпөдү.
Канча болду сагыныпмын өзүңдү,
Жытың келди эч серпилип кетпеди.

Билем сени, менсиз жашооң кыйынын,
Көрүп турам, жашоо турмуш себебин.

Тайыгансың түз жолуңдан адаштың,
Сезип турам сен бушайман жегениң.

Өттү күндөр билинбестен далайы,
Аттиң арман калыптырсың улгайып.
Мени көрүп кызганычың арттыбы,
Араң турдуң намыс үчүн колго алып.

Эки тизгин бир чылбырды тең кармап,
Бирде күлүп, бирде жүрдүм сумсайып.
Балдарымды коноргого кондурдум,
Мен бактылуу туш тарабым ажайып.

## КҮЗ МЕЗГИЛИ

Убакыттын өткөнүн көр билинбей,
Өтөт тура баары көзгө илинбей.
Жалбырактар жатат жерде саргайып,
Кечээ турчу сабагында дирилдей.

Берекеси бирок күздүн керемет,
Көктүн нуру жамгыр болуп себелеп.
Кыштын камын кышында ойло, шүк отур,
Деген ойлор, эмнегедир жемелейт.

Кете берет тура баары өз жолунда,
Жаман - жакшы баары Кудай колунда.
Максат коюп, убакытты пайдалан,
Күз келгенче, жадырагын доорунда...





## ЖАШОО ЧЫНДЫК

Чындык сөздү тик айтып чыркыраймын,
Зээним кейип калп сөзгө зыркыраймын.
Ак ийилет а бирок сынбайт билем,
Көрүп туруп жүрөгүмдөн ыр курай мын.

Эки жүздүү, көрөмүн адамдарды,
Кере шилтейт алдыга кадамдарды.
Сүйлөгөндө ойлонбойт жаным кейийт,
Айтса бетке каратып жалгандарды.

Күлүп туруп, муз кылып үшүткөн бар,
Жайкап сүйлөп, жакшыны түңүлткөн бар.
Ачык айтып чындыкты жүзүнө айтсаң,
Танат бөлүп качан деп бүшүркөйт ал.

Күн кечирип жүргөн бар ушак менен,
Бир - бирине сөз атып тузак менен.
Ыйман берсин жараткан сабыр берсин,
Жолго салсын ар демде сурап келем.

Насаат айтам укканга калыс болом,
Бузуку көрө албастан алыс болом, .
Беш колубуз санасаң бирдей эмес,
Ак баракка сыр кылып жазып койом.

## БИЙИК УЧКУН ШУМКАРДАЙ

Кийип жүрсө, кийиминен баалаба,
Иштейт бул деп кызматына караба.

Ар бир пенде акылынан байкалат,
Билбей туруп күмөн ойду жандаба.

Акыл менен учсун бийик шумкардай,
Күлүк чыксын сыймык алган тулпардай.
Которушуп түрдүү тилге сөздөрүн,
Болсун чыгаан көрөңгөсүн туткандай.

Бир кемеде баары бирге бараткан,
Бийик учуп, бир болууну самаган.
Акыл - ойду билим менен ширетип,
Көпөлөктөй болсун гүлдөр тандаган.

## САГЫНДЫМ

Торойчу жерим айланам,
Гүлдөрү сонун жайнаган.
Суу бою өскөн бүлдүркөн,
Барганда ага байланам.

Сени мен абдан сагынгам,
Кымыздан ичсем баарынан.
Жайнаган гүлдү аралап,
Кусамдан толук арылам.

Алыска кеткен атагың,
Алыста жүрүп капамын.
Ажалым жетпей өлбөсөм,
Төркүлөп бир күн барамын.

Чыккан кыз чийден тышкары,
Өттү көп жылдар жыл сабы.





Көр оокат, турмуш айынан,
Баралбай келем мен дагы.

## ТҮШҮМ МЕНИН

Уктап жатып, чочуп кеттим түш көрүп,
Жакшы жакка жоруп койдум түз көрүп.
Бүт ааламды тегеренип айланып,
Элес алып, таң каласың, ой күлүк.

Болсо баары түштөгүдөй курагың,
Канат байлап дөңдөн дөңгө учамын.
Качып барам, жеткизбөөгө күүлөнөм,
Дүкүлдөгөн жүрөгүмдү угамын.

Жакшы жакка жоруп койдум түшүмдү,
Эргүү алып чыгаргамын үнүмдү.
Түшкөн нелер кире берет бул чындык,
Колдоп турсун жаратканым күнүмдү.

## ПОЭЗИЯ

Поэзия менен дайым сырдашам,
Кубат берет, көөнүм чөгүп ыйласам.
Дептеримди жазууларга толтуруп,
Тизмектетип агыл - төгүл ыр жазам.

Күйгүзөмүн үлбүрөгөн биликти,
Жакшы ойлор көңүлүмдү жибитти.
Өткөн күндөр эске келип толгоном,
Дагы нечен ыр жазууну ойлоном,
Поэзия менен менин жашоом бирикти.

Поэзия узак жашаар өмүрсүң,
Ак кептердей көкөлөгөн көңүлсүң,
Сөздүн гүлү кайдан келет табайын,
Оң колума калем сапты алайын,
Дептериме түркүн ырлар жазайын.

## КҮЗ ЖАМГЫРЫ

Күз айынын жаады тынбай жамгыры,
Карап турдум, мезгил ырым салды?
Көркү соонун жалбырактар саргайып,
Кар жаайбы, кыш жакындап калдыбы?

Сонун болот күздүн дагы убагы,
Тойсун жердин чаңы чыккан бубагы.
Мени дагы терип алгын дегендей,
Бышып турган балдай таттуу курмасы.

Асман турат, көрдүңбү деп тунарып,
Жааган жамгыр алып келет кар алып, .
Кыш мезгили келип калды капырай,
Аппак карда бетке ураар буралып.

## СЫЙЛАП ЖҮРӨЛҮ

Жаралдыңбы таза карма көңүлдү,
Жаратканым канча берет өмүрдү.
Адамсыңбы, адам бойдон жүргүнүң,
Эстей жүргүн, бир күн келээр өлүмдү.

Деги болбойт, адам заттын жаманы,
Баары бирдей, жаман дебе адамды.





Ашыкчасын кыялынан билгиниң,
Иргей билгин ичиндеги караны.

Билип калсаң, шылдың кылба адамды,
Кайтар дүйнө, ойлоп ташта кадамды.
Бул жашоодо кечиримдүү бололу,
Ажал улук алып тынат жаныңды.

## БАЛАЛЫК КЕЗ

Төрткө бөлүп апам тарап чачымды,
Секин сылап самайымдан башымды.
Тигип берген шалбар көйнөк жарашып,
Чуркап ойноп жүргөн кармап нанымды, .

Сонун кылып ташты терип үй куруп,
Жасап бала ойночуубуз чөп жулуп.
Ойлонбостон эч нерседен бейкапар,
Курсак ачса, үйдү көздөй умтулуп.

Жипти айлантып «секирмеч» – деп секирип,
Чөптү аралап жашырынып бекинип,
Топ таш ойноп жеңилгенден шап алып,
Күн да кетчүү, билинбестен кечкирип.

## КАРА-КУЛЖА КЕРЕМЕТ

Гүлдөргө толгон теребел,
Кара - Кулжам керемет.
Атагы чыккан Ажикем,
Көк майсаң шибер тебелеп.

Туптунук аккан мөңгүлөр,
Арча жыт узак өмүрлөр.
Жапжашыл коздук кубантат,
Көкөлөп көккө көңүлдөр.

Ай калкыйт жарык айланам,
Жылдыздар учат жайнаган.
Суктана карайм асманды,
Көркүнө сүңгүп байланам.

Айылда жашоо соонун да,
Басамын суунун боюнда.
Жан дүйнөм кетет жашарып,
Ыр дүйнөнүн  койнунда.

## АК-БУУРА СУУСУ

Ак - Буура суусу агат шоктонуп,
Бууркандап, болбойт аны токтотуп.
Толкун сүргөн ташты тиктеп олтурам,
Өмүрүмдү да аккан суусга окшотуп.

Колго алып ичсем деймин шимирип,
Тунуктугун алгым келди сиңирип.
Дарак турат тамыр байлап өзүнө,
Аруулуктан бүчүр байлап ийилип.

Оргуштанса шары качкан нак кийик,
Тамчылары ай - асманга бүт тийип.
Кыял сүрүп, ойго батып турамын,
Толкунуна таазим этип баш ийип.





Куса болуп келдим сага бук болуп,
Сагынычым ич дүйнөмө жык толуп.
Тунук аккан көбүгүңө жуунайын,
Агып кетсин кайгы муңум жок болуп.

## МЕЗГИЛ МЕРЧЕМИ

Жылдар өттү, тоо боорунан суурулуп,
Күндөр айлар, бир бирине жуурулуп.
Тынымы жок өтүп мезгил мерчеми,
Кетип барат, карап койбой бурулуп.

Өткөн күндөр, көздөн өтөт ар күнү,
Көзгө түшөт балалык доор ар түнү.
Шаңдуу үндөр, күлгөн жүздөр жаңырып,
Уктап кетсем түшкө кирет тоо гүлү.

Жыты келет бараткanda алыстан,
Апам жапкан нандын жыты капыстан.
Дасмал жая олтурган кез сонун да,
Зуулдап күндөр көз ирмемде жарышкан.

Эрте таңда чайга олтуруп сырдашып,
Ата энемдин акыл кебин тыңдашып.
Ошондогу баёо сезим балалык,
Баргым келет, канат кагып кыр ашып.



**Кутманова Атыргүл Тургуналыевна** – 1967-жылы 18-февраль Чаткал р-н төрөлгөн. 30 жыл мугалимдик кесипти аркалап келет.

«Мыкты мугалим» медалынын ээси. «Чаткал таланттары»-1. «Чаткал таланттары»-2 китебине ырлары чыккан, «Союз талантов Мира» га мүчө. «Үздүк талант « медалына татыктуу болгон.

Көптөгөн диплом грамота менен сыйланган жана көптөгөн конкурстардын жеңүүчүсү.

## МАРТ АЙЫ

Мына келди, бир жылмайып март айы,
Кетти, кетти артын карай кыш дагы.
Март айынын 8 де майрамдап,
Кыз-келиндер болуп турат сайраны.

Силерсиңер көңүлү шат жайдары,
Каткырыктар калың чыгып кайдагы.
Жалындаган жадыраган аялзат,
Окшошсуңар сулуу кызга айдагы.

Келет бизге 8-мартыбыз,
Жарашыктуу аял деген атыбыз.
Сезимибиз толуп турат жүрөктө,
Аял-эне мээрим чачкан затыбыз.

Март айында жадырайбыз гүл ачып,
Жыпар жытын буркуратып кубанып.





Бүгүн майрам майрамдайлы жасанып,
Букет-букет көрктүү, сулуу гүл алып.

Биз жашайбыз көңүлүбүз жайдары,
Үй-бүлөнүн түркүгүбүз жайдагы.
Балдарга биз мээрим төгүп турабыз,
Бала үчүн күндүн нурун чачалы.

## АФГАНЕЦТЕР

10 жыл болгон Афган согуш алаамат,
Барган жоокер көргөн «согуш» жаман ат.
Аман келген жоокерлердин кээ бири,
Жүрөктөгү сезимдерин жаралап.

Кимдер айтат согушканды каралап,
Өлтүрүштү душмандарды аралап.
Аман келбей кээ бир жоокер жарадар.
Кээси болсо жанын берген аманат.

Ыйлап калган баласы да бешикте,
Ыйлап жары, калган өңдүү эшикте.
Баласына тынчы кетип энеси,
Ок тийгендей жүргөн дайым кейиште.

Афгандарын башын алып бирөөнүн,
Танка менен басып кеткен канчоосун.
Согуш оту созулганда 10 жылга,
Жетет эми, согуш деген болбосун.

Элин кыйнап, жөнөтүшкөн Афганга,
Боор ооруган, көргөн адам балдарга.

Афган күнүн майрамдашат жоокерлер,
Медаль алып, жүргөн үчүн майданда.

Согуш, согуш атын эч ким укпасын,
Бешиктеги балдарда тынч уктасын.
Болбосунчу, түшпөсүнчү оор кайгы,
Кыргыз жерин тынчтык гана каптасын.

Афганецтер төшүн кагат мактанып,
Күнөөлүдөй калат кайра актанып.
Жоокер болгон шофер болгом деп айтып,
Медаль тагып, турат бирок арданып.

## МЕКЕНЧИЛ ЖООКЕРЛЕРИМ

Жоокерлердин жүрөгүнүн отунан,
Билсең болот жоокер жазган катынан,
Шумакарларым, аска бийик тоодойсуң,
Айланайын жоокер деген атыңдан.

Сен бар үчүн желек көктө желбирейт,
Энелерде жүрөк толкуп элжирейт.
Мекен чегин майтарылбай кайтарып,
Оозун баскын, душман неге келжирейт.

Майрам келди кубанычка бөлөнгүн,
Мекен жүгүн, бек кучактап өңөргүн.
Манас ата осуятын аткарып,
Ала-Тоого сактаймын деп жөлөнгүн,





## СҮЙҮҮ КҮНҮ

Сүйүү күнүн белгилешип баратат,
Жүрөктөгү эргүүлөрдү жаратат.
Сүйүү өзү ар бир жанды мас кылып,
Ички сезим туюп сени каратат.

Сүйүү күнүн гүлдөй жанып тоскула,
Жүрөктөргө таттуу балдай тамгыла.
Картайбастан сүйүү туман отуна,
Бир эскерип оттой болуп жангыла!

Сүйүү деген эргүү туура көңүлдүн,
Кубанычы гүлдөй жанган өмүрдүн.
Чычаласы бийик жансың алоолоп,
Жандыралы чырагын назик көңүлдүн.

Билгин бүгүн, жүрөгүңдүн дарысын,
Сүйөм деген, уккан болсоң дабышын.
Бакыт изин издеп көрүп багынтып,
Тыңшап көргүн жүрөгүңдүн кагышын.

Сүйүү-жашоо күйүп-жанып бир келген,
Дем аласың сүйүү оттуу бир демден.
Көпөлөктөй жытын жыттап гүлдөрдүн,
Тандап жүрөк, издейт сулуу үрлөрдөн.

## ЖАШОО АГЫМ

Күндүн нуру жерге тийип жаркырайт,
Аппак кар да чагылышып жалтырайт.
Жашоо агым дагы бир күн уланып,
Берекесин күн да берип жадырайт.

Күндү көрүп, шүгүрчүлүк келтирип,
Аппак таң да, түз насибин жедирип.
Жакшылыктыр багындырсын жүрөгүң,
Жакшы тилек, жакшы үмүт тердирип.

Жадырагын жарпың кошо жазылып,
Күндүк иштер моюн толо асылып.
Аруу тилек айтып алып өзүмө,
Мен жөнөймүн, мектебиме шашылып.

Жолдо келет, ишкерлерим тез басып,
Кечиккендей ишин карай ал шашып,
Кээ бирлери малын карап убара,
Малы үчүн аштоолорго чөп ташып.

Кел тууганым сүйлөшөлү бир саамга,
Чай ичели биргеликте шашылба.
Мээр шыбакат берсин бизге Жараткан,
Баары болот бүтпөй калган иш барбы.





## АКМАТ АГАМ-ТУУГАНЫМ

Акмат акем дилгирим,
Баарына айтып билдирдим.
Боорукер асыл жан элең,
Өзүң жок, ордуң билдирдиң.

Комузду агам кармадың.
Обондуу ырдан ырдадың.
Комузду чаап уста агам,
Бетин бир коздоп сырдадың.

Добушуң чыккан булбулдай,
Обонду создуң буйдалбай.
Тууганчыл, элең чын сырым,
Турчусуң агам багынбай.

Балдарың сендей тууганчыл,
Тарбия бердиң бир чынчыл.
Балдардын көрбөй урматын,
Оо дүйнө кеттиң бир кырчын.

Элесиң дайым сыйлаймын,
Өзүңдү эстеп ыйлаймын.
Боорукер болгон бир боорум,
Жеңемди эми кыйбаймын.

## НООРУЗ КЕЛДИ

Ноoруз-нооруз жаңы жылым келдиңби,
Кубанычка бөлөп келдиң элимди.
Таш жарылып, жашыл шибер чөп чыгып,
Жаңы күн деп которулуп жеңдиңби.

Ким болсо да, тосуп алып майрамды,
Ырлар ырдап сайранды биз куралы.
Сүмөлөк салып, салтыбызды урматтап,
Ооз тийип, даамын татып туралы.

Күн теңелди, түнүм менен бипбирдей,
Аалам тегиз, мусулман дили бүтүндөй.
Ак тилегин айтып соoп тилешип,
Селкинчекти тебели эс бүтүрбөй.

Тамак-ашын улутумдун жасашат,
Бир-бирине жаркын маанай каалашат.
Кыргыз кийим кийинишип кыз-келин,
Обон созуп, бири-биринен талашат.

Күнүм күлүп, жерге тийип шооласы,
Жаздын жыты, келип турат ооматы.
Энекелер пейили жумшак жароокер,
Жер эненин окшойсуңар башаты.

Кыргызымдын жаңы жылы жаңырсын,
Каада-салттар урпактарга сакталсын,
Биримдикте эриш-аркак бир жашап,
Кыргыз элим гүлдөй жайнап ачылсын.





Нooруз майрам ар бириңе кут болсун,
Үй-ичиңе, ырыскылар мол толсун.
Майрам шаңы, кут, береке элимде,
Ынтымактуу эл-жериме кут консун.

## НАФИСА КЫЗЫМ-МАНАСЧЫ

Нафиса кызым Манас айтса кубанам,
Манас атам колдосун деп суранам.
Талантыңда кагылайын секетим,
Талпынасың куштай болуп уядан.

Ким айта алат Манастын ырын талпынып,
Саптан сапка сөз байлыгы камтылып.
Жароокерим жамалыңдан айланам,
Манас айтсаң мен турамын аптыгып

Кудай берген талантыңа кубанам,
Бата берип, отурам менин убарам.
Кагылайын татынакай чырагым,
Бакыт берсин Жараткандан сураарым.

Эл алдында шаңшып чыгып үндөрүң,
Эсте калат Манас айткан күндөрүң.
Жароокерим таалайыңды тактагын,
Элге жетсин Манас айтып жүргөнүң.

Келчи кызым колуң бийик көтөргүн,
Элдин жүгүн ат жалына өңөргүн.
Кудуреттүү кубулжуган үнүңдү,
Көккө сиңсин, Ала-Тоого жөлөнгүн.

Кызым менин кыялкечим, эргийсиң,
Манас айтып, аз болсо да сергийсиң.
Бир башкача тийип турган айдайсың,
Мектепте да алдыңа эч ким салбайсың.

Сенден күтөм, жакшы кесип ээси бол,
Каалайм сага даңгыраган аппак жол.
Тегирмендин парасындай айланып,
Өмүр жолуң болсо экен тегиз, мол.

## ДАРЫГЕРИМ

Дарыгерим дайым сени сүйөмүн,
Сен айтканды эске түйүп жүрөмүн.
Адам үчүн ажал менен тоорушуп,
Жүргөнүңдү чын жүрөктөн билемин.

Түн уйкуңду безгениңден айланам,
Тез жардамды бересиң сен ар качан.
Даяр болуп, шамдагайсың ар убак,
Чын дилимден алкыш айтып таңданам

Силерсиңер колу жеңил мээрмандар,
Силер барда айыгышат адамдар.
Гипократтын антын кармап ар дайым,
Ыйык экен силер койгон кадамдар.

Ак халаттын өңү айтып тургандай,
Гүлдестени колго кармап сунгандай.
Ар бир жанга берип өмүр азыгын,
Болсун күнүң өтүп жаткан майрамдай.





Жазган ырым гүлдесте деп сунамын,
Айыгам деп сенден үмүт кыламын.
Жылуу сөзүң оорукчандан аяба,
Майрамыңды мен куттуктап турамын.

## МУГАЛИМДИ ТҮШҮНГӨН

Кимдер билбейт мугалимдин азабын,
Кимдер ичпейт билим суунун казалын.
Наристени жетелешип колунан,
Салбай койбойт окуучуга назарын.

Мугалимден алган билим энчисин,
Колго кармап, белегим деп билчүүсүң.
Билимдүүнүн казынасы молдугун,
Иштеп жатып, сен ойлонуп калчуусуң.

Кимдер гана билим кенин казбаган,
Мектеп уя, учбай андан калбаган.
Окуу жайын ийгиликтүү аяктап,
Окуу үчүн, окуучуну арбаган.

Кимдер айтчы мугалимди түшүндү,
Тарбияны таамай берген үчүнбү?
Кол булгалап кетсе дагы алыска,
Салам айтат, түшүнгөндө мугалимдик күчүңдү.

Баласынан жакын көрөт мугалим,
Алса экен деп түйшөлүшөт көп билим.
Окуучусу билген болсо көп нерсе,
Мугалимдер арнап коет бүт дилин.

## УУЛ-КЫЗ БАГАМ

Балам деймин бапестеймин багамын,
Чоңойткончо аста бас деп аяймын
Кыз чоңойтуп кызгалдактай кулпунтуп,
Жөлөк болуп өйдө тур деп кармаймын.

Камын көрөм, ашын белен даярдап,
Аста бас деп, колун кармап аярлап.
Чоңойсо деп күндө тилеп Кудайдан,
Конушуна консо экен деп абайлап.

Уул багамын мени дайым бакса деп,
Акыл айтам кулагына күндө кеп.
Угаар бекен мен чоңойткон балакай,
Кулагыңа уккулуктуу сөздөн сээп.

Балам дейсиң, жаны башка ал деле,
Ыйман берсин уул-кызым да көп беле?
Ырыстуумун ырашкерлик болсунчу,
Мактанамын бакыт нуру сепсе эле.

Балам дейсиң, балам деле балам дейт,
Эне мээрим күндөй чачат билинбейт.
Эне-бала аман болсун айтаарым,
Бала үчүн апалар сыздап дирилдейт.





## ОШТУ МЕН ЖАКШЫ КӨРӨМ

Көркөмүң сонун Ош шаары,
Сүйүшөт сени бүт баары.
Студент болгом Ошто мен,
Сүйөмүн сени мен дагы.

Көргөндүн көөнүн бурасың,
Кулпуруп дайым турасың.
Арзанын көрүп шаарымдын,
Көңүлдү дайым бурасың.

Буркурап чыккан гүл багың,
Көрсөм деймин мен дагын.
Көз жоосун алган базарың,
Жыты аңкып тартат кардарын.

Студент болсоң жыргайсың,
Ыр ырдап кечке тынбайсың.
Береке берген Ошумда,
Курсагың тоюп жыргайсың.

Үйлөрүн салып башкача,
Жашайсың калкым өзгөчө.
Түн ичи шаарым жапжарык,
Кубанам дайым көргөндө.

Жашарып шаарым жапжашыл,
Гүл сымал болуп сен ачыл.
Ош шаарын жакшы көрөмүн,
Өтсө да нечен жыл дарым.

## ШИРИН ЭЖЕ-КЫРГЫЗ ТИЛЧИ

Кыргыз тилин кадырлаган эжекем,
Кыргыз тилчи Ширин эжем берекем
Сөзү эркин, куюп коет кулакка,
Уккулуктуу сөз берметүү жан экен.

Ширин эже сөздөрүнөн бал тамган,
Таамай сүйлөп, чечен сүйлөп макталган.
Сөзү анын уккан жанга жагымдуу,
Көрөңгөлүү сөзүнө адам арбалган.

Сынын айтып, артындагы эжейге,
Тартынбастан акыл айтат эченге.
Чогулуш кылса күн тартибин чойбостон,
Дайым даяр өз кеңешин бергенге.

Ширин эже-кыргыз тилчи билгенге,
Билгенин айтат сөз берметин илгенге.
Жол көрсөтөт тилчилерге ар дайым,
Сөз азыгын ашыгат элге бергенге.

Тилчилерге насаат сөзүң айттыңыз,
Пенсияда болгон үчүн кайттыңыз.
Жаналиев мектебинин алдыңкы,
Мугалими чыгып сиздин даңкыңыз.





## ЖАЗЫМ, ЖАЗЫМ

Жазым, жазым, жазым менин жыргалым,
Жазылат го сага арнаган ырларым.
Жоогазындай жоодураган жамалың,
Бир сен үчүн айтылат го сырларым.

Жазым менен жыпар жыттуу жел келет,
Жер болк этип, жазым келсе термелет.
Жан-жаныбар, кыймылына жан кирип,
Ак булуттар көктө секин сермелет.

Жазым менин жарпым жазып мактанам,
Ачуу тийген жаз күнүңдөн сактанам.
Орозонун оомат күнү башталды,
Жакшы тилек, жарым ырыс сөз салам.

Жазым келди, ырыскыны мол кылып,
Мээриминен, күн нурунан эл жылып.
Рамазан айын бизге ыроолоп,
Сабыр тилеп ар бир жанга кам көрөт.

Жазым келди, жылуулукту көп берди.
Сүйүү отун сүйүндүрүп жаз келди.
Жазым келип, сулуулугун суктантып,
Жадыратып гүл жыттантты бүт жерди.



**Сали кызы Бактыгүл** – 1968-жылы 22-апрелде Ош облусунун Ноокат районундагы Көк-Бел айылында жарык дүйнөгө келген. 1985-жылы Оштогу ОКСШ. Уркуя Салиева атындагы орто мектепти ийгиликтүү аяктаган.

1988-жылдан 1994-жылга чейин Ташкенттеги Николай Островский атындагы Театралдык институтта билим алган. 2004-жылдан 2018-жылга чейин Тюмень шаарында жеке ишкерлик кызматта болгон. 2018-жылдан бери Москва шаарында эмгектенет.

Москвадагы «Шайыр апалар» долбоорунда катышып, алкыш баракчасын алган. 2021-жылдан Москва «Кайрыктар Казынасы» адабий клубунун мүчөсү. 2023- жыл январь айынан баштап «Москва кайрыктары»- «Кайрыктар Казынасы» адабий бирикмесинин жооптуу редактору. Кыргызстан аялдар Конгрессинен ардак грамота жана көптөгөн ыраазычылык кат, мактоо баракчалары бар. Бир кыздын энеси. Учурда Москва шаарында жашап эмгектенет.

## БИЙИК КЫРГЫЗ

Бийик көтөр көөдөнүңдү Кыргызым!
Жашоо жаркын, жашоо жыргал туйгунуң!
Кас-душмандар суук көзүн артпасын,
Бекем өргөө, дубал бийик кургунуң!

Болот кээде караңгысы жарыгы,
Оору дагы, жеңили да турмуштун.
Белди бек буу, чептен эрдин күчү бек,
Ыдырагыс ынтымак үй тургузгун.





Ниеттериңди жакшы жакка түздөгүн,
Өнүп-өскүн жаш дарактай бүрдөгүн.
Келечектин кең болуусун эске алып,
Көөдөнүңдү жакшылакка үндөгүн.

Көөдөнүңдү бийик көтөр Кыргызым!

## НООКАТ КЫЗДАРЫ

Кереметтүү биздин кыздар сулуулар!
Ынтымактуу кичүүлөр да улуулар!
Өз жеринин каада-салтын сактаган.
Ар-намысын Ноокаттын көп барктаган.

Асыл баалуу аруу сезим кыздары!
Энелери! Эстүү жандуу уздары!
Ар-тараптуу талантыңар өнүгүп.
Келе жатат мээнетиңер көрүнүп.

Чарчабастан чаалыпастан жүргүлө,
Өкүнбөстөй өмүр доорун сүргүлө.
Ушул сыйкыр бүт жашоонун маңызы,
Ибаадат, Куран. Беш убак Намаз парызы.

## АЛДЫМ ЖУТТУМ ЖЕГИЧТЕРГЕ

Ойрон болуп ой-кыялдар үмүттөр,
Отуз жылды көз алдыңа түрүп көр.
Ынтымак жок ыдыраган алака,
Алдым-жуттум көр турмушту сүрүп көр.

Казынага коркпой салып чеңгелиң,
Мите курттай соруп тынчтык бербедиң.
Өз киндигин, өзү кесет дегенсип,
Кан соргучтар, акыл-эске келбедиң.

Жетимсиреп, наристелер талаалап,
Сай-сөөк сыздап тынбай көз жаш салаалап.
Ажыдардай ырыскысын оп жутуп,
Арам тамак чоңдор алып канагат.

Канча уурдап жесе дагы тойбогон,
Эл тагдырын эрмек кылып ойногон.
Кас-душмандай калкка жасап мамиле,
Ач бөрүдөй күнү-түнү жойлогон.

Далай хандар, далай тактан кулады,
Журтту ойлобой тескери жол улады.
Тараза да оор турат билгиле,
Эх, жегичтер акыреттин сурагы.

Эл чыдабай көтөрүлдү жабыла,
Үмүт-ойлор үзүлбөгөн дагы да.
Үнү жеткен калың калктын Теңирге,
Садыр келди, кыргыз журттун багына.

Садыр! Садыр! Деген ураан аянтта,
Кыргыз журту кубанычта бараттың.
Ажо келди эл тагдырын ойлогон,
Осуятын аткаруу үчүн Манастын.





## БАКТЫЛУУ БАЛАЛЫК

Бала кезде байчечекей көргөндө,
Көзгө сүртүп сүйүнүп биз калчуубуз.
Маанисине жетип-жетпей эх, чиркин,
Оюн салып кыйкырыкты салчуубуз.

Касиеттүү Көк-Белимде төрөлүп
Балалыктын бактысына бөлөнүп
Ата-эненин сүйүүсүнөн төгүлгөн,
Жаш арчадай өсүптүрбүз көгөрүп.

Айылдагы оюн-зооктун шаңында,
Балалыктын чарчоо бербес багында.
Түнү менен оюн куруп ак чөлмөк,
Бараар элек аткан күндүн таңында.

Эх, чиркин балалыктын өткөнү,
Кайрылбастыр канча суран артына?
Мына эми баралыбыз келип жетти
Кызмат кылуу, биздин милдет калкыма.

## ӨКҮНҮЧ

Жүрөгүмдүн тереңинде өкүнүч,
Жашап алды көптөн бери чыкпастан.
Кыргызымдын буйдаланды жашоосу,
Туура сөзгө кулак салып укпастан.

Оош-кыйыш, кыя жолдо кыйналбай,
Манас ата басып өткөн жылдарды.

Каада - салттын учугун улап берип,
Билүү керек Мекен үчүн кылганды.

Наркыбызды, баркыбызды жоготпой,
Бек сактайлы ата-баба мурасын.
Ата-тегиң, санжыраны билип жүр,
Бизден кийин урпактар да уласын.

## ООРУЙ КӨРБӨ ЖАН ДҮЙНӨМ

Арт жагыма бир кылчайып карасам,
Өмүр жашым элүү төрткө барыптыр.
Балалыктын бал челектей таттуусу,
Кол булгалап тээ алыста калыптыр.

Бойго жетип он жетиге келгенде,
Боор этимден, жан апамдан айрылдым.
Жан дүйнөмдү ыза - күйүт аралап,
Ыйлап-сыктап, далай ирет кайгырдым.

Мына ошентип жашоо жолум башталды,
Кана инсан? Жаша деди - бул турмуш.
Тегирмендин парасына ташталдым,
Отко күйдүм, суукка тоңдум бир укмуш.

Далай ирет жаңылдым да, табылдым,
Тизе бүгө жыгылдым эх, кагылдым.
Ооруй көрбө көңүл кушум жан дүйнөм,
Чыдамкайын карачы ов, жанымдын.

Сыр сандыктай ички бугум топтолуп,
Баяндадым сырын өткөн күнүмдүн.





Ырларыма тизмектеп төгүлдүм мен,
Баскан жолго бир кылчайып үңүлдүм.

## МЕН КИММИН

- Мен киммин?
- Мен аялмын! Турмуштун соккусуна багынбаган,
- Мен киммин?
- Мен аялмын! Наадандарга жалынбаган.
- Мен киммин?
Башын бийик көтөргөн, таарынбаган,
Мен энемин сүйүүсү жалындаган.

- Мен киммин?
- Мен аялмын! Ой-тилегин кудайга табыштаган.
- Мен киммин?
- Мен аялмын! Ушак-айың сөздөргө жабышпаган.
- Мен киммин?
- Мен энемин!
Жалгыз кызды элимдин кызматына,
Таалим берип талыкпай даярдаган.

## КААЛОО ТИЛЕК

Оору-сыркоо жамандыктын баарысы,
Эски жылда кол булгалап калсынчы.
Кыргызыма бейкут жашоо орносун,
Келген жылда бийиктикке барсынчы.

Алла берген баалап билип бакытты,
Шаңдуу жашоо балкып өмүр сүрөлү.
Көңүлдөрдү оорутушпай эч-качан?
Сый-урматтын чокусунда жүрөлү.

Ой-тилектер бийик болсун ар дайым,
Акыл-эси урпактардын тунарсын.
Ой-үмүттөр аткарылып тилектер,
Эл-журтумдун ынтымагы чыңалсын.

Жаштарыбыз, өнүп-өссүн жалындап,
Бак-таалайдын түшүмү мол багында.
Митинги жок, тынч жашоодо жашайлы,
Жамандыктын кийимин кийбе, жамынба.

## ТЕКЕБЕРЛИК

Чын жүрөктөн жакшы сүйлөп кайрылсаң,
«Чырт» - түкүрүп, сүйлөгүсү келишпейт
Асмандагы айга теңеп өздөрүн,
Көтөрүлүп түзүк салам беришпейт.

Бактысыздык экенин бул сезишпей,
Бааланышып каадалана беришет.
Теңебестен катарына башкасын,
Текеберлик мүнөздөрү демитет.

Улуу болсоң кичүү бол деп айтышат,
Кичипейил жанга жакшы жанашат.
Баары менен баарлашып күлүшүп,
Жүзү жарык болгон өзү жарашат.

## КУУ АЙЫМГА

Шумдук шумпай куу түлкүгө кезиктим,
Эми гана алданганым эшитттим.





Сен жакшысың чынчылсың деп, - мактаса,
Жакшы көргөн өз курбумдай сезимпин.

Ишенипмин кадимкидей сөзүнө,
Чын жүрөктөн сүйлөптүрмүн өзүнө.
Мындан кийин этияттап жүрөйүн,
Жемеледим сөз бердим мен өзүмө.

Сыр айтыпмын эч нерседен шексинбей,
Кытмыр - мыскыл көз карашы сезилбей.
Ушул жашка келип абдан өкүндүм,
Алданыпмын он бештеги кезимдей.

## КЕҢ ПЕЙИЛДИК

Кэң пейилдик кандай гана касиет!
Кеңдик дайым бийиктикке жеткизет.
Ай-көл болсоң ай-күнүң тууйт нурданып.
Ай-ааламды ыйман нуру сездирет.

Жоготуп сал, эгер ичиң тарыса
Кең пейилдик жагат өзү баарына
Ала-тоодой, ай-көл болгун кыргызым!
Мына ошондо жарык жанат жылдызың!

Тар үйдө аш жегиче кең үйдө муш жегин дейт.
Ич-күйдүлүк, тарчылык максатыңа жеткизбейт.
Ай-көл жана кең пейил болсоң кыргызым.
Максаттарың орундалып, нурдуу жанат жылдызың.

## КЫЗЫМА

Ай-чолпондой жанып турган асыл кызым!
Нурай деп койгон эле атаң ысым.
Атыңа затың болуп жарашыктуу.
Мына бүгүн өсүп келдиң, акылдуусуң.

Күн нурундай жоодур көз асыл кызым
Күлмүңдөп бажырайган сен жанымсың.
Күн санап өткөн сайын сен бой жетсең
Шүгүр айтам Жаратканга бактылуумун.

Жароокерим шайыр мүнөз зирегим.
Ыйласам мен көз жаш сүртчү тирегим
Сезимталсың, кайрат-туусуң ай-көлсүң
Бактылуу бол ошол менин тилегим.

## ЭГЕМЕНДИК ЧЕКСИЗ БОЛСУН КЫРГЫЗГА

Эгемендик бизге келген белектир,
Эркин куштай жашашыбыз керектир.
Даамын таткан Ата-Журтун ыйыктайт,
Эл-жер үчүн өз өмүрүн береттир.

Эгемендик аба-суудай керектир,
Эркин жашоо көксөөлөргө себептир.
Баркын билип таразалап талдаган,
Биримдикте кыйын күндү жеңеттир.

Эгемендик элибизге кут болсун,
Эл журтума каалоо-тилек бүт консун.





Өнүп-өсүп жигиттери эр жүрөк,
Мекениме опол тоодой күч болсун!

## СҮЙҮКТҮҮ КЫЗЫМ НУРАЙГА!

Ай-чырайлуу, ак-куу сымал чүрөктөй,
Тунуктугуң булак сымал мүрөктөй,
Көз кырыңдын түбүндө сыр тургандай,
Ак сүйүүсүн, айта албаган жүрөктөй.

Кыргыз кийим кийип турсаң жарашып,
Баары сага суктангандай карашып.
Ай-нурундай жүзүң сенин нурданат,
Кыз кылыгың ашып турат суктантып.

Көзүң жанат, күлүп турсаң периштем,
Гүл сыяктуу өсүп, боюң келишкен.
Энеликтин ай-көлдүгүн сездирткен,
Жараткандын белегисиң берилген.

## БАЙЫСБЕК ЖАНЫШОВ

Жараткан жандүйнөңдү мына ушинтип,
Жаратты түркүн-түрдүү сыноо менен.
Табитиң океандай сүрдүү экен,
Жашоодо ушунчалык күчтүү белең.

Көркөмдөп асман-жерди, жылдыздарды,
Ырларың сыйкыры бар, ойго баткан.
Сырдашың, табияттын баркын билип,
Калемиң ак баракта жорго салган.

Чындыкты чыркыратып айта салып,
Көңүлүң көп нерседен кайта калып.
Жан дүйнөң жай алалбай ыр тизмектеп,
Дайрадай агыласың чайпап агып.

Сен сүйсөң, мен да кошо сүйө калам,
Кайгырсаң ырың окуп ыйлап алам.
Төгүлгөн философия саптарыңдан,
Көөдөнгө көрөңгө ой, жыйнап алам.

Жарата бер жагымдуу ырларыңды,
Төгүп сал ичиңдеги сырларыңды.
Канат күүлөп алгыр куштай бийик учуп,
Бак-таалай ыроолосун жылдарыңды...

Сыноолорго баш ийип иним сынба,
Төккөн ыр табылбас кенч, байлыгың да.
Жазган ырың көөдөндү кытыгылап,
Окуйбуз акындардын Кайрыгында.

**АК КАЛПАК**

Бийик чоку, ак мөңгүнүн кырындай,
Агып түшчү тунук булак суусундай.
Касиеттүү кыргызымдын калпагы,
Дүнүйөнүн бийик туткан туусундай!

Ак калпактын касиети ушунда,
Ысытпайт да, үшүтпөйт да кышында.
Күндүн нуру катуу тийсе өткөрбөй,
Бирдей кармайт ызгаар суuктун нугунда.





Эр-жигиттин даражасы бийиктеп,
Жандүйнөсү Ысык-Көлдөй тереңдеп.
Ар намысын ата-журттун сактасын,
Ак калпакчан керт башымды берем деп.

**ЭНЕ-ТИЛИМ БЕЙИШИМ**

Эркиндиктин түндүгүндө түйүлүп
Кыргыз туусун желбиретип бириктик.
Эр Манас да, эне-тилде сүйлөгөн,
Эне-тилим эбегейсиз бийиктик.

Жөн эмеспиз урпагыбыз Манастын,
Айкөл мүнөз каадабызга жараштың.
Кыргыз жери төрү болуп бейиштин,
Урпактарга айтса бүтпөс санатың.

Эне-тилим бакты-таалай, кубатым,
Бабалардын сактап келген мурасын.
Эгемендүү кыргыз журту аталып,
Кең ааламга кенен жайган кулачын.

Эне-тилим чексиз болсун байлыгың
Урпактарың улап каада салттарын.
Тилибиздин каймактарын калпытып,
Кылыч сымал куралы бол калкыңдын.



**Ашимова Турганбү** – 1957-жылы 10-мартта Кара-Кулжа районуна караштуу Кеңеш айыл өкмөтүндө төрөлгөн.
4 уул 2 кыз, 22 неберенин энеси.

## ЖҮРӨЛҮЧҮ АМАН ЭСЕН

Бул жашоодо, жүргүлөчү аман эсен,
Сөз жетпейт силер үчүн эмне десем.
Бактылуу карылыктын доорун сүрүп,
Бирге өмүр сүргүлөчү канча десең.

Оо жараткан, ден соолук бер оорубаган,
Өмүр берчи, гүлдөй болуп соолубаган.
Гүл аралап ээрчишип жүрө берсин,
Жашоо берчи жамандык эч торубаган.

Бар бол эжем, бир боорум, уялашым,
Оорубачы санаа тартып кыйналамын.
Дартыңа даба берсин жаратканым,
Сен күлсөң мен да күлүп жылмаямын.

Сен менин жашоомдогу үмүтүм,
Сени ойлоп, санаа тартам күнү түн.
Жашап турчу жалгыздатпай сен мени,
Каалабаймын жан дүйнөмдүн күйүшүн.





Оо эжекем, мен үчүн кымбат белегим
Жүрөгүңдөн мээрим берип келесиң.
Кел боорум деп, кучак жайып жылмайсаң,
Окшоп кетет апакеме жоодураган элесиң.

## БАЛДАРЫМА

Бактым бар, балдарым бар мен ишенген,
Акыл эстүү жигит болду, мен эңсеген.
Жаратканга ушунчалык ыраазымын,
Бакубат жашоо берди мен күтпөгөн.

Кыздарым бар керилген, бой тумардай,
Кырда өскөн кыпкызыл кызгалдактай.
Арзуу кылган үмүттөрүм аткарылып,
Тилегимдин баардыгын берди кудай.

Нойгуттун кыздарындай керилишкен,
Келиндерим кызматыма берилишкен.
Апакелеп, урмат сыйга бөлөп мени,
Ак дасторкон четинде сыр чечишкен.

Неберемдин жытына балкып турам,
Алардын мен күлкүсүн жыргап угам.
Улгайганда эрмек болот турбайбы,
Энекелеп таягыңды колго сунган.

Узак өмүр жашоо берсин кудайым,
Уул кызыма өбөк болуп турайын.
Акыл айтып туура жолду көрсөтүп,
Ынтымактын мунарасын курайын.

## ӨМҮР БУЛАК

Өмүр булак, туптунук шылдыраган,
Өмүр булак, токтобой агып жаткан.
Жашоонун ысык суугун камтып алып,
Өмүр булак, кылым арга жол улаган.

Өмүр булак, жашообузга азык берген,
Жүрөктөргө кан болуп агып келген.
Тирүүлүктүн рахатын бизге берип,
Өмүр булак, күн нурундай жарык сепкен.

Өмүр булак ичсең суусун кандырат,
Муздактыгы көз оттуңду жандырат.
Ичкен сайын ичкиңди эле келтирет,
Суусуз чөлдө калганбыз анда алсырап.

Жаратылыш кандай сонун керемет,
Жан дүйнөгө башка сезим келтирет.
Жар боорунан агып жаткан булакты,
Жаратканым берген бизге энчилеп.

Акындар, мөл булак деп ырга кошкон,
Ырчылар ырдап, бийлеп обон созгон.
Дарыгерлер өмүр кошуп булакка,
Аздектеп шыпаа кана атын койгон.

Өмүргө өмүр улап берет дарыгер,
Шыпа таап кайрылышат канча эл.
Өмүр булак, аты айтып тургандай,
Өмүргө биз болбойлу эч кайдыгер.





## ДОКТУР КАЙНАГАМЫН ЭЛЕСИНЕ

Күлүмсүрөп элесиңиз эсте калды,
Арман ай шум ажалга арга барбы?
Бул жашоодон эрте өтүп кетсеңиз,
Эмгегиңиз эскерилип элде калды.

Барктуу эле, бир кезде баа жетпеген,
Бак дөөлөт айланчыктап эч кетпеген.
Ата-эне бала-чака, тууган, урук,
Толук болчу катарынан кемибеген.

Билим үчүн арнаган баардык күчүн,
Эми гана көрүп жаткан иш үзүрүн.
Максатына жетпей эрте кеткен менен,
Кадыр баркы бийик болчу эли үчүн.

Эли эскерет, кайран жигит жаш эле деп,
Жаш болсо да, баарыбызга баш эле деп.
Чиеленип чечилбеген суроолордун,
Жообун таап койот болчу, бат эле деп.

Эл сыйлаган эрки күчтүү инсан болчу,
Эл үчүн баардыгына даяр турчу.
Алкыш айтып баа берип кылган ишине,
Урмат кылып эли сыйлап турат болчу.

## НЕБЕРЕМДИН ТИЛЕГИ

Ата тегим барктуу болгон кезинде,
Атак даңкы кубат берет сезимге.
Анткени мен миң башы бийдин урпагы,
Жолун жолдоп жетем мен да бийикке.

Жакшы окуп максат коём өзүмө,
Жалтактабай турам айткан сөзүмө.
Ата-энем колдоп турса ар дайым,
Умтуламын максатыма жетүүгө.

Ооба менин арзууларым өтө бийик,
Билимге мен сүңгүп кирем башты ийип.
Мага берген мугалимдин мөмөсүн,
Маалы келсе үзүп алам шактан терип.

## АКЫН КЫЗГА

Ырыңды калтыр бастан окуйм мен да,
Ыр жазып акындыка жетмек кайда?
Көңүлдү көкөлөткөн ырларыңды,
Суктанып окуй берем кайра, кайра.

Бар бол сиңдим ыр жаза бер чарчабай,
Элиң сени коймок беле барктабай.
Жан дүйнөгө эргүү берет ырларың,
Ыр саптарың ташка тамга баскандай.

Таштабагын карандашың учту болсун,
Баш көтөрүп атаандаштан күчтүү болгун.





Талык бастан курч ырларды жаза бер,
Ыр майданда поэзия ордуң болсун.

Жеткин сиңдим арзуу кылган бийиктике,
Чамдай бергин чабалдарга эч кейибе.
Чагылгандай ырларды жаз жалындаган,
Чарчадым деп карнадашты таштап ийбе.

## АК ЭЛЕЧЕК АПАЛАРГА

Кандай сонун ак элечек апалар,
Бүт ааламды сактап турат батаңар.
Апалардын айтып бүтпөс эмгеги,
Кыргызымдын тарыхында сакталаар.

Апа барда аалам бүтүн үй бүтүн,
Балдарына мээрим берген үй куту.
Берекени кармап турган кетирбей,
Апа деген сыр сандык го кулпулуу.

Баардык ишти башты бурбай аткарган,
Уул, кызына тарбия берип барктаган.
Апа деген улуу көсөм турбайбы,
Кеменгердей жол көрсөтүп баштаган.

Апа деген кандай гана барктуу сөз,
Балдар үчүн даражага жеткен кез.
Акыл айтып туура жолду көрсөткөн,
Силер үчүн канча айтсам бүтпөйт сөз.

## КЫЗЫМА

Кагылайын көзүңдөн мөлтүрөгөн,
Бак берсинчи, кудайым мен тилеген.
Алган жарың бар болсун бешенеңде,
Ата болуп балдарыңды жетелеген.

Жароокерим жан кызым кагылайын,
Дем берип келесиң го мага дайым.
Бул жашоодо бактылуу болсоң экен,
Андан башка мен сага эмне деймин.

Тилегеним жакшылык экөөңөргө,
Жеткиле арзуу кылган мүдөөңөргө.
Жашоонун рахатын бирге көрүп,
Кол кармашып, бир болгула түбөлүккө.

## БАЛАЛЫК КЕЗ

Балалык кез, гүлдөй болуп жайнаган,
Балалыгым келсе кана кайрадан.
Ошол кезди ойлоп туруп азыр мен,
Гүлгө конгон көпөлөкө айланам.

Секелек кез чачка бантик байлаган,
Ошол мезгил келсе кана кайрадан.
Элестетип өткөн жаштык кезимди,
Мен өзүмчө окуучуга айланам.

Секелек кез өтүп кетти тез эле,
Окуймун деп дегдеп жүргөн кез эле.





Ойду турмуш жеңип кетет турбайбы,
Тагдыр мени баш ийдирди бат эле.

Баш ийдим да, турмуш жолун аттадым,
Мындан башка туура жолду таппадым.
Айламда жок басып кеткенге,
Ата-энемдин, ак дилден берген батасын.

Өткөрдүм мен, турмуштун көп сыноосун,
Аткардым мен, ата-энемдин мүдөөсүн.
Канча сыноо берсе дагы жашоомо,
Турмушумдун бек кармадым жылоосун.

## КЫШТЫН ӨЗГӨЧӨ БИР БАРКЫ БАР

Айлана бүт аппак шейшеп жамынып,
Бак дарактар муздан мончок тагынып.
Асман ачык күн жылмаят нур чачып,
Аалам таза аба таза жаңырып.

Кыштын дагы бир өзүнчө баркы бар,
Арча, кайың ак тондорун жамынарган.
Тоодон ылдый чана тээп жаш балдар,
Ойноп, күлүп жарпын абдан жазышаар.

Үшүсө да, тоңсо дагы чыдашып,
Аппак кардан аяз ата жасашып.
Балдар жүрөт мотураңдап кубанып,
Курбу кызын аяз кыз деп аташып.

Мына ушундай кыштын дагы баркы бар,
Элге жакан майрамы бар салты бар.

Жаңы жылды ак кары жок тосууга,
Карап көрсөң жомок сындуу жагы бар.

Кыш майрамга, балаты алып келишип,
Бутагына кооз оюнчук, желекчени илишип.
Балдар жүрөт тегеренип ыр ырдап,
Аяз ата белек берсе кубанамын сүйүнүп.

## БИЗ АЯЛБЫЗ МЭЭРИМДҮҮ

Биз аялбыз, оор жүктү көтөргөн,
Биз аялбыз, уул-кызды төрөгөн.
АТА бала, ооруп калса жөтөлүп,
Мээрим берип баштарынан жөлөгөн.

Биз аялбыз, кайын журту сыйлаган,
Биз аялбыз, бардыгына чыдаган.
Сабыр берип, күчтү берип кудайым,
Баркыбызды бийик койгон кыйладан.

Баардыгына көңүл коюп аярлап,
Өзүбүздү барктайлычы аялзат.
Жашообузду жакшы жака өзгөртүп,
Мүрөк суусун коёлучу өлбөстүккө даярдап.

Оо аял зат, Биз мээримдүү эне биз,
Оордубуздун Кайда экенин билебиз.
Үй бүлөнүн жүгүн артып моюнга,
Чарчабастан арыш таштап келебиз.





## СУКТАНДЫРГАН ГҮЛ

Кырмызы гүл өскөн биздин талаага,
Кары жашы баары жүрөт талаада.
Карап турсаң ажайып кооз көрүнөт,
Неберелер гүл аралап баратса.

Табияттын сулуулугун жанашкан,
Кырмызы гүл ушунчалык жарашкан.
Өйдө төмөн өтүп жаткан жүргүнчү,
Өтүп кетпей суктанышып карашкан.

Гүл оронуп талаа жатат мемиреп
Гүлдүн жыты кандай сонун керемет.
Ушунчалык эргүү алдым өзүмө,
Кырмызы гүл ырдагыңды келтирет.

Гүл аралап канча түштүм сүрөткө,
Гүл өмүрү токтогонсуйт мүнөткө.
Жайы-кышы, соолубаса бул гүлдөр,
Окшоп калмак жашоо берген мүрөккө.

Ырга коштум суктандырган кооз гүлдү,
Ачтым бүгүн ушул гүлгө куржунду.
Жытын искеп азык алды жан дүйнөм.
Обон кошуп ырдасамбы бул күндү.

## АТА ЖУРТУМ МЕКЕНИМ

Ата журтум ыйык менин мекеним,
Кайда жүрсөм жүрөккө дем бересиң.

Алыстасам сагынамын өзүңдү,
Көздөн кетпейт көрктүү сенин элесиң.

Теңдеши жок ата журтум мекеним,
Ырга кошуп даңктап сени келемин.
Койнуң толо, жемишиң бар, кениң бар,
Эзелтеден элге эмгек сиңирген.

Ата журтум, айтып бүтпөс дастаным,
Көз тийбесин, көркүңө сенин башканын.
Ыр жазсам да, ырдасам да жарашат,
Ала-Тоодон түшкөн тунук сууларың.

Ата журтум бүт дүйнөгө мактанам,
Атактуулар сенден өсүп даңк алган.
Бири врач, бири акын, ыр жазган,
Билим алып кандидатын жактаган.

Ата журтум, баардык мактоо жарашат,
Башка өлкөлөр суктанышат карашат.
Жаратканым кут түшүрүп жериме,
Жылдан жылга өнүп-өсүп баратат.

## МЕЗГИЛ ӨТӨТ КЫЛЧАЙБАЙ

Мезгил өтөт, күндөр айга алмашып,
Айда келет, жылга жетип жай басып.
Кечээ гана, жап-жаш болгон кыз элем,
Калды бүгүн кара чачты ак басып.

Мезгил өтөт токтобостон шуулдап,
Бара жатам карылыкка жол улап.





Мен канчалык карыбайын десем да,
Мезгил учат саат жебесин камчылап.

Ак чач болуп калганда мен улгайып,
Мезгил өтөт карап койбой кылчайып.
Жаш өткөндө калем кармап колума,
Ыр жазганга болбостур дейм эч айып.

Арман болуп өтүп кетти жаш убак,
Арзуумду мен койгучакты тактылап.
Ал кездеги өчүп калган үмүтүм,
Сезимдерге эргүү берет камчылап.

Окуймун деп, канча кылдым далалат,
Кыялымдын ой чуңкурун аралап.
Канча аракет кылсам деле бары бир,
Жол ачылбай туңгуюкка такалат.

Туңгуюктан чыгып деле кете албай,
Кыялдагы максатыма жете албай.
Кылым бою унуттум го деп жүрсөм,
Тагдыр мага үмүт чачат шооладай.

Кеч болсо да, келди мага бул өнөр,
Кезеги жок ыр саптарым көбөйөөр.
Ырлар жазам, мезгил менен жарышып,
Жаза берем, токтогуча жүрөктөр.

## КӨРҮН БӨГӨН ТАЛАНТ

Талантым бар талпынтаарым жок болду.
Баш көтөрүп жеңе албадым тоскоолду.

Тагдырыма жазылыптыр оор сыноо.
Тосо албай, канатка тийген октору.

Тагдыр мени талпынты да өстүрдү.
Тагдыр кээде, чөгөлөтүп чөктүрдү.
Туура жолдон тайгылдырып бутумду.
Тагдыр деген баш ийгенге көндүрдү.

Тагдырга мен чөгөлөдүм сынбадым.
Башты ийдим, бирок колду сунбадым.
Тагдырыма жакшы күндөр келишин.
Жараткандан, дуба кылып сурандым.

Дубаларым кабыл болсо АЛЛАХКА.
Жан дүйнөмө кетирбеймин жарака.
Көөдөнүмө эргүү келип турганда.
Ырлар жазам эми актай баракка.

Жаза берем карып мөгдөп калганча.
Жазбай коюп калгым келбейт арманда.
Жан дүйнөмдөн оргуп чыккан ырларды.
Жаза берем, оо дүйнөгө барганча.

Ыр жазууга бардыгына даярмын.
Ырды жазып рахатын алайын.
Жабыркаса кокусунан жандүйнөм.
Ырым менен айыктырып салайын.







**Гулиза Абдимиталипова** – Кара-Кулжа районунун Чалма айылында 1991 -жылы 29-сентябрда төрөлгөн. Жогорку билимдүү. «Кайрыктардын мыкты жетекчиси» төш белгисинин ээси.

Үй-бүлөлүү, бир кыздын энеси

## БАЛАЛЫК

Күн чыгып тоо боорунан,
Терезеден шыкаалаган.
Тургун деп апам мени,
Ойготчу аппак таңдан.
Уйкуну таттуу көрүп,
Жатчу элем ойгонбостон.
Эшикти ачып койсо,
Дем алчуум таза абадан.

Секирип Акмойногум,
Куйругун шыйпаңдатып...
Турдуңбу деген сымал,
Ав...ав... деп үрчү дайым.
Муздак жели эрте таңдын,
Бетимден жумшак сылап,
Жарышып Акмойнок да,
Чоңоюп барган сайын...

Чырылдап чымчыктар да,
Өтө кооз сайрачу эле.
Алардан калышпай ээх...
Короздор үн салчу эле.
Айлана шаңга батып,
Өзүнчө кызык эле.
Короодо ызылдашып,
Жаш балдар ойноочу эле.

Кайдадыр кеткенби же,
Балалыгым ошондогу.
Узатып көөп жылдарды,
Кыскартып узун жолду.
Атакем атын минип,
Мал жандык айдачуу эле.
Таң менен кошо туруп,
Апакем да уй саайт эле.

Жашоодо жалганы жок,
Балапандай баёолугум.
Оюнда  кайгысы жок,
Жандүйнө тазалыгым.
Урушса апам мени,
Сооротчуу атам эле.
Оюнга эч тойбогон
Балалык соонун беле!

Чогултуп кооз таштарды,
Үй жасап ойночуу элек.
Жайкалган жашыл чөптөн,
Тамака деп жулчуу элек.
Кумдарды үйүп алып,





Балалык кыял менен...
Бийик үй курчуу элек.

Көчөнү шаңга бөлөп,
Ызылдап чуркачуу элек.
Айылдын баш аягын,
Күлкүгө толтурчу элек.
Жарышып кыздар балдар,
Суу чачышып ойноор элек.

Айылдын апалары,
Көчөнүн бир четинде,
Чогулуп олтурчуу эле.
Шаң менен обон созуп,
Жаркылдап ырдашчуу эле.
Айылдын көркүн ачкан,
Балалыгым чак соонун эле.

## КЕЧИРГИЛЕ

Кечиргиле, менден кетсе каталык,
Толгон болсо, жүрөктөргө капалык.
Байкабастан сүйлөп алсам силерге,
Таарынбастан капалыкты жазалык.

Кечиргиле, көңүлдөрдү оорутсам,
Эгер чындап, мамилени соолутсам.
Катуу айтып, сөз нугунан чыксам мен,
Кечиргиле, таарынычты чогултсам.

Кечиргиле сөзгө көңүл бурбасам,
Же байкабай, калпыс сүйлөп жаңылсам.

Кечиргиле, жумшак бирок мүнөзүм,
Үзүр сурайм, чындап билбей таарынтсам.

Кечиргиле, оо асылдар келгиле,
Улуу күндүн урматына кечиргиле.
Бул өмүрдө калаары чын сыйыбыз,
Оо туугандар! Өтүнүчүм кечиргиле!!!

## КАДЫР БАРК

Акча үчүн, мамилелер үзүлөбү?
Же кайрадан жакындашып түзүлөбү?
Убаданы унутуп кенебесек,
Жан дүйнөнү муздатып үшүтөбү?

Жаман дейбиз, акчаны жаман дейбиз,
Жашоо татаал, баарысын арман дейбиз.
Бүт баарысын заманга түртүп салып,
Айыбы жок өзүбүздү аппак дейбиз.

Турмуш бизди мушу менен сабабасын,
Айдап келдик күндөрдүн арабасын.
Билээрибиз аныктыр бул жашоодо,
Кимдин кимин кыйын күндө карабасын.

Акчабыз бар кээ бирөөнү тоготпойбуз,
Эсеби жок, акчаларды коротобуз.
Кыйын күндө жардамга келе албасак,
Чындыгында мамилени жоготобуз.





## КӨҢҮЛ БАРКЫ

Өмүр суудай кетээри чын ыраактап,
Толкунуна тосмосу жок кынаптап.
Күндүр-түндүр агаары чын булактап,
Калоосуна мезгил калбас кулачтап.

Көңүл суудай төгүлбөсүн жашыктап,
Көксөөсүнө жарык кылбас чырактап.
Дүйнөбүзгө катып алып тардыкты,
Тар чөйрөнү баштабайлы чунактап.

Өмүр өтүп кетээри чын, анык да,
Калса балким сөздөр калаар тарыхта.
Ак бpraktай келген болсок дүйнөгө,
Дал ошондой кетээрибиз чындык да.

## МЕКЕНДИ СҮЙҮП ЖАШАЙЛЫ

Түйшүк менен күндөр өтөт билинбей,
Кыйналсак да шүгүр дейбиз ийилбей.
Мейли эптеп жашасак да кыйналып,
Жүрөлүчү Ата Журтуна кейибей.

Улутум бар, тилим кыргыз аталган,
Урпагым бар, Ата бабам калтырган.
Суусун ичип абасынан дем алган,
Өз мекенде аруулук бар, сакталган.

Жетпей оокат, ач карым да чампайбай,
Жүрсөк дагы өз мекенде кампайбай...

Жаратканга шүгүр айтып ар дайым,
Жашайлычы жерибизде арданбай.

Ата Журтту артык көрүп ар дайым,
Сүйүп жашап, өтөлүчү биз дайым.
Башка өлкөгө кетсек эми баарыбыз,
Коргоп алаар, мекенимде ким дайын.

Өз энедей биз мекенди барктайлы,
Аз болсок да жерибизди сактайлы.
Үмүт менен жашайлычы бир боорлор,
Оңолбойт деп туулган жерден качпайлы.

## МЕЙЛИ УНЧУКПАЙМ

Мейли унчукпайм...!
Жаза берем көөдөнүмдө бар ырым,
Айтам ооба, жасалмасыз так чыным.
Сырдаш кылып ак баракты-калемди,
Колго алып жаза берем бар ырым.

Мейли унчукпайм...!
Кези келсе акын болуп чоңоём,
Азыр кулун, кийин барып торолом.
Там-туң басып, тай-тайлаган ыр менен,
Мен такшалып таасирленип чоң болом.

Мейли унчукпайм...!
Катуу айтып, көңүлдөрдү оорутпа,
Жакындыкты алыстатып жылдырба.
Ойлон бирок, кандай сөздү айттым деп,
Жүрөгүмдү муздатпа сен сындырба.





Мейли унчукпайм...!
Айткың келсе угузбастан айткын да,
Бүт жар салып уксун-көрсүн дебегин.
Бүгүн ыйлайм сенин катуу сөзүңдөн,
Элим баалайт кылган менин эмгегим.

Мейли унчукпайм...!
Кыйын болуп, бүгүн мени урушпа,
Көрө албастан көңүлүмдү оорутпа.
Кайтаар дүйнө келээри чын так анык,
Эртең сен да, сынаарыңды унутпа!

## ИШЕНИЧ

Ишенип алдым эле,
Таасирдүү сөзүңүзгө.
Бакытым сиз экен деп
Байлагам көзүңүзгө.

Айтылган сөздөр калды,
Чындыкка дал келбестен.
Арзышкан күндөр калды,
Койдум эстебестен.

Ойлонбойм, калоом да жок,
Чалууга дарман да жок.
Ишенип алды дебе,
Эми чын, сагынгым жок.

Жалганды айтпайт дедим,
Чындыктан качпайт дедим.

Мыкты деп баалап сизди,
Өз сөзүн талдайт дедим.

Айтылган канча тилек,
Көтөрдүң канча билек.
Жасалма болгон тура,
Болбодуң мага тирек.

Бат эле ишенүүгө,
Жол бербес жан элем го.
Убаданы бийик коюп,
Өзүмө хан элем го.

## АТАКЕМ

Атоов... жарыгым атакебай,
Биз үчүн күйүп жандың.
Кыйналган оор күнүңдү,
Көрсөтпөй жашың каттың.

Балам деп келдиң чыдап,
Уктабай жүрдүң сыздап.
Чоңойтуп баарыбызды,
Сый көрбөй кеттиң узап.

Ордуңуз толбой азыр,
Атаке өксүп ыйлайм,
Буркурап токтоно албай,
Арманда боздоп сыздайм.

Барыңыз бакыт эле,
Үйүбүз да жарык эле.





Күлгөнүң кубат берип,
Жашообуз бейиш эле.

Атакем керек элең,
Ыйласам өбөр элең.
Өзүң жок үйгө барсам,
Эми мен кимге келем.

## КЫРГЫЗЫМДЫН ЖИГИТТЕРИ.

Бар болгула! Кыргызымдын мыктылары,
Эр азамат камчыга сап шумкарлары.
Элин-жерди коргойт дайым,
Кыргызымдын баатырлары.

Намыска бек, ата-журттун тукумдары,
Ыйманга бек айбаты күч бүт уулдары.
Мекен үчүн өз жанын да аябаган,
Эр жүрөк кыргызымдын атуулдары.

Бар болгула, бул жашоодо баарыңар,
Атсын дайым, сак саламат таңыңар.
Силер менен мекен кымбат дайыма,
Оорубасын аман болсун жаныңар.

Кыйынсыңар кыраан Манас бабадай,
Мыктысыңар бийик таза абадай.
Сыймыктанып жашайт кыргыз элиңер,
Жана берсин жылдызыңар чырактай.

Силер менен кыргыз элим мактанат,
Силер менен кыргыз жери даңктанат.

Мекен үчүн кызмат кылган кыраандар,
Эрдигиңер тарыхтарда сакталат.

## ЖАШОО СЫНАГЫ

Жашоодо жарды болуп,
Жаңылып жашаган көп.
Өмүрдүн баркын билбей,
Турмуштан адашкан көп.

Тилинен тайып түшүп,
Тарта албай кулаган көп.
Талпынып уча албай,
Жолунан кулаган көп.

Эл үчүн эмгек кылган,
Азамат мыктылар көп.
Кыйынга жете албай,
Күйүгүп жүргөн да көп.

Бетинден жакшы болуп,
Ушакчы шыбаган көп.
Өзүнүн пайдасына,
Өлгөнчө чуркаган көп.

Өлүмдү унутканча,
Өлгүчө уктаган көп.
Аттиң ай... адамзат ээх,
Жалганды сүйлөгөн көп.

Жүздөшпөй калчудай,
Жүз үйрүп кеткендер көп.





Эки тоо көрүшпөйт го...
А бирок... көрүшкөн көп.

Сындырбай көңүлдөрдү,
Сыйлашып жашайлычы,
Ыйлатпай жүрөктөрдү,
Жакшы сөз арнайлычы.

## АЗЫР БИЛ КАДЫРЫМДЫ.

Азыр бил кадырымды,
Кеч болуп кала электе.
Сезимдер өчүп такыр,
Кол шилтеп кете электе.
Азыр бил кадырымды,
Башкага кете электе.

Ар бир жан окшобойт да,
Талпынып издесең да.
Дүйнөнү бүт кыдырып,
Мыктыдан четтесең да.
Чертилип табылбайт го,
Башканы «Сиз» десең да.

Азыр бил кадырымды,
Текшергин акылымды...
Темирдей катуу болгон,
Сыйлаган жакыныңды.
Баалаган сезимиңди,
Сени деген асылыңды.

Азыр бил илебимди,
Кеч болуп кала электе.

Билемин куса болуп,
Сен дагы издээриңди.

## КӨЗ ТАМЧЫСЫ

Кулагыла, көздөн аккан тамчыларым,
Көөдөндүн көксөөсү басылсын бир,
Муңайып бозоргон беттер дагы,
Көз жашка жуулуп тазарсын бир.

Кулагыла, көздөн аккан тамчыларым,
Кысылып жүрөктө калбасын зар...
Өтөөр, кетээр муңдашкан арзууларым,
Сакталып жүрбөсүн таарынычтар.

Кулагыла көздөн аккан тамчыларым,
Кубалап көз жаш менен агып чыксын.
Кысылып жандүйнөмдү кыйнабастан,
Калтырбай каректерди жууп чыккын.

## САГЫНГАН ЖАН

Кадырыңды карегиме түйүп алып,
Сагынычтан санаада жашып күлөм.
Арзуу сөзүн жүрөгүмө түйүп алып,
Жолугам деп жолуңду күтүп жүрөм.

Сагынамын өзүңдү ойлоп алып,
Жашоодо сени деле күйүп жанып.
Бийик коюп сенин мага арзууларың,
Жүрөмүн жүрөгүмө катып алып.





Сен да мени сагынып ойлодуңбу?
Түшүңдөн чоочуп алып ойгондуңбу.
Болбосо, кусалыктан, сагынычтан,
Махабаттын булагын бойлодуңбу?

## КӨҢҮЛ НАЗИК

Жакшы сөзүң, жан эргитип адамды,
Жаман сөзүң, жан кейитет армандуу.
Көңүл назик чертип койсоң кулаган,
Жылмайып жүр, жаркыратып жамалды.

Көңүл назик роза гүлдөй жайнаган,
Көңүл назик ак көйнөктөй буралган.
Көңүл булут бир көрүнүп жоголгон,
Көңүл кымбат табылгыс да дарыдан.

Көңүл аппак, ак барактай тазарган,
Көңүл бийик, Ала-тоодой жайкалган.
Көңүл тунук, мөлтүр суудай шар аккан,
Көңүл китеп, өчпөс сандуу тарыхтан.

## МОЯ РОДИНА КЫРГЫЗСТАН.

Если даже весь мир я пешком обойду,
Я такого райского угла не найду.
Ты мне яркую жизнь дала навсегда,
Все обиды судьбы от меня ответала.

Я не вижу превыше страны другой,
Жизни вкус я познала только с тобой.
Чудо это словами не расскажу,
Отчизна моя, ятобою хвалюсь.

Пики гор в небеса уперлись твои,
А под ними хвойный лесу у самой земли.
А в озерах колышутся воды со скал,
Что на солнце растаяли, хоть лёд их сковал.

Кыргызстан-ты моя чест и хвала,
Я готова охраной отбед быть навсегда.
Как же мне стране неслужить,
Я готова томами книг больших быть.

Родилась, жила в Кыргызстане ведь я,
Как еще мне сохранить твои знамена.

*Орус-тилине которгон:Сабирова Венера Кубатовна, Филология илимдеринин доктору, »Адабият таануу», адистиги боюнча ОшМУнун профессору, чет тилдер жана маданият аралык байланыштар кафедрасвнын башчысы, КР УЖСун мүчөсү.*

## МЕКЕНИМ КЫРГЫЗСТАН

Дүйнөнү бүт айланып кыдырсамда,
Таппадым бир өзүңдөй бейиш жерин.
Жаркын жашоо тартуулап дайым мага,
Унуттуруп турмуштун кейиштерин.

Өйдө көрбөйм өзүңдөн башка өлкөнү,
Өзүңдөн өмүр даамын татканым чын.
Айтып бүткүс сөз менен кереметиң,
Ата-журтум сен менин мактанычым.

Көк тиреген Аска-зоо чокуларың,
Көркөмдүү, арча кайың топурагың.





Көлкүлдөп көлгө айланып агып түшүп,
Күнгө ээрип мөңгүлөрүң, булак, сайың.

Сыймыгым мекеним сен Кыргызстан,
Ызгаардан коргоп алчуу тон болойун.
Өлкөмө кызмат кылбай кантип анан,
Өлкө үчүн чоң чыгарма, том болоюн.

Төрөлдүм сенде өстүм Кыргызстан,
Тууңду кантип анан коргобойун.

## МИГРАНТМЫН

Ала-тоомдон алыстап келдим мына,
Жазган экен ушуну тагдырыма.
Шамал серпип чачымды эркелетчүү,
Тойбой турам мекенимдин абасына.

Таң эртелеп тоо борунан күн да чыгып,
Терезмден тигилип шыкалаган.
Жылмайыңкы күнүмдү таппай турам,
Окшобогон баары башка оттой учкан.

Мекениме таарынбай иштеп жүрөм,
Кетээримди санаймын дагы күмөн.
Ооба башка өлкөнүн тузун татып,
Кетпеймин деп соонуркап иштеп жүрөм.

Сабыр кылам, баарына сабыр кылам,
Кыргыз деген элиме таазим кылам.
Канча жандар чет өлкөдө иштеп жүрөт,
Аргасыздан күн кечирип өмүр сүрөт.

Өз элимден алыстаган мигрантмын,
Кыйналсам да иштегенге ишти таптым.
Кудай буйруп кетээрмин деп үмүт кылган,
Мекенимди сагынган кыз мигрантмын.

## МИГРАНТКА Я

С далека я прибыла на встречу с Ала-тоо,
Видно мне судьбой было предначертано.
Ветерок слегка играет волосами косы,
Надышаться не могу воздухом родным.

Ранним утром с гор солнышко встает,
И в окошечкомое так озорно глядит.
Вот и улыбаюсь всем, места не найду,
Вокруг себя что-то схожее с огнем ищу.

Я на родину свою обиды не держу,
Неизвестно даже, когда снова уйду.
И в другой стране сейчас кормлюсь,
Убежать оттуда даже не стремлюсь.

Я терплю и вытерпеть многое смогу,
Кыргызскому народу низко поклонюсь.
Сколько душ за рубежом страны живут,
От безвыходной жизни все они работают.

Я мигрант, и вдалеке от родины живу,
Хоть трудно и бывает, я все же тружусь.
И живу надеждой, что бог меня простит,
Тоскующих мигрантов обратно возвратит.







Мен, **Айзада Мамазаирова,** 2002-жылы 29-январда Ош шаарында жарык дүйнөгө келгенмин. 2020-жылы Ош шаарындагы №52 «Кыргыз - Түрк достугу» атындагы мектеп-лицейини аяктагам. Ошол эле жылы ОшМУнун индустриалдык-педагогикалык колледжине тапшырып 2022-жылы ал окууну дагы аяктадым. Кесибим – мугалим. Үй бүлөлүүмүн.

## ТАГДЫРЫБЫЗ ЖОМОКТОЙ

Бөтөн сөзгө убакытты коротпой,
Элжирейбиз сүйүүбүздү жоготпой.
Тээ алыстан сезилгенсийт байкасак,
Көңүлүбүз келип - кетчү коноктой.
Жашообуздун барактасак барагын,
Тагдырыбыз жазылбаган жомоктой.

Ой - санаабыз басат бизди үндөбөй,
Кыялыбыз алыс учат жүр дебей.
Куру максат, жаман ойлор курчаса,
Сабырыбыз жеңет бизди сүйлөтпөй.
Сүйүнөбүз жакшы сөзгө кубанып,
Жан дүйнөбүз айтылбаган дүйнөдөй.

Коёндордой окшош болсо күнүбүз,
Арга жоктон күлүп турат жүзүбүз.
Энекемдин тийип бизге батасы,
Берекеге толуп турат үйүбүз.
Ааламда жок окшошпогон эч кимге,
Күн нурундай, ай нурундай сүйүүбүз.

## КЕЧ БОЛБОСУН...

Жабыркадым ичтен сызып аз гана,
Мен өзгөрбөйм, сен өзгөрбө башкага.
Сагынганмын баштагыдай өзүңдү,
Сырыңды айт, сырдашалы жаз мага!

Кеч болбосун жазчы мага оболой,
Катарыңдан сызылбайын жоктолбой.
Кубанайын, сүйүнөйүн бир ирет,
Кат жаз мага, узун жазчы токтобой!

Ойлоруңда мени ойлоп тураарсың,
Жаман балким, жакшы кабар угаарсың.
Угайынчы коңур чыккан үнүңдү,
Коңгуроо кыл, ички дүйнөм кубансын!

Мага болгон капалыгың калдыбы?
Сага жазган кыска катым бардыбы?
Таарынычың бир күн келип таркаса,
Кел кучакта! Кеч болбосун бардыгы...

Сага жазган кыска каттын бар муңу,
Тез жаз тийсин мага каттын жарыгы...

## А. ОСМОНОВ ЖАНА МЕН...

Сенин ырың, жан дүнүйөң өзгөчө,
Сендик делген сезимдериң аркылуу.
Сүйүүң, ырың кылым кезип өчпөсө,
Сени окуп, менин дүйнөм бактылуу.





Карегиңде башка дүйнө тартылып,
Көөдөнүң кең, ырда сырың катылуу.
Көкүрөккө бүт ааламды батырып,
Кыял учуп менде жүрөк жаралуу.

Сен жашаган аруу дүйнө өзгөрүп,
Сага окшош аруу жандар саналуу.
Санаркатып убакыт да тез өтүп,
Сезимдердин так ортосу жаралуу.

Жүрөгүмдүн толбой жүрөт бир бурчу,
Жүздөшкөнү сенчелик жан табалбай.
Жүрөктөшүң ыр-калем сап болуучу,
Жүдөп жүрөм ал дүйнөңө баралбай.

Сендик дүйнө, сен жашаган мезгилди,
Көксөп жүрөм бул дүйнөдөн табалбай...

## МЕН СҮЙГӨН КАР...

Үзүлбөгөн үмүтүм жанды мына,
Үмүт үзбөй тагдырдын тардыгына.
Көптөн күткөн, эңсеген күн да келип,
Ак кар менен ак сүйүүм жаады мына.

Сүйүүдөгү сабырым кемибеген,
Жүрөгүмдү сабырдын жери деген.
Толбой жүргөн, көксөгөн көөдөнүмө,
Сүйүү жаады таптаза эрибеген.

Сүйүүм мынча жазда да гүлдөбөгөн,
Кышта келди кар менен күтүлбөгөн.

Көктү тиктеп суктандым кучак жайып,
Бакыт түштү асмандан үлбүрөгөн.

Ушул мүнөт, мезгилди көптөн күткөм,
Сүйүүм келди кар менен үзүлбөгөн...

* * *

Түшүм башка, өңүм башка, мен башка,
Эки дүйнө, сансыз ойлор ар башка.
Алпурушуп даарысы жок дарт менен,
Түшүп калгам багыты жок таймашка.

Сезим башка, санаам башка, күл дебе,
Оюм бөлөк, сөзүм бөлөк күлгөндө.
Бул дүйнөнүн жалгандыгын түшүнбөй,
Басып жүрөм, чекити жок дүйнөдө.

Жүрөк башка, оюм батпай сүйлөмгө,
Жүзүм башка, айла таппай күлгөнгө.
Алсырадым, кансырадым сүйүүдөн,
Неге... Неге келгенмин бул дүйнөгө.

Ишенчээкмин, бат ишенип жалганга,
Толуп калган ички дүйнөм арманга.
Аппак сүйүүм, ак көңүлүм көкөлө,
Мен ишенем уч, учагой асманга...

## ИЧИМДЕ ТОЛО СҮЙҮҮ

Аппак сезим арууланып байланган,
Өз ордуна жүрөктөргө жайланган.





Жадыраган кезим менин ушул саат,
Каректерде толо сүйүү жайнаган.

Бактылуунун жолдоруна жандаган,
Арбалышып жылуу сөздү аңдыган.
Ушул убак күлкүчү да, жаштык кез,
Жүрөгүмдө толо сүйүү калкыган.

Сенден башка бөлөгүнө барбаган,
Сүйүү үчүн каректерим талбаган.
Азап эмес, күйүт эмес, бир гана,
Сезимдерим сүйүүлөрдү тандаган.

Эх, сен сүйүү ажайып бир сезимсиң,
Бала кыял, сүйө турган кезимсиң.
Аруулукка жетелейсиң тазартып,
Түбөлүккө жашай бергин дээрим сен.

## ЧИЙИЛГИЛЕ ДОСТУГУМАН

Жададым мен, көңүлдүн коштугунан,
Колдонушту далайы жооштугумдан.
Жан дүйнөнү кирдетпей караңгылар,
Чийилгиле сураныч достугумдан.

Чарчап бүттүм мүнөздөрү чорттугунан,
Пайдаланып күн сайын боштугумдан.
Далай ирет сезимимди ирээнжиткен,
Жоголгула жамандар ээ, достугумдан.

Көңүлүмдү жылытып койдум мына.
Жамандыкты кубалап жойдум сына,

Асылдарга эшикти ачып койдум.
Жакшыларым келгиле достугума кошулгула.

## ЖӨН ЭЛЕ

Мен каалаган бакытка жетким келди,
Оттой жансам жылуулук арал менен.
Чарчап турам, жаш балача албууттанып,
Баарын таштап жөн эле кетким келди.

Жалгызсырап өзүмчүл жүргүм келди,
Жалгыздыкты аярлап сүйгүм келди.
Ичте өлүп, сыртыман билгизбестен,
Жалгандар чындыгы күлкүм келди.

Бакыт кушун өзүмө үйгүм келди,
Ыссык-суукка торолуп бышкым келди.
Сыртта күлкү, ичте муң каптаса да,
Бактылуудай жөн эле жүргүм келди.

Бажырайып дүйнөнү кезгим келди,
Түркүн ойлор, кыялдар тооруп мени.
Жакшылардын асылын көрсөм деле,
Аруулугум өзүмдүн сезгим келди.

## СҮЙЛӨБӨЙМ, СҮЙЛӨБӨЙҮН

Мейли жек көр, жамандагын үндөбөйүн,
Жаман айтып, жаакташып жүдөбөйүн.
Жиниң чыгар, ургула кааласаң теп,
Мен деги сүйлөбөйүн, сүйлөбөймүн.





Сен жөнүңдө укканда сүйүнбөймүн,
Ушактасаң өрттөнүп күйүнбөймүн.
Жалган айтып, чымынды пилге айлант,
Бирок мен, ооз ачып сүйлөбөймүн.

Макул айткын жалганчы дүйнөдөйүм,
Силер үчүн ачылып гүлдөбөйүн.
Мени силер бир өмүр алдагыла,
Жаман айтып мен сага үндөбөйүн.

Жиниң чыгар, ургула кааласаң теп
Мен деги сүйлөбөйм, сүйлөбөйүн

## ЭРКЕЛЕТЧИ

Жакшы сөздүн ырахаттуу абасы,
Ширин сөздөр жан дүйнөнүн дабаасы.
Эркелетчи, эркелөөчү жайым бар,
Мен сүйүүнүн татынакай баласы.

Сүйүүм чексиз, бир жүрөгүм башчысы,
Мендик дүйнө сүйүүлөрдүн жакшысы.
Аярлачы, койнуңду ач, мен деги,
Табигаттын эркелеген жаш кызы.

Ажарлуусуң, күн нурундай периште,
Жалган айтпа мен тарапка келиште.
Чындык сүйгөн, эркелеген, мен сага,
Чыркыраган чындык айткан наристе.

Ачуу чындык, жакшылыктын жөлөгү,
Таасир берет мезгилдердин көмөгү.

Кыялдарга байланып арууланган,
Мен доорумдун татынакай бөбөгү.

## МЕНДИК ЖҮРӨК

Мендик жүрөк «сени» - деп турган убак,
«Сен»- деп согуп турганда кантмек элем.
Санаасына сезимдин салып коюп,
Ашыктыкты чанып сен кетмек белең?

Билбегенмин сүйүүнү бир кездерде,
Жаш балача ойногон тентек элем.
Кабылдым мен сүйүүгө азгырылдым,
Жүрөгүмдүн... баркына жетээр белең?

Кыялымда, максатка талпынып мен,
Бардыгына жетишүүчү элпек элем.
Балалыгым айтсамчы эгер өзүңө мен,
Жан дүйнөмдү түшүнүп сезмек белең?

Кээ күндөрү кайгырып өзүмдү жеп,
Билдирбестен ичимден кектейт элем.
Бакыт гүлүн сунуп сен асылым деп,
Сүйүүң менен кайгыны чектейт белең?

Эмне десең макулмун, баарын тыңдап,
Жүрөк менен түшүнүп эптейт элем.
Четке кагып арзуумду тепселеп сен,
Мени таштап башкага кетпейт белең?

Үмүт үзбөй өзүңдөн күтүп арзуу,
Жүрөк байкуш эзилип кайгырууда.





Сезимдерин эч кимге билдирбеген,
Жүрөгүнөн өзүңө кайрылууда!

## МЕН КИММИН?...

Жарыктыкка дүйнөгө бир келгенмин,
Тоо асканын гүлдөрүн миң тергенмин.
Көңүлү бош жаманды билдирбеген,
Карапайым кыргызым!!! Бир пендеңмин...
Салтты сыйлап өнөрдү көкөлөткөн,
Тарыхы бар илгерки бир элденмин.

Сулуулугу табылгыс жерден болом,
Санжыраны сактаган элден болом.
Баатыр Манас каны бар тайманбаган,
Байыркыны жоготпос кербен болом.
Курманжандын урпагын улап барсам,
Курч мүнөздүү сөзгө бай чечен болом!

## АЛЫСТЫК ЖАКШЫ ЭКЕН

Ичибизден жек көрүп турсак дагы,
Жакшы көрүп, сыйлашуу башкы экен.
Бир көрүүгө зарыгып сагынганы,
Баарынан да алыстык жакшы экен!

Сүйүндүрүп алысты жакын кылган,
Телефон бар жылмайып үндөшкөнү.
Кусаланып, саргайып, күтүп анан,
Жакшы экен алыстык сүйлөшкөнү!

Сезимдерин билдирип жылуу сүйлөйт,
Убакыт жок чырдашып тарынганы.

Ырахатын сезишип билгендерге,
Эх, алыстык билдирүүчүм сагынганды!

Жакшыларым бир гана өзүңөрдү,
Сезим толгоп көрүүгө олугууда.
Сүйлөшкөнү эңсеп мен күтүүдөмүн.
Күндөр келсе шашылып жолугууга!

Бир көрүүгө зарыгып сагынганды,
Баарынан да алыстык жакшы экен!

## ТООНУН БООРУНДА

Суктанаарлык жашыл тоонун боорунда,
Дүйнө кездим, кыялдап учуп оюмда.
Чоң кыялды алып учат шамалдар,
Мен жетпеген чоң максаттын жолуна.

Балкып турат кубанычтан дүнүйөм.
Албууттанып жаш балача сүйүнөм.
Бийик тоодон чоң сезимди көтөрүп,
Максаттарга арбалам да күйүгөм.

Көздүн жоосун алып учат чымчыктар,
Бактылуумун жан дүйнөмдө тынчтык бар.
Бүгүн ойлор тоодон бийик өзгөчө,
Табият да, бар дүнүйөмө кызыкдар.

Топ - топ үйлөр жакшылыктай туюлуп,
Кайгы - муңдар жоголгонсуйт суюлуп.
Тоодой бийик сезимдерим кубантып,
Капачылык кеткендей го жоюлуп.





Табиятты сүрөтчүлөр тарткандай,
Күн нурлары уясына баткандай.
Бүтпөс кыял, бүтпөс сезим арбашып,
Жаратылыш мени тартып жаткандай.

Тоонун көркү, жан дүйнөмө чагылып,
Жомоктордой көрүнүштөр агылып.
Дүйнө тааным өзгөргөнсүп башкача,
Турам мына тоо сырына багынып.

Жашыл түстөр сагынычты билдирип,
Оргуштаган максатыма жан кирип.
Жылмаюудан коздолгондой бул дүйнө,
Кыялыма койду мени жеткирип.

## НЕГЕ ЖОЛУКТУҢ...

Сезимимди билдирүүгө оолуктум.
Арнап коюп махабатты, сүйүүнү,
Кичинекей жүрөгүмдү ооруттуң.

Неге көрүндүң...
Махабаттын дайрасына чөмүлдүм,
Бакыраң көз, өзгөчө жан, кара каш,
Жүрөктөгү ээси сенсиң төрүмдүн.

Неге жылмайдың...
Сени көрүп жашоо үчүн чыйралдым.
Жүзүңдөн нур жанып турду башкача,
Карегиңди көрдүм дагы жыйналдым.

Неге карадың...
Алыстатпай тартып турду жамалың,
Кобурашып басып жаттык жанаша,
Көз алдымда калды ошол карааның.

* * *

Күн келер, кайра кайтып көрүшкөнгө,
Жакшы сөз, айтылат да көмүскөдө.
Өмүрдө аттиң кылып, өксүп-өксүп,
Ыйлашат жер түбүндө көмүшкөндө.
Же эмне? Азгырылып кең дүйнөгө,
Сыйлашаар күнүң барбы, көрүстөндө?

Кыпындай жалган сөздөр азап болуп,
Калбагыла тирүүлөй да каза болуп.
Кетебиз карыш жерге мен да, сен да,
Кайтпасын өзүбүзгө жаза болуп.
Өмүрдөн өткүчөктү сыйлашалы,
Чындыкка ак ниеттен таза болуп.

Олтуруп кең ойлонуп сырдашалы,
Жаркыган ойлор менен кыр ашалы.
Жүрөктөн орун алсын таттуу сөздөр,
Ансыз да өмүр кыска, сыйлашалы.
Биз деги, напсибизди тыйып салып,
Жакшылык үмүт менен баарлашалы.

## МЕН

Ар бир сөзгө
жылмайып да күлгөн мен,
Кубанычтан
бактылуудай жүргөн мен.





Куруп сүйүү
мунарасын жүрөккө,
Атыр жыттуу
сүйүүлөрдү үйгөн мен.

Мээрим чачып
өзгөлөргө күйгөн мен,
Жамандаса
унчукпастан көнгөн мен.
Айтылбаган
сезимдерим бук сымал,
Ичке катып
арманымды сүйгөн мен.

Себеби жок
күнөлүү да болгон мен,
Жүрөктөрү
үшүп, муздап тоңгон мен.
Сылык - сыпаа,
боорукер да жайдары,
Боломун деп
жаман атка конгон мен.

Артка таштап
жалкоолукту жойгон мен,
Ушак сөзгө,
жалгандарга тойгон мен,
Көзүм көрүп
турса деле унчукпай,
Биринчиге
максатымды койгон мен.

Ар бир жанга
көңүлүмдү бөлгөн мен,
Жүрөктөрдү
кайра - кайра өйгөн мен.
Ойлонуунун
курмандыгын, жалганын,
Көрүп сезип,
эчак эле өлгөн мен...

## ӨЗГӨДӨН МЭЭРИМ ИЗДЕПТИРМИН...

Ичимден жеп, өзүмдү тилдептирмин,
Мендик болгон жүрөктү билбептирмин.
Дүйнө жүзү бербеген бир мээримди,
Үмүт кылып, өзгөдөн издептирмин...

Кирди - чыкты сөздөргө кирдептирмин,
Алдаганды байкабай сиз дептирмин.
Дүйнөдө жок мээримди кыялданып,
Алдап ширин сүйлөсө, биз дептирмин...

Жүрөк эзген кайгыны жеңбептирмин,
Акыл айтса өзгөлөр жиндептирмин.
Жаратылыш бербеген бир мээримди,
Өзгөлөрдөн көксөп мен, издептирмин...

Сырдашалы сырың айт кел, дептирмин,
Жан дүйнөмдүн жарыгын сез дептирмин.
Өзүмдөгү ченелгис мээримимди,
Жүрөгүмдүн кенчи деп сезбептирмин...

Өзүмдөгү ченелгис мээримимди,
Жүрөгүмдүн кенчи деп сезбептирмин...





## БЕЛЕГИМ БОЛ

Нурун чачкан асмандайым, күндөйүм,
Жүрөгүңө жалгыз өзүм, мен түнөйүн.
Тагдырымдан тартуу алгам өзүңдү,
Белегимсин башка жанды сүйбөймүн.

Караңгыда жарык чачкан айдайым,
Өзгөлөргө окшобогон жайдайым.
Ишеничим бир өзүңө артылган,
Жарым болчу, ак сүйүүмдү арнайын.

Түбү терең чалкып жаткан деңизим,
Өзүң белең жүрөктөшүм эгизим.
Куруп бирге мунарасын сүйүүнүн,
Биз терели сүйүүбүздүн жемишин.

## МАЗМУНУ

БАШ СӨЗ ..... 3

**Машаева Бактыгүл**

КЫРГЫЗ ТИЛИМ АЛГАЧКЫ ТИЛ ААЛАМДА ..... 5
МАНАС КЫРГЫЗ ЭНЦИКЛОПЕДИЯСЫ ..... 7
УЛУУЛУК БАР ТҮЗҮЛГӨНДӨЙ ТҮБӨЛҮККӨ ..... 8
ЖООМАРТ БОЛГУН ӨМҮР СЕНДЕН СУРАНАМ ..... 9
УЛАЙЛЫЧЫ ИЗ КАЛТЫРЫП ТАРЫХКА ..... 10
БОЛБОСУНЧУ ТАРЫХ КАРЫП ..... 11
АКЫҢ ЖОК ӨМҮРДҮ СЕН ШАШТЫРГАНГА ..... 12
БИЗ ТООЛУКПУЗ ..... 13
ААЛАМ СИЗГЕ ТЕҢ ЭМЕС ..... 14
ПЕНДЕЛЕР ДА МЕЗГИЛГЕ ОКШОП КАЛСА ЭМНЕ ..... 15
БЕРТИК ..... 16
ЭКИ ЖҮРӨК ..... 17
СӨЗ ..... 18
МЕЙКИНДИК ..... 19
НАЗАРЫМДА ..... 20
АШАР ..... 20
ПАМИРЛИК БИР БООРЛОР ..... 21

**Маметова Зуурабү**

ТАРЫХ СҮЙЛӨЙТ ..... 24
БААРЫСЫ БААРЫСЫ МЕН ..... 25
АЖАЛГА НААЛАТ ..... 25
КАЗАК КЫЗЫ ..... 27
ҚАЗАҚ ҚЫЗЫ ..... 27
БҮГҮН МАЙРАМ ТУРБАЙБЫ ..... 28
ООБА ДЕСЕҢ... ..... 29
ӨКҮНҮҮ ..... 30
ЖЫЛДЫЗДАРДАН ЧЫРАК ЖАГАМ ..... 30
СҮЙҮҮНҮН ТҮРҮ КӨП БОЛОТ ..... 31
АПАКЕ АПАКЕБАЙ ..... 32
МЕН СЕНИ ТАПТЫМ ..... 33
ЧАҢКАДЫ БАЙКУШ КӨҢҮЛҮМ ..... 33
ТАЛАНТЫҢ ЖАШАЙТ ..... 34
МЕКЕНИМ МЕНИН МУРАБЫМ ..... 35





МЕЗГИЛДЕР МЕНЕН ЖАШАЙБЫЗ БИЗ ТАБЫШЫП ..... 36
ТҮСІМЕ КІРЕ БЕРМЕШІ ..... 37
ТҮШҮМӨ КИРЕ БЕРБЕЧИ ..... 38
АЯЛДА КЫРК ЧЫРАК БАР ..... 39
ӘЙЕЛДЕ ҚЫРЫҚ ШЫРАҚ БАР ..... 40

**Набиева Баринуса**

ОРДОЛУУ ОШ МЕКЕНИМ ..... 41
АЯН БЕРИП ТҮШ КӨРҮҮ ..... 42
ФРУНЗЕ ..... 43
ФРУНЗЕНИН ЖАНГАН ОТУ ..... 44
МУНАРАДАН МУҢДУУ ДОБУШУ УГУЛАТ ..... 44
БАЙЛЫК БИЙЛИК БИР КҮН КАЛАТ АРТЫҢДА ..... 45
ТАБИЙГАТ АКЫН ҮЧҮН КЕН БАЙЛЫК ..... 46
ЭГЕМЕН ЭНЧИЛЕНГЕН ЭЛИМЕ ..... 47
АЛЫКУЛДАЙ АКЫН КАЙРА ТӨРӨЛСӨ ..... 48
ЖОЛОН МЕНЕН МЕҢДИ ЭЖЕНИН ЖАШООСУ ..... 49
БАГЫТКА ..... 50
ЖИГИТТИК ӨМҮР ..... 51
КӨЛСҮЗ КЫРГЫЗ ЫРСЫЗ ЧЫҢГЫЗ ЖАШАБАЙТ ..... 52
БИР САБАКТА БЕШ РОЗАМ АЧЫЛГАН ..... 53
УУЛ КЫЗДАН ТАПТЫМ НЕБЕРЕ ..... 54
ТАЗА ЖҮРӨК НАРИСТЕГЕ ..... 55
ЖӨНӨП КЕТТИ КЫШ АЙЫ ..... 56
АЙТ АРАПА ЫЙЫК КҮН ..... 57
АЯЛ ЭНЕ МӨМӨ БЕРГЕН БАК ДАРАК ..... 58

**Беккелдиев Ташполот**

КЫРГЫЗ-АТАМ УЛУКСУҢ ..... 59
ШҮГҮР САГА ..... 60
КАДЫРЛАГЫН ..... 61
АЖЫРАТПА ЖАРАТКАН ..... 61
АЛТЫН ТОЙ ..... 62
ООРДУҢ ЖАШАЙТ ..... 63
СҮЙҮҮНҮ ЖАЗА БЕРЕМ ..... 64
ПЕРИШТЕМ ..... 64
ӨЛБӨС СҮЙҮҮ ..... 65
ЭЛЕСТЕРИҢ ..... 66
ӨЗҮҢӨ АРНАП ..... 66
ЖАКШЫ СӨЗҮН УГУП КАЛ ..... 67

ЖАРАТКАНГА АМАНАТ ........ 68
ЖАКШЫЛЫГЫҢ- БЕЙИШКЕ ЖОЛ ........ 69
АЙЛА ИЗДЕЙМИН ........ 69
КОНОКПУЗ ........ 70
КЫШКЫ ТҮН ........ 71
ЖАЗДЫ КҮТҮП ........ 72
ИЗДЕП БАРАТ ........ 73
МЕЗГИЛ ........ 74
КАЛКЫМДА БАР ........ 75
МЕН ЖАЗАЙЫН АСКАГА ........ 75
СҮЙҮҮДӨН МУНАР КУРАЙЫН ........ 76
КЭЭДЕ ТҮШКӨ КИРЕСИҢ ........ 77
МЕНДЕ ЖАШАЙТ ЭЛЕСИҢ ........ 77

**Рыспеков Мамадалы**

СЫРДУУ КӨЛ ........ 78
АКСЫЛЫК ЖИГИТКЕ ЖООП ........ 79
ЧЫГААН ЭЛ ........ 79
ӨМҮР ........ 80
АКЫНДАР ЖОЛУГУШУСУ ........ 80
КАРЫЯНЫН САНААСЫ ........ 81
ЧАТКАЛЫМ ........ 82
СҮЙҮҮ БУЛ БААРДЫК ЖАНГА КЕРЕК ДЕДИМ ........ 82
БАКБУР ИНИМЕ ........ 83
КАРА КАШКА АРГЫМАК ........ 83
МЕКЕН САКЧЫЛАРЫНА ........ 84
ЭНЕ ТИЛИМ ........ 85
ЭСИБИЗГЕ. КЕЛЕЛИ. ........ 85
ТАЛАНТЫМДЫ БААЛАСАМ ........ 86
КАЛЕМДЕШТЕРИМЕ АРНАЙМЫН ........ 86
ЗУУРА ЭЖЕГЕ ЫР БЕЛЕК ........ 87
МЕЗГИЛ УЧАТ ........ 88
ЭНЕ ТИЛ ........ 88
ЖАЙЛООСУ СОНУН КЕРИЛГЕН ........ 89
КОШТОШУУ ........ 89
ЭНЕ ТИЛИМ КАЗЫНАМ ........ 90

**Жеенбек Усанов**

СЫРДУУ КӨЗ КАРАШ ........ 91
САРЫ ЖҮЗДҮҮ НАВАТЫМ ........ 92
КӨМҮСКӨ СЕЗИМ ........ 92





ЖАШТЫК ДЕМИ ........ 93
ГҮЛҮМ БАР ........ 93
АРМАН ........ 94
ЖАЙЛООДО ........ 94
МЕН МАСМЫН ........ 95
ЧАРТЫЛДАГАН ЖАН ЭЛЕМ ........ 96
БАЛДАЙ БОЛГОН ЖАШТЫГЫМ ........ 96
КЕЛЧИ ЖАНЫМ ........ 97
«БАРБИ» ........ 97
АППАК КАРДА ДАРЫ БАР ........ 98
КЫЗЫЛ-КЫЯ ШААРЫМ МЕНИН ........ 99
АТА-ЭНЕМДИ СҮЙҮНТӨМ ........ 99
УЛУК БОЛ ........ 100
МАХАБАТТЫН СИМВОЛУ ........ 101
ШВЕЙЦАРИЯ ДЕП БИЛМЕК ........ 101
ЖЫЛДЫЗЫМ ........ 102
АКЫН ЖАЗАТ ........ 102

**Сабирова Венера**

ООГАНДЫК КЫРГЫЗДАРДЫН ЭЛДИК ЫРЛАРЫ ........ 105
НАРОДНЫЕ ПЕСНИ АФГАНСКИХ КЫРГЫЗОВ ........ 109
АЖЫ АБДЫЛДАНЫН АРМАНЫ ........ 112
ПЕСНЬ-ЖАЛОБА АБДЫЛДА-АЖЫ ........ 115

**Мамажанова Тазагүл**

ЫР ДАСТАН ........ 118
ЖАШОО БАКЫТ ........ 119
БИЗ ЖӨНҮНДӨ ........ 120
КУРСТАШТАРГА ........ 120
ГҮЛДАНА ........ 122
АМАН БОЛГУН ДОСТОРУМ ........ 123
ЖАШТЫГЫМ ........ 124
БИРГЕ БОЛУУГА ........ 124
КҮЗ ........ 125
ОЙЛОР ........ 126
ТИРҮҮЛҮКТҮН АЯГЫ ........ 126
АПАЛАРДЫН БАРЫНДА ........ 127
МЕНИН КАЛЕМИМ ........ 128
ЭНЕ ТИЛИМ ........ 129

### Гулжамал Салиевна


АК-БУУРА ........ 130
АЖЫЛЫК ........ 131
МЕКЕН КӨЙГӨЙҮ ........ 132
АКЫНДАРГА ........ 133
ЭРТЕ ЖАЗ ........ 133
ӨМҮР ........ 134
СЕЗИМДЕРИМ ........ 135
КЕЛИНИМ АЛЬБИНАГА ........ 136
ҮЧ ТЕПКИЧ ........ 137
ЖАШОО ........ 138
ТУНУМ АЛИМАГА ........ 138
НАСААТ ........ 139
БАЛДАРЫМА ........ 140
КӨК-БЕЛИМ ........ 140
ДОСТОР ........ 141
МЕДИКТЕР ........ 142
АЛАЙКУУ ........ 142
КЫЗЫМ АЙГЕРИМГЕ ........ 143
АПАКЕМ! ........ 144


### Акбалаева Марал


СЫЙКЫРДУУ КӨРҮНҮШ... ........ 146
КӨҢҮЛ....... ........ 147
ААЛАМ МЫЙЗАМЫ ........ 147
МЭЭРИМ КЕТТИ ТУУГАНДАН... ........ 148
АК ТАҢ АТАТ АР КҮНҮ ........ 149
ЭМИРХАНЫМ ........ 149
НЕБЕРЕЛЕРИМ ........ 150
КАРА-СУУМ... ........ 151
БЕШИК ЫРЫ ........ 151
БАЛА ЭНЕ ЖҮРӨГҮ ........ 152
СҮЙӨМ СЕНИ ТИРҮҮЛҮК!!! ........ 153
ТАБИЙГАТТЫ КОРГОЙЛУ! ........ 154
КЫШ МЕЗГИЛИ.... ........ 155
ТУҢГУЧ УУЛУМ ЭЛЕСИНЕ ........ 155
САГЫНЫЧ....... ........ 156
АСЫЛЫМ ЭНЕМ ........ 157
АЙТААРЫМ САГА ........ 157
СҮЙӨМ СЕНИ ӨМҮРҮМ ........ 158







ЭНЕЛЕР ........ 159
МЕКЕНИМЕ САГЫНЫЧ... ........ 159


### Насырова Самара


АЯЛ ДЕГЕН КИМ ӨЗҮ ........ 162
ЖАКШЫ АДАМДАР ........ 163
НАРИСТЕ ДҮЙНӨ ........ 164
ТҮПСҮЗ ОЙЛОР ........ 165
ЖАШОО НУГУ ........ 166
АЙЫЛДАГЫ КЫШ ........ 167
ЖАКШЫЛЫККА ҮНДӨӨ ........ 168
МӨЛТҮР СУУДА СҮЗГӨН БИР ЖУП БАЛЫКПЫЗ ........ 169
БИРДЕ ТОЛГОН БИРДЕ СООЛГОН СЕЗИМДЕР ........ 169
АДАМДЫН БААРЫ БИРДЕЙ. ........ 170
БИР УУРТАМ ЫР! ........ 171
КАЧАН ИЗДЕП КЕЛЕСИЗ ЖУМУШУМА ........ 171
АРЗУУ ........ 172
АЙ ЖАНА МЕН ........ 173
КЫЗЫМА НАСААТ ........ 175
ЖОГОТПОЙМ ЭМИ ........ 176
КОЮПТУРМУН АК СЕЗИМДИ КЕНЕБЕЙ ........ 177
БОЗ ДӨБӨ, КӨРҮСТӨН... ........ 178


### Кожобекова Алтындай


КАНЫ ТАЗА КЫРГЫЗДЫН ........ 179
ЫР ЖАЗГАН МЕНИН КАЛЕМИМ ........ 180
ЫР ЖАЗДЫРДЫ БОЗ ЧЫМЧЫК ........ 181
КАСИЕТТҮҮ СУЛАЙМАН-ТОО ........ 182
ЫРЛАРЫМ МЕНИН СЫРДАШЫМ ........ 183
КҮТҮП КЕЛЕМ ЧАРЧАБАЙ ........ 183
КҮЗ МЕЗГИЛИ ........ 184
ЖАШОО ЧЫНДЫК ........ 185
БИЙИК УЧКУН ШУМКАРДАЙ ........ 185
САГЫНДЫМ ........ 186
ТҮШҮМ МЕНИН ........ 187
ПОЭЗИЯ ........ 187
КҮЗ ЖАМГЫРЫ ........ 188
СЫЙЛАП ЖҮРӨЛҮ ........ 188
БАЛАЛЫК КЕЗ ........ 189
КАРА-КУЛЖА КЕРЕМЕТ ........ 189

АК-БУУРА СУУСУ ........ 190
МЕЗГИЛ МЕРЧЕМИ ........ 191

**Кутманова Атыргүл**

МАРТ АЙЫ ........ 192
АФГАНЕЦТЕР ........ 193
МЕКЕНЧИЛ ЖООКЕРЛЕРИМ ........ 194
СҮЙҮҮ КҮНҮ ........ 195
ЖАШОО АГЫМ ........ 196
АКМАТ АГАМ-ТУУГАНЫМ ........ 197
НООРУЗ КЕЛДИ ........ 198
НАФИСА КЫЗЫМ-МАНАСЧЫ ........ 199
ДАРЫГЕРИМ ........ 200
МУГАЛИМДИ ТҮШҮНГӨН ........ 201
УУЛ-КЫЗ БАГАМ ........ 202
ОШТУ МЕН ЖАКШЫ КӨРӨМ ........ 203
ШИРИН ЭЖЕ-КЫРГЫЗ ТИЛЧИ ........ 204
ЖАЗЫМ, ЖАЗЫМ ........ 205

**Сали кызы Бактыгүл**

БИЙИК КЫРГЫЗ ........ 206
НООКАТ КЫЗДАРЫ ........ 207
АЛДЫМ ЖУТТУМ ЖЕГИЧТЕРГЕ ........ 207
БАКТЫЛУУ БАЛАЛЫК ........ 209
ӨКҮНҮЧ ........ 209
ООРУЙ КӨРБӨ ЖАН ДҮЙНӨМ ........ 210
МЕН КИММИН ........ 211
КААЛОО ТИЛЕК ........ 211
ТЕКЕБЕРЛИК ........ 212
КУУ АЙЫМГА ........ 212
КЕҢ ПЕЙИЛДИК ........ 213
КЫЗЫМА ........ 214
ЭГЕМЕНДИК ЧЕКСИЗ БОЛСУН КЫРГЫЗГА ........ 214
СҮЙҮКТҮҮ КЫЗЫМ НУРАЙГА! ........ 215
БАЙЫСБЕК ЖАНЫШОВ ........ 215
АК КАЛПАК ........ 216
ЭНЕ-ТИЛИМ БЕЙИШИМ ........ 217

**Ашимова Турганбү**

ЖҮРӨЛҮЧҮ АМАН ЭСЕН ........ 218
БАЛДАРЫМА ........ 219





220
ӨМҮР БУЛАК ........ 221
ДОКТУР КАЙНАГАМЫН ЭЛЕСИНЕ ........ 222
НЕБЕРЕМДИН ТИЛЕГИ ........ 222
АКЫН КЫЗГА ........ 223
АК ЭЛЕЧЕК АПАЛАРГА ........ 224
КЫЗЫМА ........ 224
БАЛАЛЫК КЕЗ ........ 225
КЫШТЫН ӨЗГӨЧӨ БИР БАРКЫ БАР ........ 226
БИЗ АЯЛБЫЗ МЭЭРИМДҮҮ ........ 227
СУКТАНДЫРГАН ГҮЛ ........ 227
АТА ЖУРТУМ МЕКЕНИМ ........ 228
МЕЗГИЛ ӨТӨТ КЫЛЧАЙБАЙ ........ 229
КӨРҮН БӨГӨН ТАЛАНТ ........

**Гулиза Абдимиталипова** ........ 231
233
БАЛАЛЫК ........ 234
КЕЧИРГИЛЕ ........ 235
КАДЫР БАРК ........ 235
КӨҢҮЛ БАРКЫ ........ 236
МЕКЕНДИ СҮЙҮП ЖАШАЙЛЫ ........ 237
МЕЙЛИ УНЧУКПАЙМ ........ 238
ИШЕНИЧ ........ 239
АТАКЕМ ........ 240
КЫРГЫЗЫМДЫН ЖИГИТТЕРИ ........ 241
ЖАШОО СЫНАГЫ ........ 242
АЗЫР БИЛ КАДЫРЫМДЫ. ........ 242
КӨЗ ТАМЧЫСЫ ........ 243
САГЫНГАН ЖАН ........ 243
КӨҢҮЛ НАЗИК ........ 244
МОЯ РОДИНА КЫРГЫЗСТАН ........ 245
МЕКЕНИМ КЫРГЫЗСТАН ........ 246
МИГРАНТМЫН ........
МИГРАНТКА Я ........
247

**Айзада Мамазаирова,** ........ 248
ТАГДЫРЫБЫЗ ЖОМОКТОЙ ........ 248
КЕЧ БОЛБОСУН ........ 249
А. ОСМОНОВ ЖАНА МЕН ........ 250
МЕН СҮЙГӨН КАР... ........
ИЧИМДЕ ТОЛО СҮЙҮҮ ........

ЧИЙИЛГИЛЕ ДОСТУГУМАН ........ 251
ЖӨН ЭЛЕ ........ 252
СҮЙЛӨБӨЙМ, СҮЙЛӨБӨЙҮН ........ 252
ЭРКЕЛЕТЧИ ........ 253
МЕНДИК ЖҮРӨК ........ 254
МЕН КИММИН?... ........ 255
АЛЫСТЫК ЖАКШЫ ЭКЕН ........ 255
ТООНУН БООРУНДА ........ 256
НЕГЕ ЖОЛУКТУҢ ........ 257
МЕН ........ 258
ӨЗГӨДӨН МЭЭРИМ ИЗДЕПТИРМИН... ........ 260
БЕЛЕГИМ БОЛ ........ 261



**ОШ КАЙРЫКАРЫ**

*Редактору* З. Маметова
*Корректору* Б. Машаева
*Компьютерде калыптоочу* М. Кадыров

Кагаздын форматы 60x84 1/16.
Офсет кагазы. Көлөмү 17 басма табак.
Нускасы 200 даана.

«MirAs print» басмасы.
Бишкек ш., А. Абдумомунов к., 193.

Ордолуу Ош, басып өттү тарыхты,
Кимдер кетти, кимге берди жарыкты.
Күңгөй бетте, канча пенде жатышат,
Карап көрсөң, «Сулайман тоо» тагыңды

Бишкегимдин, оодорат го салмагын,
Талдап көрчү чыны менен жалганын.
Жери кенен, ортосунда «Ак Буура»
Айланасын, аралап көр тармагын.

